ГАПЫР МАДАМИНОВ МАМАТКУЛ УУЛУ

# АТА-ЭНЕЛЕР, СИЗДЕР ҮЧҮН

*(Эксперименталдык тажрыйбалардын негизинде жазылды)*
*Экинчи басылышы*

Бишкек – 2014



**Бул эмгегимди атам**
**Мадамин уулу Маматкулдун жана**
**энем Мадаминова (Абдуллаева) Курсанайдын**
**жаркын элестерине эстелик катары арнайм.**

ГАПЫР МАДАМИНОВ МАМАТКУЛ УУЛУ

# АТА-ЭНЕЛЕР, СИЗДЕР ҮЧҮН

(Эксперименталдык тажрыйбалардын негизинде жазылды)
Экинчи басылышы

Бишкек – 2014

УДК 37.0
ББК 74. 00
МВ

МВ Мадаминов Г.
Ата-энелер, сиздер үчүн (эксперименталдык тажрыйбалардын негизинде жазылды). - 2 бас. – Б.: 2014., – 108 б.

ISBN 978 - 9967 - 31 - 220 - 3

М 4303000000-14

УДК 37.0
ББК 74. 00

ISBN 978 - 9967 - 31 - 220 -3

© Г. Мадаминов, 2014.
© ЖЧК «Билим-компьютер», 2014

## КИРИШ СӨЗ ОРДУНА

*«Тарбиячы адам тап, пейли кенен,*
*Уул-кызың дени сак өсөт экен.*
*Билим берип адилет тарбияла,*
*Эки дүйнө бактылуу болот анда.*
*Уулдарга үйрөткүн жакшы сапат,*
*Жакшы иштеп бакыт да, байлык табат»*

Жусуп Баласагын

Урматтуу ата-энелер, жалпы эле ушул китептин окурмандары, бул китепти жазуудагы максатым – балдардын үй-бүлө тарбиясына ата-энелердин көңүлүн буруу жана айрым психолог, педагог окумуштуулардын илимий көз караштарына негизделген, №3-гимназияда эксперименталдык тажрыйбадан өткөрүлгөн ой пикир, сунуштарды сиздерге маалымдоо жана жеткирүү, ой бөлүшүү.

Дагы бир себеби, азыркы күндө көпчүлүк айыл жерлеринде балдар бакчалары иштебей калып, 1-класска келген окуучулар акыл-эси, ой жүгүртүүсү жагынан мектепке даяр эмес келүүдө. Бул балдардын 1-класста окуусунда кыйынчылык түзүп мугалимди жана ата-энесин бир топ кыйнап коюуда. Баарынан окуучтуусу мектепке даярдыксыз келген бала алгачкы күндөрдөн баштап сабакка жетишпей окуудан, билим алуудан, мектептен жадап баргысы келбей калат. Кийинчерээк жогорку класстарда да китеп окуу, жазуу, сүйлөө, ойлоо ж.б. окуу иш-аракеттерин аткарууда кыйналып начар окуган балдардын катарына кошулуп, басынып, чөгүп кетет. Бул өз кезегинде балада илим-билимди жек көрүүнү, кыжырданууну пайда кылат, өмүр бою жүрөгүндө из калтырат.

Мына буларга далил катары 1997-жылы гимназияда психологиялык тест негизинде 1-класска окуучуларды кабыл алуудагы бир-эки мисалды келтирем. Ж. аттуу окуучу ангеме учурунда үй-эмеректеринин, жаныбарлардын аттарын, аткарган милдеттерин айтып бере албады. Ал бакчада болгон эмес. Ата-энеси, ага-эжелери ал бала менен машыгып бакчанын ордун толтурууга аракет кылышкан эмес. Ата-энеси базар тиричилиги менен болуп, балага көңүл бура албаган. Натыйжада баланын сөз байлыгы өтө төмөн, акыл интеллекти талапка ылайык өстүрүлгөн эмес (акыл-эси жайында эле).

Сезүү, кабылдоо, ойлоонун элементардык ыкмалары калыптанбаган. Айлана-чөйрөдө көргөн, уккандарын байланыштырып, сүрөттөп айтып бере албайт. Кол манжалары калем, ручка кармап көргөн эмес, сүрөт тарталбайт, манжаларынын чийүү, жазуу үчүн реакциясы өөрчүгөн эмес.

Психологиялык эмоциялык өсүүдө да бир топ проблемалары бар. Түнттүк, тартынчаактык басымдуулук кылып аңгеме, суроо-жоопко ачык маанай менен эркин катыша албайт. Кызыгуу, таң калуу, суроо берүү калыптанбаган.

Аңгеме учурунда ал бала ата-энеси тарабынан бир да жомок, ыр, табышмак, жаңылмач укпагандыгын сездим.

Теңкур балдар менен эркин мамиледе болуудан да кыйналат. Көпчүлүккө аралашып өзүн эркин сезе албайт.

Бул бала 1-класста окуп жатып өтө кыйналаары, жогорку класстарда да окууга жетишүүсү жакшы боло бербеси көрүнүп турат.

Өкүнүчтүүсү айыл жеринде мындай окуучулар ого эле көп. Мындай кенемтеге албетте ал өзү күнөөлүү эмес. Ага бала бакчалардын иштебей калышы, иштесе да атайын билимдүү, өз кесибин сүйгөн тарбиячылардын жетишсиздиги бир себеп болсо, экинчиден үй-бүлөдө ата-энелердин бул маселеге көңүл бурбагандыгы дагы бир себеп деп ойлоймун.

Бирок ата-энелерди бир жактуу күнөөлөп да туура эмес, анткени алар бул иштин зарылдыгын, методикасын билишпейт.

Ошол себептүү ата-энелерге бир аз да болсо жардам болсун деп ушул китеп жазылды.

Мен ата-энелерге кайрылып: «Балаңызды тарбиялоо үчүн убактыңызды аябаңыз» – деп айтмакчымын. Айрыкча балаңыздын 1–6 жаш курагында, кабылдоосу, акыл-эси, сезими калыптана турган убакта убакытты аябастан балаңыз менен кеңири машыгууңузду суранам.

Сизге бул иште жардам бере турган өтө көп китептер бар. Мен бул китептин соңунда ошол адабияттарды да сунуш кылмакчымын. Ал эми азырынча, мына ушул колуңуздагы чакан колдонмо китеп жардам берет деп ишенемин.

* * *

Айыл жериндеги мектептердин дагы бир проблемасы бул, ата-эненин мектеп менен байланышынын начардыгы.

Ата-энелердин сабактарга катышуусу, мугалимдер менен байланышып аңгемелешүүсү, балдарынын билим-тарбиясындагы проблемаларын сурап билүүсү өтө төмөн. Чындыгын айт-

канда бир чейректе эмес, бир жылда да мектепке келип, сабактарга катышып, класс жетекчи менен сүйлөшүп, өз баласынын билим-тарбиясына кызыккан ата-энени сейрек жолуктурасың жана бул ойлондурат. Ата-энелер чогулушу болгондо, мектеп ачылганда же акыркы коңгуроодо гана келбесе, башка учурда атайылап баласынын билим тарбиясынан кабар алып, мугалим менен ой бөлүшүп, жардам берейин деп келген ата-энени дегеле жолуктурбайсың. Бул окуучунун билим алуусундагы жана тарбиясындагы бардык проблемалары үчүн мугалимдин жалгыз күнөөлөнүшүнө алып келүүдө жана балдардын билим, тарбия алуудагы проблемаларынын чечилишин татаалдаштырат.

Бул китепти жазуудагы дагы бир максат: ата-энелердин көңүлүн ушул маселелерге буруп, мектеп менен үй-бүлөнүн байланышын чыңдоого көмөктөшүү, **үй-бүлөгө бала тарбиясы маданиятын киргизүү**. Ошол максатта ата-энелерди мектепке тартуунун жолдорун издеп «Мыкты үй-бүлө», «Мыкты эне», «Мыкты сабак даярдоочу бөлмө» конкурстарынын жоболорун иштеп чыгып, сынактан өткөрдүк. Бул инновациялык конкурстар жөнүндө республикалык, областтык, райондук деңгээлде жакшы пикирлер айтылып, ал башка мектептерге жайылтылды.

Бул конкурстар жөн же көрсөтмө мероприятие эмес, ата-энелердин көңүлүн билим, маданият, үй-бүлөдө бала тарбиясына буруу жана бул багытта ийгиликке жетишкен ата-энелердин тажрыйбасын жайылтуу. Бул китепте ошол конкурстардын жобосу, өткөрүү тартиби жана тажрыйбасы сунуш кылынат.

1992-жылдан бери жүргүзүлүп келаткан эксперимент рамкасында ата-энелер менен иштөөгө өзгөчө маани берилип, 1997-жылдан баштап «Энелер мектебинин» жобосун иштеп чыгып, окуусун атайын программа негизинде уюштурдум. Себеби, бала бакча иштебеген айыл жеринде энелерге педагогикалык минимум билим берип, балдарды мектепке даярдоодо жардам берүүнү каалалык. Бул жобону жана программаны турмуш зарылчылыгына ылайык иштеп чыгып, балдары 1-класска келген энелер үчүн 10–15 күндүк атайын курс өткөрүп, сабак, лекция уюштурдум. Бул мектепте окуган энелердин уул-кыздары окуу тарбияда мыкты ийгиликтерге жетишкенин биздин гимназиядагы 4-класстын окуучулары далилдеди.

Жогорудагыларга негизденип бул китепте «Энелер мектебинин» жобосун жана аны өткөрүүнүн тартибин сунуш кылдым.

Гимназиядагы эксперименталдык иштер (1996-жылдан бери) айыл жериндеги окуучулардын адабий, илимий-популярдуу китептерди өтө аз окуурун, дүйнө кабылдоолору өтө тар, үстүртөн калыптанганын далилдеди. Өкүнүчтүүсү мына ушул проблемага ата-энелер да, мугалимдер да жеткиликтүү маани бере албай келе жатабыз. Мына ушунун өзү бүгүнкү окуучулардын билиминин тайкы, жан дүйнөсү жарды болуп, кругозорунун өспөй калуусуна себепчи болууда.

Мына ушуларды эске алып бул китепте окуучуларды үй-бүлөдө төмөнкү класстан баштап адабий китеп окууга кызыктыруу, кругозорун кеңейтүү, инсандык асыл сапаттарын өстүрүү боюнча ой-пикир, сунуштар айтылды. Үй-бүлөлүк китепкана түзүү боюнча усулдук сунуштар жазылды.

Балдар билим-тарбия жана маданиятты мугалимден алып, китептен окуп эле калыптанбайт. Үй-бүлө, ата-энени көрүп да калыптанат. Башкача айтканда «Сөз чакырат, үлгү ээрчитет» – деген макалда айтылгандай адамгерчиликтин, маданияттын үлгүсүн балдар үй-бүлөдөн да алат. Ошол максатта «Маданияттуу үй-бүлөнүн белгиси» аттуу усулдук сунушту жазып, сунуш кылдым.

Айыл жеринде баланын тарбиясы жөнүндө педагогикалык-психологиялык адабияттарды табуу кыйын. Табылса да орус тилинде болуп чыгат же адис эмес адам түшүнүп, кабылдоосуна кыйынчылык түзөт. Ошол себептүү бул китепте окумуштуулардын педагогика, психология боюнча айрым илимий көз караштарынан үзүндүлөрдү келтирдим. Аларды көңүл коюп, түшүнүп окуп чыккан ата-эне балдарын тарбиялоодо билгичтик менен пайдаланат деп ойлойм.

Орчундуу бир маселе балдардын үй-бүлөдө, көчөдө убакытты текке кетириши, баалай билбестиги. Ошол себептүү «Убакытты үнөмдүү пайдалануу» аттуу усулдук сунуштан да үзүндү келтирдим.

Эгер 1-класска келгенден баштап алар сабакта, сабактан тышкары учурларда билимдүү педагогдордун тарбиясында болсо, мектеп жашына чейин алар бала бакча иштебегендиктен көбүнчө өзү менен өзү болот. Көпчүлүк ата-энелердин мектепке чейинки балдарды тарбиялоого билими жана тарбиясы жетишпейт, жетишкени да маани бери і көңүл бурбайт. Ошол себептүү мен бул китепте көбүрөөк ата-энелерге балдарды мектепке чейин тарбиялоо жөнүндө ой-пикир сунуштарымды жаздым.

Китептин 1-басылышы чыккандан бери (2005-ж) 14 жылча болуп калды. Ата-энелердин суроолорун эске алып, 2-басылышын жазып, толуктап даярдадым. Анда жаны темалар:

1. Ата-эне болуу чоң жоопкерчилик.

2. Туура тарбия.

3. Балдарга кымбат баалуу телефон, машина зарылбы же мээримдүү мамиле, тарбия зарылбы?

4. Ата-эне, тарбиячы болууга даярдануу.

5. Балдар тарбиясы, мүнөзүндөгү каталар жана алардын себептери.

6. Тарбиянын баалуулугу.

7. Тарбиялуу адам (белгиси, касиети, сапаттары).

8. Тарбиянын жеке адам инсанга таасири.

9. Тарбияны бузуучу, алыстатуучу таасирлер.

10. Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо принциптери жана методдору.

11. Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоонун кээ бир методдору.

12. Үй-бүлөдө балдар тарбиясында амал кылуу зарыл болгон 17 эреже.

13. Ата-энелердин үй-бүлөдө балдар менен алып баруучу тарбиялык ангеме, сабак, иш-чараларынын болжолдуу программасы.

Албетте бул кичине китепчеде жогоруда айтылган проблемалар боюнча терен, ар тараптуу маалымат берүү кыйын. Ал мүмкүн да эмес, анткени ал проблемалардын ар бири бир китеп болууга татыктуу. Менин максатым бул китепте ата-эне, мугалимдерге ошол проблемаларды көрсөтүп, алар боюнча кыскача маалымат берип, аларды чечүүнүн айрым багыттарын көрсөтүү. Ал эми калганын келечек муундар айтып, жазышаар. Азырынча болсо балдарынын бүгүнкү тарбиясын жана келечегин ойлогон ата-эне бул китепти окуп чыгып, аталган проблемаларга көңүл буруп, чечүүгө аракет кылышар. Изденип мындан башка да атайын адабияттарды окуй башташат деп ойлойм. Өз баласынын тарбиясындагы кемчиликтерди байкап, билгичтик менен аны ондоого аракет кыла баштайт. Эгер бул кичине китепче ата-энелердин мына ушул иштерине түрткү болсо, демек бул кичинекей китепче өз максатына жеткен болот, – деп балдарыныздын тарбиясына ийгилик, келечекте жакшылык каалап

Г. МАДАМИНОВ

## ГАПЫР МАДАМИНОВДУН КИТЕБИНЕ ЖАЗЫЛГАН ПИКИР

*Ата-энелердин балдарды үй-бүлөдө тарбиялоосу жөнүндөгү маселе, бул темага А. Рудаки, Фирдоуси, Беруни, Омар Хайям, Жусуп Баласагын жана башка улуу даанышман окумуштуулар көңүл буруп келишкен. Бүгүнкү күндө бул маселе өз актуалдуулугун жоготкон жок.*

*Гапыр Мадаминовдун аталган китебинде:*

*1. Үй-бүлө тарбиясында балдардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу жөнүндө;*

*2. Үй-бүлөдө тарбиянын негизги багыттары жөнүндө;*

*3. Үй-бүлөдө балдарга сабак даярдоого шарт түзүү жөнүндө;*

*4. «Энелер мектеби»;*

*5. «Мыкты үй-бүлө» конкурсунун жобосу;*

*6. Үй-бүлөдө балдар менен «акылдуу» китептерди окуу талкуулоо жөнүндө;*

*7. Аганы көрүп ини өсөт, эжени көрүп сиңди өсөт;*

*8. Ата тарбиясы;*

*9. Мугалим, мектеп, китеп, билим жөнүндө балдар менен үй-бүлөдө аңгемелешүү;*

*10. Үй-бүлөдө адабий китеп жөнүндө аңгемелешүү, балдарды китепкөйлүккө тарбиялоо;*

*11. Балдарыңыз сиздин келечегиңиз;*

*12. Таланттуу окуучулардын ата-энелери үчүн кыскача усулдук сунуш;*

*13. Балдарды мектепке даярдоо;*

*14. Үй-бүлөдө окуучулардын сабакка даярдануусун контролдоо жөнүндө ж.б. мына ушул түбөлүктүү маселеге арналган.*

*Бул китеп мектеп жетекчилери, ата-энелер жана педагогдор үчүн кызмат кылат деп ойлоймун.*

Педагогика илимдеринин доктору,
Ходжент университетинин профессору
Худайназар ЖОННАЗАРОВ

## ҮЙ-БҮЛӨ ТАРБИЯСЫНДА БАЛДАРДЫН ЖАШ КУРАК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮН ЭСКЕ АЛУУ ЖӨНҮНДӨ

Ата-энелер балдарын, дени таза, билимге интызар, адамгерчиликтүү Инсан кылып өстүрүүсү үчүн алардын жаш курактык өзгөчөлүктөрүн, психологиялык, физиологиялык өсүү закон ченемдүүлүктөрүн билүүсү, аны тарбия процессинде эске алып, пайдалануусу өтө зарыл.

Ар бир ата-эне чындыгында өз балдары үчүн биринчи жана түбөлүктүү тарбиячы, педагог болуп саналат. «Баланы окутуудан мурун аны ар тараптуу билүү, үйрөнүү керек», – деп улуу педагог К. Д. Ушинский айтып кеткен.

Албетте, айрымдар аны мектепте мугалимдер билүүсү зарыл деп айтышы мүмкүн. Бул да туура. Бирок окуучу билим-тарбияны мектептен эле албайт да (мектепте 1 күндө 5–6 саат болот, калган 18–19 саатын үй-бүлөсүндө өткөрөт.) Бала үй-бүлөдөн, жада калса көчөдөн да таалим-тарбиялык, таасир алат. Ошол себептүү урматтуу ата-энелер, Сиздер, балдарыңыздын жаш-курактык өзгөчөлүктөрүн үйрөнүү, туура тарбиялоо үчүн буларды пайдалануунуз зарыл деп ойлоймун.

Албетте булар жөнүндө илимий-педагогикалык китептер көп жазылган. Бирок мен бул китепчеде, ата-энелерге, айрыкча айылдык ата- энелерге кыскача, жалпыланган маалыматтарды айтып өтмөкчүмүн.

Кызыккан ата-энелер атайын илимий адабияттардан терендетип үйрөнүп алышса эң жакшы болот.

Бул жөнүндө жазуумдун дагы бир себеби, эгер мен жазгандар алынып, балдарды тарбиялоодо үй-бүлөдөн, мектепке чейин башталса, бала мектепте эң жакшы окуп, мыкты инсан болуп өсүп чыгаарын тажрыйба көрсөтүүдө.

**1. Жаңы төрөлгөн бала: (1-2 айга чейинки мезгил).**

Бул мезгилдеги негизги тарбиялык милдет баланын дене боюнун өсүүсү, ден-соолугу жөнүндө камкордук көрүү, туура тамактандыруу (эне сүтүнө 1,5 жашка чейин тойгузуу), ден-соолугун чыңдоочу процедураларды уюштуруу.

Бул мезгилден баштап (1–2 ай) бала акырындап айлана-чөйрөнү сезүү, туюу органдары аркылуу андай баштайт. Ошондуктан ушул мезгилден баштап сезүү органдарынын (көзү, кулак, тери ж.б.) туура калыптануусу, аракеттенүүсү үчүн шарт түзүү зарыл. Бул нерв системасынын, мээнин өсүүсүнө алгачкы түрткү болот.

**2. 1-2-3 айдан – 1 жашка чейинки балдарда төмөнкү өзгөчөлүктөр байкалат.**

Башын түз кармап, олтуруп, жөрмөлөй баштайт. Кыймылы бир топ багыттуу боло баштайт. Предметтерди алгачкы кабылдоо, кармап туюу сезимдери ойгоно баштайт. Алгачкы кадамын таштайт.

Эң негизги жанылык – сүйлөө (речь) элементтери пайда болот жана бала бул табылгасы аркылуу айлана-чөйрө менен байланышка чыгууга аракет жасайт.

1 жашка толуу процессинде сүйлөө речи калыптанат. Оюнчук, буюмдарды кармап ойноо, чоңдор менен байланышка чыгуу балага тарбиялык милдети – баланын сүйлөө речин өстүрүү. Ал өзүнөн-өзү өспөйт. Ал тышкы таасир, байланыш, ата-эне, ага-эжелеринин мамилеге чыгуусу менен өсүп калыптанат, байыйт.

Мектепке барганда сүйлөй албай кыйналган балдардын көп себебинин бири, дал мына ушул (1-3 жаш) мезгилде балага көңүл буруусу зарыл.

Тарбия туура уюштурулса (3 жашында мүчө улап сүйлөп калат.) бул мезгилде баланын мүнөзүнүн негизги белгилери да калыптана баштайт. Чоңдор менен болгон мамиледе алгачкы моралдык нормаларды өздөштүрө баштайт.

Кыймыл-аракетте, жүрүш-турушта өз алдынчалыкка, демилгелүүлүккө, эрктүүлүккө, эмгекти сүйүүгө алгачкы багыт берүү да зарыл. Ата-эненин «сокур мээримдүүлүгү» баланын жогорудагы жакшы сапаттарын басып коюшу да мүмкүн. Анткени ыкшоолук, жалкоолук, айрыкча эркелик ж.б. терс сапаттар ушул мезгилде пайда болот.

Бул мезгилдеги ата-эненин негизги милдети: «бала менен ымала түзүүгө жетишүү, ага таанып-билүүнүн ар түрдүү формаларын үйрөтүү» болуп саналат. Бул куракта ар бир бала личность (Инсан) болуп калыптана баштайт. Чоңдор үчүн мүнөздүү көпчүлүк сапаттар пайда болот. Ошол себептүү көпчүлүк психологдор адамдын төрөлгөндөн чоңойгонго чейинки өмүр жолунун ортосу 3 (үч) жаш деп эсептешет.

**3. Мектепке чейинки курак: 3-6-7 жашка чейинки мезгил.**

Бул мезгилде сезүү органдарынын ишмердүүлүгү элес, кыял, ойлоо, эс, сүйлөө речинин өсүүсү бардыгы – дүйнөнү таанып-билүүнүн сезимдик баскычына алып келет.

Логикалуу ойлоо элементтери интенсивдүү калыптанып, абстрактуу ой жүгүртүү элементтери пайда болот. Көрүү курчтугу, түстүн белгилерин ажыратуу, үндү ажыратуу кудурети

өсөт. Баланын колу активдүү сезүү органдарына айланат. Көрүү, кабыл алуусунун (чоң-кичине) өсүүсүнө жөнөкөй үй-тиричилик эмгеги, апликация, сүрөт чийүү, конструкциялоо жакшы таасир берет.

Бул мезгилде мектеп жашына чейинки баланын кабыл алуу процесси менен бирге ойлоо процесси да өнүгөт. Бул курактагы балдарда ойлоо предметтик аракеттин деңгээлинде жүрөт. Алынган практикалык тажрыйбаны башка кырдаалдарга алып өтүүгө жөндөмдүү боло баштайт. Балдар турмуштук кырдаалды (ситуация) көрсөтмө аракет (наглядное действие), көрсөтмө образ жана логикалык жол менен чечет. (Курак жана педагогикалык психология. Стр. Ош-95).

Балага айлана-чөйрөдө көргөндөрүн (өсүмдүктөр түрлөрүн, жаныбарларды, канаттууларды ж.б.) түшүндүрүп айтып берсе, көрсөтсө аны оңой эстеп калат.

Бул курак баланын инсан катары (личность) ар тараптуу өсүү жана калыптануусунун башталыш мезгили. Ошол себептүү бул мезгилде үй-бүлөдө баланын дене-бою, акылы, адеп-ахлагы, эмгек жана эстетикалык тарбиясына ата-энелер өзгөчө көңүл буруусу зарыл.

Бул курак баланы мектепке интеллектуалдык, моралдык, психологиялык жактан даярдоо мезгили десек болот. Көпчүлүк ата-энелердин балдары бала бакчага барбагандыктан алардын тарбиясы да үй-бүлө менен гана чектелип калган. Демек көп мүчүлүштүктөр кеткен. Алар мектепте да кыйналышат. Окуудан артта калат жана мектепте андан кийин да бүт өмүрүнө, турмушуна терс таасири тийиши мүмкүн.

Ошондуктан, ата-эне үй-бүлөдө бала тарбиясына өзгөчө жоопкерчилик, акылмандуулук менен, билбесе сурап, окуп, үйрөнүп мамиле кылуусу керек деп ойлоймун.

Акыл-эсти тарбиялап өстүрүүдө табигатты байкоо, жомокторду, аңгемелерди окуп, кызыктуу айтып берүү менен геометриялык фигураларды тааныштыруу, кыймылдуу, ойлонтуруучу оюндарды ойноо, балдардын чыгармачылык иштерин уюштуруу эң жакшы жардам берет. Эң башкысы бала өзү аракеттенсин, ойлонсун, тапсын.

Бул мезгилде баланын адеп-ахлактык сезимдери калыптана баштайт жана ошонун негизинде туура тарбия уюштурулса жөнөкөйлүк, мээримдүүлүк, ак көңүлдүүлүк ж.б. жакшы сапаттар калыптана баштайт.

Бул мезгилде баланын ишмердүүлүгүнүн негизги түрү – оюн. Оюн баланын кызыгуусун жана керектөөсүн канаттандыруу-

нун, ар тараптуу (акыл- эс, дене-бой, адеп-ахлак ж.б.) өсүүнүн башкы каражаты болуп саналат.

Ата-эненин милдети баланын ар тараптуу туура өсүүсүн камсыз кылуу, түрдүү оюндарды таап үйрөнүүсүн да уюштуруу.

Адеп-ахлактын, эмгек жана эстетикалык тарбияга да өзгөчө көңүл буруу зарыл (булар жөнүндө жалпы атайын темада кыскача айтылат).

Эмгекке тарбиялоодо баланын өзүн-өзү тейлөөсүн (кийим кийүү, тамактануу, идиш-аякты тазалоо, бөлмөнү жыйноо, короону тазалоо, малдарга чөп салуу ж. б.) уюштуруунун да ролу чоң.

5–6 жаш – бул баланы түздөн-түз мектепке окууга даярдоо, тарбиялоо мезгили. Мектепте системалуу билим алуу баладан акыл-эс, тарбиялык жактан белгилүү даярдыкты талап кылат.

Алардын ичинен ата-энелер өзгөчө көңүл буруучу зарыл сапаттар: өзүн-өзү башкара билүү, тырышчаактык, эмгекти сүйүү жана тапшырылган ишти аткарууга эрки жана каалоосунун жетишүүсү, ой-жүгүртүүсүнүн логикалуулугу, дүйнөнү таанып билүүгө, билим алууга кызыгуусу. Ата-энелер атайын адабияттардан окуп, үйрөнүп, зарыл болсо педагог тарбиячылардан консультация алып, изденип мына ушул сапаттарды балдарына жеткирүүсү зарыл.

Мына ошондо бала да, мугалим да, ата-эне да бала мектепке барганда кыйналышпайт. Бул анчалык кыйын деле эмес, бар болгону бул маселеге кызыгып, жоопкерчилик менен көңүл буруу гана керек.

**4. Кич" (кенже) мектептик курак: 6-7-10 жаш.**

Балдар мектепке өтө кызыгуу, умтулуу, толкундануу менен барат. Мугалим да, ата-эне да ошол мезгилде балдардын психологиялык, физиологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алып мектепте, үй-бүлөдө билим тарбия алуусун уюштурса жакшы натыйжага жетишүү менен баланын кызыгуусун, умтулуусун сактап калып, аны андан ары терендете, өстүрө алат.

6–7 жаштагы балдардын дене түзүлүштөрү калыптана элек болот. Алар ийилчээк келишет. Ошол себептүү мугалим мектепте, ата-эне үйдө бала отуруучу стол, стулдарды ж.б. ага ылайыктап даярдоосу зарыл.

Бул мезгилде (айрыкча 7 жаштан кийин) баланын баш мээсинин салмагы кескин жогорулап чоң кишилердин мээсинин салмагына жакындайт (1300 гр.)

7 жашта баланын мээсинин мандай бөлүгү тез өөрчүп жетилүүсү аяктайт. Ошол себептүү бала максаттуу, пландуу аракеттерди аткаруу мүмкүнчүлүгүнө жетишет.

Балдардын манжаларынын, муундарынын бекемделиши да тездейт. (9–11 жашка чейин). Ошол себептүү жазуу иштерин кыйынчылык менен аткарып, багыт берүүгө, жардамга муктаж болот. Тез эле манжалары чарчап калат. Андыктан көп чарчатпай, тажатпай жаздырууга маани берүү керек.

Бул мезгилде балдар айлана-чөйрөнү кызыгуу, кунт коюу менен бирге образдуу кабылдоо башталат. Бирок, кабыл алуусу кээде эрксиз мүнөздө да болушу мүмкүн. Ошол себептүү мугалим да, ата-эне да бир нерсени үйрөткөндө албетте көрсөтмөлүү жасоосу, тез-тез ишмердүүлүгү алмаштырып туруусу зарыл.

Окутуу, жазуу, ойноону тез-тез алмаштырып, кезектештирип туруу зарыл. Бул жаштагы балдарда башкаларды тууроо, окшошууга аракет күчтүү болот. Ошол үчүн ата-эненин, мугалимдин өзүн алып жүрүү маданияты үлгүлүү болуусу зарыл. Бул мезгилдин артыкчылыгы бала башка курактагыларга салыштырмалуу мугалимдин талабын каяшасыз аткарат. Ишенчээк, ээрчиме болушат. Берилген тапшырманы керек, керек эместигине карабай аткарууга аракеттенишет, тартиптүү, өз алдынчалыгы чектелүү инсан. Үй-бүлөдө ата-эне да, мектепте мугалим да бул артыкчылыкты туура, жакшы пайдаланса баланын келечегине жакшы болот.

Бул жаштагы кыйынчылыктын бир түрү, бала дүйнөнү сезимдик таанып билүүдөн абстрактуу таанып билүүгө өтө баштайт. Өзгөчө 1-класстын окуучулары үчүн бул бир топ кыйынчылыкты пайда кылат. Ошол себептүү бир нерсени айтуу, түшүндүрүү көрсөтмөлүү, элестүү болуусу максатка ылайыктуу.

Манжалардын назик кыймылы үчүн жасалуучу көнүгүүлөр балдардын мээсинин речь (кеп) функциясынын жооп берүүчү бөлүгүн калыптандыруу, өстүрүүгө жардам берет.

Эгер бала мектепке келгенден баштап сабактан кыйнала баштаса аны ата-эненин тарбиясынын кемчилиги деп түшүндүрүү керек. Эгер окуу, жазуудан кыйналганы менен ал үйбүлөдө аракетчилдикке, эмгекти сүйүүгө, тырышчаактыкка, окууга кызыгууга, жоопкерчиликке тарбияланган болсо, анда мугалимдин устаттыгы менен билим алуудагы проблемаларын оңой эле чечип, окууга жетишип кетет.

Кенже мектептик курак – бул баланын личность (инсан) катары калыптандыруунун жооптуу мезгили. Ал эми бул иштин негизги өбөлгөсү акыл-эс, адеп-ахлак, эмгек, эстетикалык жана дене бой тарбиясын билгичтик менен айкалыштырып алып баруу.

**5. Өспүрүм курак: 11–15 жаш (13–16 жаш).**

Бул курак балалыктан чоңдор катарына өтүү курагы. Бул куракты аты да өсүү, чоноюу, жетилүү, алдыга жылуу дегенди билдирет.

Субъективдүү өспүрүм өзүн чоң кишидей эсептейт, бирок ал азырынча өспүрүм. Чоңдор да аларга ошондой мамиле жасашат. Бала бул мезгилде тез өсөт, дене-бою чыңалат, ал өзүнөн чоң адамдын күчүн сезет. Органдарынын гармониялуу өсүүсүндө диспропорция болот. Ошол себептүү кээде ал ачуулуу, ой-кыялы чачыранды, ишмердүүлүгү кээде төмөн болот.

Жыныстык жетилүү белгилери башталат. Өспүрүмдөрдүн жүрөгүнүн көлөмү өтө тез жетилет. Жүрөк өтө кубаттуу, күчтүү иштейт; кан тамырдын диаметринин өсүүсү жүрөктүн өсүүсүнөн кескин түрдө артта калат. Мындай абал кандын эркин айланусуна тоскоолдук кылат. Кан басымы күчөйт. Жүрөктүн иш-аракети начарлайт. Ушул себептен жаш өспүрүмдөрдө баш айлануу, жүрөктүн катуу кагуулары, баш оорулар, тез чарчап каалуулар көп кездешет. Алар орой, чын тийбес келишет.

Өспүрүмдөрдүн нерв системалары сырттан келген дүүлүктүргүчтөргө бирдей жооп бере албайт. Мындай абал окуу-тарбия иштерине тескери таасирин тийгизет.

Өспүрүм өзүнүн ички дүйнөсү, сезими, ойлору менен жашай баштайт. Бул мезгилде ата-эне чоңдордун өспүрүмдү түшүнүп мамиле жасоосу, жардам берүүсү, анын сезимин, ойлорун урматтап, туура багыт берүүсү зарыл. Алар үчүн жолдошторунун пикири ата-эне, мугалимдеринин пикиринен да маанилүү боло баштайт.

Чоңдор менен конфликттер болуп калышы мүмкүн. Ошол себептүү бул мезгилде балдарга билгичтик, акылмандык менен мамиле кылуу талап кылынат.

Урматты талап менен айкалыштыруу зарыл.

Өспүрүмдөрдүн окууга кээде пайдалуу мамиле кылуусу да байкалат. Эгер ата-эне мугалимдер менен байланышып, туура багыт берип, билим алууга кызыктыра алса, туура талап койулса, бул проблеманы жакшы чечсе болот.

Ал үчүн балага тарбиялык таасир берүү анын оюна, сезимине, максат-тилектерине дал келүүсү максатка ылайыктуу.

Өспүрүмгө туура багыт берилсе өз үстүнөн өзү иштейт, өзүнүн сапаттарын өзү өркүндөтөт, чоңдор менен макулдашат, өз алдынча билим алуунун жолдорун, методдорун билүүгө жана пайдаланууга аракеттенет.

Алардын илимий, көркөм эстетикалык кызыгуулары пайда боло баштайт. Ата-энелердин милдети, өспүрүм кездин мына ушул артыкчылыктарын билгичтик менен пайдалана билүүсүндө. Анын кызыгуусун, аракетин, дараметин жолдор, ыкмалар аркылуу бекемдеп, өстүрүүдө болуп саналат.

Алардын түрдүү ийримдерге, спорттук машыгууларга, үй иштеринде жардамга тартуу пайдалуу.

Өспүрүмдөр көз карашты, иш-аракетти түшүндүрбөй анын ой-пикирин эске албай, чоочун ойлордун таңууланышын жактырышпайт жана чоңдор менен мындай учурларда конфликтке баруусу мүмкүн.

**6. Эрте жигиттик курак: 15–18 жаш (17–21 жаш).**

Бул мезгилде организмдин анатомиялык-физиологиялык жетилүүсү негизинен аяктайт. Бул (мезгил) жаш – балдардын өзүн-өзү тарбиялоо, өз алдынча билим алуу, өзүн-өзү өстүрүүгө кызыккан мезгили.

Кесипке, келечекке, турмушка аң-сезимдүү, кызыгып мамиле кылган учуру болот. Турмуштук позициясы, моралдык-этикалык дүйнө таанымы ынаным менен, адамдарга мамилеси, моралдык-этикалык нормалар менен аныктала башталат.

Илим-билимге, адабиятка, искусствого кызыгуусу, керектөөсү өсөт. Ата-эне, мугалимдер жигит кездин мына ушул артыкчылыктарын туура пайдаланышса бул мезгилдеги жаштарды эң жакшы тарбияланып, инсан болуп жетилүүсүнө мүмкүнчүлүк түзө алышат.

## ЖИГИТТЕРДИН АНАТОМИЯЛЫК – ФИЗИОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Жигит жашындагы балдардын денесинин өнүгүүсү чоң кишилердин физиологиялык өзгөчөлүктөрүнөн көп айырмаланбайт. Булчун эттеринин күчтөрү өтө тез жетилет. Булчун эттеринин салмагы өсөт. 18 жаштагы жигиттин булчуң салмагы анын денесинин жалпы массасына салыштырмалуу орточо 44% ти, ал эми өспүрүмдөрдүкү 32% ти түзөт.

Ошондой эле булчун эттеринин күчтөрү кескин өнүгөт. 15 жаштагы эркек баланын булчуң күчү 57,1 кг. ды түзсө, ошол эле жаштагы кыз баланын булчуң күчү 35,6 кг. ды түзөт.

Көкүрөк клеткаларынын өнүгүү көлөмү кескин түрдө жогорулайт, сөөктөрү катат. Жүрөктүн көлөмүнүн өнүгүүсү менен кан тамырлардын диаметринин өсүүсүнүн ортосундагы айырма жоголот. Кан басымынын кагуу ритмдери такталат.

## ЖАШ КУРАК КАРТАСЫ

| Курактык кездер | Негизги ишмердик | Психикалык жаңылыктын калыптануусу |
|---|---|---|
| Наристе бала (0–3) | Түздөн-түз эмоциялык мамиледе болуу, предметтик манипуляциялык иш-аракеттер. | Ымала, эмоциялык мамилеге муктаждык, ой жүгүртүүнүн кеңейиши, түз жүрүүгө ээ боло баштайт. Ар бир предметке белгилүү бир мааниси бар, колдонула турган нерсе катары мамиле кылуу ж.б. «Бул эмне?», «Бул эмне үчүн колдонулат?», деген багыттардын өсүшү. |
| Мектепке чейинки курак (3–6 жаш) | Ролдук оюндар | Коомдук маанилүү жана коомдук баалана турган ишмердикке муктаждык пайда болот.<br>Өзүн-өзү баалоо жана далалат кылуу кеңейет. Оюн поцессине кызыгууга байланышкан психикалык процесстерде жана жүрүш-туруш мотивдеринде ыктыярдуулуктун көбөйүшү. Кичи чөйрөнүн мамилеси жана көбөйүшү. Балалык жалпылыктын пайда болушу. |
| Баштапгыч мектеп курагы (6–10 жаш) | Окуу | Аракеттин ички планы пайда болушу, эркиндиги, жүрүш-туруш жана ишмердиктин туруктуу формалары калыптанат. Бардыгын таанып билүүгө жаңы мамилеси пайда болот. Окуучулук жаңы позициялар калыптанат жана коомдук багыттануу кеңейет. Мүнөздүн алгачкы калыптанышы. |
| Мектептик орто курак (14–15 жаш) | Коомдук пайдалуу ишмердүүлүк жана окуудагы жекече личносттук коомдук мамилелешүү | Өзүн чоң сезүү сезими, өз алдынча болууга умтулуу. Ой-жүгүртүүнүн [illegible], рефлекстерге ыңгайлашуу, өзүн-өзү анализдөөнүн калыптанышы.<br>Ымалага умтулуу, инсандык жетишкендиктер катары жолдоштук мамилелерди баалоо.<br>Курактык өсүүнүн кыйынчылыгы жыныстык жетилүү, карама-каршы жыныска кызыгуу, көзгөлуучулуктун жогорулашы, маанайдын өзгөрүшү, тең салмаксыздык, эрктик касиеттердин кеңейиши... Ымалага муктаждык, инсандык маанидеги ишмердүүлүккө умтулуу. |
| Окуучу курак (15–17 жаш) | Билим кесиптик ишмердик (баалуу багыттык) | Инсандык интенсивдүү формасы (баалоо, принциптер, идеал, ишендирүү). Өзүн-өзү башкарууга билүүгө, аныктоого умтулуу. Ондорго сынчылдык менен мамиле кылуу. Философиялык-романтикалык курак. Психологиялык-сексуалдык багыт алуу. Граждандык укуктар жана милдеттер. |

(«Справочная книга школьного психолога» автор Овчарова, 51 стр.)

Жыныстык жактан өнүгүү жогорку жетилүү точкасына жетет. Балдар менен кыздардын ортосундагы мамиле активдешет.

Жигиттерде окууга болгон мамиле жалпысынан жогорулайт. Өз алдынча турмушка даярдануу, өзүн-өзү таанып-билүү мотивдери окуучуларды билим алууга түртөт. Окуучунун окууга болгон мотивациялык сферасы – элге пайда келтирүү, коомдо тең укуктуу адам болуу ж.б. түзөт.

Жигиттердин окууга болгон эрктүү мотиви биринчи орунга чыгат. Окууга аң-сезимдүү максат коюшат.Өздөрүнүн ички жүрүш-туруштарын башкара алышат. Окууга болгон мамилелерин аныкташат, эмне үчүн окуу керектигинин себептерин билишет. Өзүн-өзү баалоо жогорку өнүккөндүктөн окууга тоскоолдук кылуучу себептерди (жалкоолук, эринчээктик) жакшы билишет.

Жигиттер өспүрүмдөрдөй эле түшүнүктөрдүн деңгээлинде ойлоо операцияларын, логикалык жаттоо жолдорун толук колдонушат. Бирок аларда айрым айырмачылыктар кездешет.

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ ТАРБИЯНЫН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ

Ата-энелер үй-бүлөдө балдарынын тарбиясына астейдил көңүл буруп, убакыт ажыратып киришсе, ошондо балдары жаш кезинен ар тараптан төп келишкен адам болуп чоңоёт.

Ал үчүн эрте жаштан бала тарбиясында төмөнкү багыттарга көңүл буруусу зарыл:

### Дене тарбиясы

Чындыгында баланын акыл-эси, адеби, жөндөмдүүлүгү, жалпы эле адамдык сапаттары алгач анын ден-соолугуна толук көз каранды болот.

Дайыма өз убагында калориялуу, витаминдүү тамактанып, гимнастикалык көнүгүүлөрдү системалуу жасоо өнөкөткө айланса, спортту сүйүп, өз убагында (кээлер спорт деп өтө эле көп убакытын кетирип коёт) машыгып турса баланын ден соолугу чын болуп өсөт.

Ата-эне мүмкүн болсо, бул иште да үлгү көрсөтүп, гимнастика, спорт үчүн зарыл буюмдарды (гантель, топ ж.б.) алып же жасатып берсе жакшы болот. Бирок буга чектен артыкча берилип кетип, билим алуу, кругозорду өстүрүү, адабий китеп окуу үчүн зарыл убакыты ушуга кетип калуусунан сак болуу зарыл. (Андайлар өтө көп).

## Акыл-эс тарбиясы

Сезимин өстүрүп, акыл-эс тарбиясына маани берүү. Акыл-эс тарбиясынын негизги максаты баланын ой чабытын өстүрүү, сезимталдык, зиректик, тапкычтык, анализдеп, салыштырып айырмалап, окшоштуруп корутунду чыгара билүүгө үйрөтүү.

Балада эрте жаштан баштап өзүн айлана-чөйрөнү, табигатты байкоо, баалоо, таң калуу, эстеп калуу ж.б. сапаттарды өстүрүүгө маани берүү, бул багытта атайын машыгуу жүргүзүү максатка ылайыктуу. Балдардын мектепте ийгиликтүү окуусу, келечекте ишмердүүлүктүн бардык чөйрөсүндө акыл-эс чечүүчү мааниге ээ болгондугун эске алып, бул китепте акыл-эс тарбиясы, мектеп, китепке, билимге, кызыктыруу маселесине көбүрөөк орун бердим (өзүнчө кенири сөз болот).

## Адептик тарбия

Ата-эне балдарды саламдашуудан баштап, бардык адамдык жакшы сапатка, ыймандуулукка, кайрымдуу, мээримдүүлүккө, берешен-марттыкка ж.б. асыл сапаттарга тарбиялап, машыктырып баруусу зарыл.

Себеби, мен педагогикалык тажрыйбамда эң мыкты билимдүү окуучу, спортсмен, бирок адептик, инсандык сапаты төмөн болгон окуучуларды көрүп байкап жүрөм. (Мис: алар эгоист-өзүмчүл, орой, кекирейген ж.б. болушат).

*«Улуттук эң кымбат байлык анын ыймандык, адептик сапаты»* деп улуу жазуучу Н.Г. Чернышевский жазгандай, ар бир адамдын да эң кымбат сапаты – анын ыйманы. Бул жөнүндө үй-бүлөдө эрте жаштан балдарга үлгү, мисал менен түшүндүрүп, тарбиялап баруу зарыл.

Балдарды уялуу, ийменүү, ыраазы болуу, ыраазы кылуу, рахмат айтуу, кечирим суроо, өзүн, башкаларды сыйлоо, түшүнүү жана башка асыл сапаттарга эрте жаштан тарбиялабасак кийинчерээк кеч болуп калаарын биз педагогикалык тажрыйбадан көрүүдөбүз.

Көпчүлүк ата-эне, өзүбүз да адеп тарбиясы десе, балдарды салам айтууга, чоңдорду сиз деп урматтоого жана башкаларга чакырып эле чектелип калат экенбиз.

Ал эми чындап көңүл бурсак, адеп тарбиясы бул бир топ терең жана кең түшүнүк. Анын негизги өзөгүн – баланы адамгерчиликке, ар-намыска, мээримдүүлүккө, чынчыл-адилеттүүлүккө, маданияттуулукка тарбиялоо түзөт.

## Эмгек тарбиясы

Турмуш-тиричиликке машыктырып тарбиялоо. Эмгек балдардын ден-соолугун бекемдеп, чыгармачылык сезимдерин козгоп, адамды калыптандыруучу чоң ролду ойнойт.

Мектепке чейинки жаштан баштап балдарды үй-тиричилигинде эң жөнөкөй жумуштарды (зордоп, кыйнабай) аткарууга үйрөтүүнүн мааниси чоң.

Ф. Энгельстин «Эмгек адамды жаратты» – деп айтканын эске алсак, ата-энелер бул маселеге көңүл бурuусу зарылдыгы дагы бир ирет түшүнүктүү болот.

Туура уюштурулган эмгек процессинде жогорудагылардан тышкары балдардын эрки, чыдамкайлыгы тарбияланып, тапкычтыгы өсөт.

И.Д. Ушинский эмгектин эки касиетин белгилеп кеткен:

1. Эмгектин натыйжасы – байлык,

2. Эмгектин адамды өстүрүүчү кудурети.

Бизде, айыл жеринде албетте балдар талаа жумуштарына аралашып өсөт. Ата-энеси үчүн чоң жардамчы күч. Бирок ошондой болсо да үй-бүлөдө өзүн-өзү тейлөө, бөлмө, короону, бакты жыйнаштыруу, иретке келтирүү, жууп-тазалоо жана башка жумуштарды системалуу жасап үйрөнүү, ошол жасаган ишинен ырахат алууга тарбиялоого баардык эле ата-эне маани бербейт.

Бизде балдардын үй-бүлөдөгү эмгегинде эки начар касиет бар:

1. Балдарды өтө көп жумушка тартып, адабий китеп окуусу, ойноп-көңүл ачуусуна дээрлик убакыт калтырбайбыз. Бул баланы жүдөтүп, басынтып, бир тараптуу өсүп калуусуна чоң себеп болот.

2. Балдарга түк жумуш аткартпай, аларды бош коюп, эркелетип, ак-кол кылып өстүрүү.

Булар жакшы окуганы менен, кийинчерээк эмгекке жийиркенип мамиле жасап, төрөпейил, кекирейген адам болуп чоңоюшат жана эмгектин, эмгекчил адамдын, турмуштун кадыр баркын билишпейт. Мына ушул эки каталыктан сак болуу зарыл.

## Эстетикалык тарбия

Үй-бүлөдө балдарды эс тарта баштаганда, айрыкча мектепке даярдоо (5–7) мезгилинде айлана-чөйрөдө сулуулукту сезүү, көрүү, аны баалоо, ошол сулуулукка суктануу касиеттери пайда боло баштайт.

Баланы куурчак-оюнчуктары, бактагы гүл, дарак, кызарып бышкан алма, жүзүм жана башкалар менен тааныштырып анын өңү-түсүн, сымбатын айтып балага түшүндүрүп баруу кызыктуу жана пайдалуу болот.

Ата-эне үй-бүлөдө балдарга үлгү көрсөтүп, кийингенде, иштегенде, башкалар менен мамиле түзүүдө улуу касиеттерин сакташса балага жакшы таасир калтырышат.

Эстетикалык тарбия берүүдө баланын туюу, кабыл алуу, сулуулукка суктануу, сулуулукту жаратуу, коргоо маданиятын өркүндөтүүдөн баштоо керек.

Бул жумуш оюн, эс алуу, саякат, үй-тиричилик жумушу мезгилинде эң сонун ишке ашат. Оюнчуктарын, эмгек куралдарын, китебин аспиеттеп сактай башташса, бул демек балада туура түшүнүк тарбиялана баштаганы. Жарашыктуу, таза кийинип, дене-боюн сымбаттуу алып жүрүүгө үйрөтүүнүн да мааниси чоң.

Мектепте айрым окуучулардын кийимдери ыплас, китеби жыртык, бут кийими тазаланбаган жана башка абалда көрүп, бул окуучу үй-бүлөдө да тазалык, сулуулукка жеткиликтүү тарбияланбаганына капаланып кетсин. Балдар үйдө ар дайым таза, иреттүү жайланыштырылган бөлмөдө өссө, таза кийим-кече, идиш-аяктарды көрүп, ошого үйрөнүшсө, кийин мектеп, турмушта да ошондой болот.

Эстетикалык тарбия туура багытталса балдардын жан дүйнөсүн байытып, дилгирлентип, өсүп өнүгүүгө шыктандырат. Бул багытта ыр-музыка угуу, музыкалык аспаптарда ойноого үйрөнүү, кооз бийлөө, сүрөт тартуу ж.б. да ролу чоң.

Үй-бүлөдө башталган адеп-ахлак тарбиясы кийин мектепте толукталып терендетилип улантылат.

Албетте тарбиянын мындан башка да багыттары көп. Бирок, мен үй-бүлөдө ата-энелерге эң зарыл болгондорун кыскача айтып өттүм. Тарбиянын калган багыттары да мына ушулардан өсүп чыгат. Анын үстүнө, мектепте окуган окуучуларга тарбиянын башка багыттары мугалимдер тарабынан жүргүзүлөт. Ал өзүнчө сөз козгоого арзырлык маселе.

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАРГА САБАК ДАЯРДООГО ШАРТ ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Үй-бүлөдө балдардын жакшы окуусу үчүн кам көрүү, атайын сабак даярдоочу бөлмө түзүп берүүнүн мааниси чоң экендигин эске алып, атайын «Мыкты сабак даярдоочу бөлмө» конкурсун уюштурдук.

Бул конкурсту уюштуруунун дагы бир себеби, айыл жеринде көпчүлүк ата-эне бул маселеге анчалык маани бербестен, айрымдарынын үй-бүлөсүндө стол, стул жок, балдарына сабак даярдоо үчүн атайын бөлмө бөлүнгөн эмес. Балдары үйдө туш келген жерде олтуруп жазып, окуп, каллеграфиясы (колу), көзүнүн көрүүсү бузулуп, кыйналууда.

Сабак даярдоочу бөлмө жакшылап жасалгаланып стол, стул, шкаф, диван, кроват ирettүү коюлуп баары таза, жарык, тынч болсо ошол шарттын өзү балдарды мыкты окууга, иштөөгө тартат, кызыктырат деген ойго келип бул конкурстун жобосун түзүп, мугалим, окуучулар, ата-энелердин жардамы менен сынактан өткөрдүм.

Бул конкурсту өткөрүү үчүн ар бир класста атайын комиссиялар түзүлүп, ар бир окуучунун үйүнө барып, сабак даярдоочу бөлмөлөрүн жободогу критерийлер менен текшерип, айрым окуучулар башка окуучуларга караганда коюлган баалары жогору болуп, бул кароо-сынакка талапкер болушту.

Конкурстун жүрүшүндө айылда ата-энелердин окуучу балдарына сабак даярдоочу бөлмө түзүп берүүсүнө мамилеси кандай экени аныкталды. Көпчүлүк ата-эне балдарынын сабак даярдоочу бөлмөсүн түзүп берүүгө жакшы көңүл бурат экен.

Мисалы: 5-класс – Ж. Абдырахманованын ата-энеси.

8 – Н. Таабалдыеванын, М. Ибрагимованын ата-энеси.

9 – Н. Абдувалиевдин ата-энеси.

10 – Ч. Токтоназарованын ата-энеси.

Ошону менен бирге бул маселеге такыр көңүл бурбаган ата-энелер да бар. Стол, стул, үй-бүлөлүк библиотекасы жок. Окуучулардын сабак даярдоосуна шарты жок, бирок финансы жагынан шарты жетерлик. Көпчүлүк окуучулардын сабак даярдоочу бөлмөсү талапка жооп бербейт, кээ бир критерийлерде 2 упай алгандар да бар.

## «ЭҢ МЫКТЫ САБАК ДАЯРДООЧУ БӨЛМӨ» КОНКУРСУНУН ЖОБОСУ

*Максаты:*

*а) Ар бир окуучунун үй-бүлөдө өз сабак даярдоочу бөлмөсү болуусуна жетишүү.*

*б) Бөлмөдө сабак даярдоого бардык зарыл шарттарды түзүү. Ата-энелер, окуучулардын көңүлүн буруу.*

*в) Бардык шарты бар сабак даярдоочу бөлмөсү бар окуучулардын тажрыйбасын окуучулар арасында жайылтуу.*

***1. Конкурсту даярдоо, уюштуруу тартиби.***

*– Конкурс мына ушул жобонун негизинде өткөрүлөт.*

*– Окуучулардын класс жетекчиси, классташтарынын сунушу боюнча атаандаштыкка талапкер ар бир класстан тандалып алынат.*

*– Атайын уюштуруу комитети, калыстар тобу түзүлөт.*

*– Талапкерлер жобо менен алдын ала тааныштырылып, кошумча даярданышат.*

***2. Жеңүүчү мыкты бөлмөнү аныктоо критерийлери.***

*– Бөлмөнүн санитардык-гигиеналык абалы (тазалык, жарыктын жетишүүсү, ыңгайлуулугу).*

*– Стол, стул, китеп текче, шкаф ж.б. зарыл эмеректердин болуусу.*

*– Окуу китептеринин толук, ирettүү сакталышы.*

*– Энциклопедия, жана башка адабияттардын болуусу.*

*– Жаш курагына ылайык окуусу үчүн сунуш кылынган адабий китептердин тизмесинин илинип турусу. Аларды таап окуусу.*

*– Өз алдынча даярдануу багыттарынын болуусу. Анын аткарылышы.*

*– Күндөлүк режимдин, расписаниенин жазылып илинип турусу.*

*– Мүмкүн болсо телевизор, радио, магнитофон болуусу, аны билим алууда пайдалануусу.*

*– Стол лампасынын (настольная лампа) болуусу.*

***3. Конкурста жеңүүчүлөрдү аныктоо, жыйынтыгын чыгаруу.***

*– Жогоруда жазылган критерийлердин негизинде мугалим, окуучулардан турган комиссия бөлмөнү текшерип, үйрөнүп келет.*

*– Ар бир критерийге баа коюлат (5 баллдык система).*

*– Окуучу өз бөлмөсү жөнүндө билдирүү жасайт же көргөзмө уюштуруп коргойт.*

*– Суроо-тапшырмалар берилет.*

*– Эң жогору балл алганы аныкталып «Билим» фондунан баалуу белек, алкыш баракчалары тапшырылат.*

*– Бөлмөсүнө окуучулардын экскурсиясы уюштурулат.*

Түзгөн: Г. Мадаминов, 1997-ж.

Окуучулардын жакшы окуусуна үй-бүлөдөгү шарт ата-эненин көңүл буруусу, моралдык психологиялык климат жана башкалардын ролу чоң экенин эске алып жалпы гимназиялык ата-энелер чогулушунда бул маселе жөнүндө лекция, аңгеме, көргөзмөлөр уюштурулду. Айрым ата-энелер менен жекече сүйлөшүүлөр өткөрүлдү. Андан кийин айтылган ой-пикир сунуштар үй-бүлөдө эске алынып, шарт түзүлүүсү жалпы эле окуучуларыбыздын үй-бүлөсү менен, андагы тарбиялык система менен таанышуу үчүн «Менин үй-бүлөм» аттуу жазуу ишин «Билим Инсан» ийриминде жаздырып анализдеп чыктык. Ошолордон бир, эки мисал:

Анда төмөнкү суроолор бар:

1. Силердин үй-бүлөңөр кимдерден турат?

2. Үй-бүлөдө сага эң жакын киши деп кимди эсептейсиң? Эмне үчүн?

3. Ким менен акылдашып, ой бөлүшөсүң?

4. Силердин үй-бүлөңөрдө сенин окууңду ким текшерет? Ар дайымбы?

5. Текшерүүдө ата-энең жана үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү кандай жардам берет?

6. Үй-бүлөлүк китепканаңар барбы жана сен канчасын окудуң?

7. Сага ким үй-бүлөдө аңгеме, повест жана башка жаңылыктарды айтып берет?

8. Сенин сабак даярдоочу бөлмөң барбы? Анда эмнелер бар?

9. Үй-бүлөдө традицияңар (туулган күн ж.б.)?

10. Үй-бүлөдөгү телевизор, радио барбы жана иштейби?

11. Сенин «5» же «2» алып барган күнүңдө ата-энеңдин сага болгон мамилеси?

12. Үй-бүлөңөр кайсы газеталарды алат же окуйт?

13. Кимдерди мисал кылып ошондой бол деп сага насаат айтышат?

14. Үй-бүлөңөрдүн жакшы көргөн жомогу, киносу же адабий китеби?

15. Үй-бүлөнөрдө сен үчүн кызыктуу болгон меймандардын болуусу?
16. Үй-бүлөнөр сыйлаган улуу инсандар?
17. Ата-энең менен бирге окуган китеп?
18. Институт же техникумду окуп бүткөн туугандарың?
19. Сен сыйлаган алыскы жана жакын туугандарың?
20. Силердин үй-бүлөнөрдө бааланган адамдык сапаттар?

*ЗБМИС-эксперимент*

## ЭНЕЛЕР МЕКТЕБИ
(Убактылуу жобо)

*Максаты:*

*Балдардагы бардык жакшы сапаттардын көпчүлүгү энелерден өткөнүн эске алып, айыл жериндеги энелерге үй-бүлөдө балдарды мектепке даярдоодо, акыл-эс, адеп-ахлак тарбиясы жөнүндө алгачкы педагогикалык маалымат берүү.*

*–Үй-бүлөдө балдардын сезүү, кабылдоо, ойлоо, эстеп калуу ж. б. таанып-билүүгө, билим алууга зарыл сапаттарын калыптандыруунун эң жөнөкөй жолун, методун ыкмаларын үйрөнүү.*

*– Энелерге, айрыкча жаш энелерге – балдарды тарбиялап-өстүрүүгө кызыгууну, жоопкерчиликти ойготуу.*

*Азыркы шартта көпчүлүк балдардын (90%) балдар бакчасына барбагандыгын эске алып балдардын мектепке чейинки даярдыгын үй-бүлөдө толтурууга азда болсо энелерге көмөктөшүү.*

*– Эң жөнөкөй педагогикалык маалыматтардын негиздерин билген эне-тарбиячы, эне-педагогду даярдоо аркылуу, мектепке келе турган балдар үчүн үй-бүлөдө алгачкы мектеп – ЭНЕ МЕКТЕБИН даярдоого көмөктөшүү.*

***1. Эне мектебинин түзүлүшү.***

*– Эне мектеби ЗБМИС-эксперимент рамкасында, илимий-педагогикалык проблемалык лаборатория корутундусу негизинде мектеп базасында ачылат.*

*Алгач 1-класска балдары келе турган энелер кабыл алынат. Бирок булардан тышкары да каалоочулар жобо шартын аткарса катышуусу мүмкүн. 1-класс жалпы эле мектепке келген жаңы окуучулардын энелери окуудан өтөт. Жаңы окуу жылынан балдары 1-класска келе турган бардык энелер үчүн «Эне мектебинен» даярдыктан өтүү милдеттүү.*

– «Эне мектеби» жобосу жана окуу программасы түзүлүп райондук билим берүү бөлүмү тарабынан бекитилет жана гимназия, мектеп, балдар бакчасынын директорунун буйру гу менен ачылат.

– Окутуу тездетилип кыскартылган жана кеңейтилген программа менен өтүлүүсү мүмкүн. Атайын журналда мектеп үгүүчүлары, өтүлгөн темалар катталып барылат. «Эне мектебиндеги» окуу , экзамен менен жыйынтыкталып, атайын үлгүдөгү күбөлүк (справка) берилет.

**2. Эне мектеби ишмердүүлүгүнүн башкы багыттары жана мазмуну.**

- Машыгуулар атайын программа негизинде өтүлөт.
- Бала тарбиялоодо эненин милдетин жана ролун түшүндүрүү.
- Билим баалуулугу.
- Энелердин өздөрүнүн үй-бүлөдө балдарга татыктуу таалим-тарбия берүү, мектепке балдарды даярдоо жөнүндө билим-маданият деңгээлин көтөрүү.
- Балдардын психо-физиологиялык, интеллектуалдык өсүү закон ченемдүүлүктөрүн үйрөнүү.
- Окуучулардын мектепке даярдыгынын айрым проблемаларын анализдеп, кыйын абалдан чыгуу боюнча иш-чараларды түзүү, проблемаларды чечүү жолдорун үйрөнүү.
- Дүйнөлүк жакшы тажрыйбаны үйрөнүп, чыгармачылык менен пайдалануу жолдорун иштеп чыгуу.
- Дене-бою, акыл-эси, сезимин, адамгерчилик асыл сапаттарын өстүрүүнүн методикасын үйрөнүп, сынактан өткөрүү.
- Элдик педагогиканы үй-бүлө тарбиясында пайдалануу.
- «Мыкты үй-бүлө», «Үлгүлүү Эне» тажрыйбасын үйрөнүү.
- Балдарды ар тараптуу өстүрүүчү оюндарды уюштуруу методикасын өздөштүрүү
- Дарыгер, тарбиячы , «Мыкты эне», «Мыкты окуучу» ж. б. менен жолугушуу.
- Кинофильмди, көркөм адабиятты, турмуштук түрдүү ситуацияларды анализдөө, талкуу уюштуруу.
- «Мыкты Эне», «Мыкты үй-бүлө» конкурстары өткөрүлөт.

**3. «Эне Мектебинде» өтүлүүчү машыгуулардын түрлөрү.**

- Аңгеме;
- Лекция;
- Диспут-дискуссия;
- Жолугушуу, пикир алмашуу;

*– Амалияттык иштер;*

*– Реферат, билдирүү, доклад, сочинение жазуу;*

*– Ролдоштуруу, конкурс.*

***4. «Эне мектебинин» каржыланышы.***

*– «Эне мектеби» – бул элдик мектеп;*

*– Сабак-лекцияларга даярдануу үчүн кеткен каражат угуучулардын эсебинен атайын төлөм же ыктыярдуу салым эсебинен «Билим» фонду аркылуу төлөнөт;*

*– Мыкты катышкан, жакшы жетишкен угуучуларга кызыктыруучу сыйлыктар берилет.*

*Түзгөн: Г. МАДАМИНОВ, 29.05.1997-ж.*

## ГИМНАЗИЯДА УЮШУЛГАН «ЭНЕ МЕКТЕБИНИН» УГУУЧУЛАРЫНЫН ОЙ-ПИКИРЛЕРИ

1.Мадаминова Фарида – «Эне мектеби» биз, энелер үчүн мааниси өтө чоң. Биз ушул мектепке окугандан бери балдарыбызды тарбиялоого башкача көз караш, өзүнчө суктануу пайда болду. Биз көп көп нерселерге маани бербей, билбейт экенбиз. Мис: баланын сөз байлыгын өстүрүү, мектепке чейин баланы тарбиялоо, социумдун мааниси, интеллектуалдык жактан тарбиялоо, рухий байлыгын өстүрүү ж.б. көп нерселерди. Буларды балабызга үйрөтөөрдөн алдын ушулардын баары өзүбүздө калыптанышы керек экен. Андан кийин биз, энелер аркылуу балдарыбызга өтөт.

Мен эми ушул өтүлгөн темаларды бардык күчүм менен пайдаланып, ошол аркылуу баламды тарбиялашка аракет кылам. Бул тарбия менден балама, баламдын баласына өтөт деп ойлоймун.

Ушулардын баарын бизге үйрөтүп, түшүндүргөн Мадаминов Гапыр агайга чоң ыраазычылык билдирип, рахмат айтам.

2. Шерова Дархан – «Эне мектебинен» көп пайдалуу кеңеш, усулдук сунуштарды өзүмө кабыл алдым. Мында балдардын тарбиясы, мектепке даярдоо, алардын ден-соолугу жөнүндө көп сөздөр болуп, биз энелер менен талкуулап көп нерселерди үйрөндүм. Балдарды рухий, психологиялык, моралдык жактан тарбиялоо жолдорун түшүндүм. Ушул сунуштардан пайдаланып келечекте балдарыбызды адамгерчиликтүү, билимдүү, эмгекчил, тартиптүү кылып тарбиялоого аракеттенебиз. Ушундай «Эне мектеби» башка район, областтарда да ачылып жайылтылса да болоор эле.

## «ЭНЕЛЕР МЕКТЕБИНИН» БОЛЖОЛДУУ ПРОГРАММАСЫ

| Тема | Сааты менен окутуучу | |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| 1. Энелер мектебинин зарылдыгы, максаты, милдети, мааниси | 2 | Г. Мадаминов |
| 2. Үй-бүлөдө баланы тарбиялоонун ролу, мазмуну | 1 | -//- |
| 3. Энелердин билими, маданияты ж.б. инсандык сапаттарынын балдар үчүн мааниси, ролу | 2 | |
| 4. Үй-бүлө тарбиясында балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу жөнүндө | 1 | |
| 5. Тарбиянын баалуулугу | 1 | |
| 6. Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоонун багыттары | 2 | |
| 7. Мектепке чейинки балдардын физиологиялык, психологиялык өсүү өзгөчөлүктөрү | 2 | |
| 8. Маданияттуу үй-бүлөнүн белгилери | 1 | |
| 9. 4–6 жаштагы балдардын өсүү өзгөчөлүктөрү. Балдардын келечектеги билим-тарбия алуусу, өсүүсү үчүн 4–6 жаштагы таалим-тарбиясынын мааниси | 2 | |
| 10. Үй-бүлөдө балдардын - сезүү<br>- кабылдоо<br>- көңүл бөлүү, түшүнүү<br>- эстен калуу ж. б.<br>- жөндөмүн өстүрүү методу | 1 | |
| 11. Адептүү жүрүш-турушка тарбиялоо | 2 | |
| 12. Балдардын сөз байлыгын өстүрүү. Балдардын жаш курагына ылайык билүүсү зарыл сөздөрдүн нормасы жана ага жетүү жолдору | 2 | |
| 13. Балдарды адабий китеп окууга кызыктыруу | 1 | |
| 14. Сүрөт тартуу, чийүү, жазууга ж.б. даярдоо | 2 | |
| 15. Эркин суроо-жооп, катышууга даярдоо | 2 | |
| 16. Көрүү, угуу, тыңшоо, айтып берүү жөндөмдүүлүгүн өстүрүү | 1 | |
| 17. Эркин ойлоо, кыялданууга үйрөтүү | 1 | |
| 18. Айлана-чөйрөнү коргоо, таанып-билүүгө багыт берүү | 1 | |
| 19. Оюндун балдардын акыл-эс, дене-боюнун өсүүсү үчүн мааниси | 2 | |
| 20. Балдар үчүн зарыл оюндардын түрлөрү, аларды уюштуруу, үйрөнүү методикасы | 2 | |

| 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|
| 21. Көпчүлүктүн арасында өзүн алып жүрүүгө тарбиялоо | 2 | Г. Мадаминов |
| 22. Өздүк гигиена, тазалыкка тарбиялоо | 1 | -//- |
| 23. Балдарга сабак даярдоочу атайын бөлмө, шарт түзүү | 2 | |
| 24. Сүйлөшүү маданиятынын элементтерин үйрөтүү | 2 | |
| 25. Үй тапшырмасын аткаруусуну контролдоо | 1 | |
| 26. Билимге ынтызарлык | 1 | |
| 27. Ата-эненин мектеп, мугалим менен байланышынын зарылдыгы, мааниси | 2 | |
| 28. Балдар тарбиясындагы мүнөздүү каталыктар жана алардын себептери | 2 | |
| 29. Эстетикалык тарбиялоо | 1 | |
| 30. Жомок, табышмак, макал-ылакаптарды үй-бүлөнүн тарбиясында пайдалануунун мааниси | 2 | |
| 31. Ата-эненин үй-бүлөдө балдары менен алып баруучу тарбия, аңгеме-сабактарынын болжолдуу программасы | 2 | |

Түзгөн: Г. МАДАМИНОВ

***ЭСКЕРТҮҮ:***

*1. Энелер бул лекцияларды практикалык иш, семинар менен айкалыштырып өтүшөт.*

*2. Сабактар бүткөндөн кийин ар бир эне атайын тема боюнча реферат жазат.*

*3. Экзамен тапшырышат.*

*4. Каникул учурунда балдарды мектепке даярдоо боюнча практикалык тапшырма алышат.*

## «МЫКТЫ ҮЙ-БҮЛӨ» КОНКУРСУНУН ЖОБОСУ

*Максаты:*

*– Үй-бүлөдө балдары мыкты окуп, жакшы тарбия алган жана ар тараптуу өнүккөн ата-энелердин тажрыйбасын үйрөнүү, жайылтуу.*

*– Ата-энелерди мектепке тартуу жана мектеп менен байланышын чыңдоо.*

*– Үй-бүлөдө өз алдынча билим алууга түрткү берүү.*

### *1. Конкурстун өткөрүлүшү*

*– Конкурс эки этапта өткөрүлөт. Класстар аралык жана мектептик. Эжей менен ата-энелер алдын-ала таанышышат.*

*– Ата-эне, окуучулардан турган калыстар тобу баалап, жыйынтык чыгарат.*

*– Спонсорлор даярдалат, тууган урук, достор чакырылат.*

*– Конкурс салтанаттуу түрдө окуучу, мугалим, ата-энелердин катышуусунда өткөрүлүп, талапкер үй-бүлөлөр балдары менен сахнада отурушат.*

### *2. Жарыш үчүн берилүүчү тапшырма*

*– Үй-бүлөдө балдардын сабак даярдоосу үчүн түзүлгөн шарт.*

*– Үй-бүлөлүк китепкана.*

*– Ата-эненин мектеп менен байланышы.*

*– Алардын сабактарга катышуусу.*

*– Чогулушка катышуусу.*

*– Таалим-тарбиялык ситуацияга жооп.*

*– Балдарынын мектепке, сабакка, ийримге катышуусу.*

*– Класс жетекчи, мугалимдердин пикири.*

*– Элдик педагогиканы билүүсү жана пайдалануусу (тарбиялык маанидеги макал-лакаптар боюнча жарыш).*

*– Кругозору.*

*– Көргөзмө.*

*– Китеп, дептер, окуу куралдары менен балдарды камсыз кылуусу.*

*– Көркөм өнөрү (Жалпы жамааты менен).*

*Конкурста ушул критерийлерге карата упай коюлуп, жыйынтык баа чыгарылат. Жеңүүчү үй-бүлөгө баалуу сыйлык жана мактоо баракчалары тапшырылат. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн сүрөтү жана тажрыйбасы жөнүндөгү кеңири маалымат. «Түбөлүк журналга» катталат.*

Г. МАДАМИНОВ. 1992-ж.

## «МЫКТЫ ҮЙ-БҮЛӨ» КОНКУРСУН ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ

Конкурс ар жылы ЗБМИС-экспериментинин алкагында бардык балдары эн жакшы окуган ата-энелердин тажрыйбасын үйрөнүү, жайылтуу максатында атайын түзүлгөн жобонун негизинде өткөрүлөт.

Зал кооз, көрктүү жасалгаланган. Үй-бүлөнүн чеберчилиги, көркөм-өнөр буюмдары, этнографиялык маданий эстеликтери жайылып, ирeттештирип коюлган. Атайын көргөзмө «Мыкты үй-бүлөлөрдүн» балдарынын билим алуудагы жетишкендиктерине арналат. Анда окуучулардын китеп, дептерлери, күндөлүктөрү, сочинение, баалары ж.б. коюлган. Ардак Грамота, сыйлык, алкыш баракчасы ж.б. болот. Ата-энелердин сыйлыктары да коюлат.

Залда шаңдуу музыка жаңырып турат. Ата-энелер, чакырылган коноктор кирип отурушат. Нөөмөтчүлүк уюштурулат. Алдынкы катарда конкурска катышуучулардын жакын туугандары, ардактуу меймандар жайланышат. Жаңы-Жер айыл өкмөтү, айыл бийлери, мектептин өкүлдөрү чакырылат. Гимназия окуучулары, алардын ата-энелери катышат. Алып баруучу конкурсту ачып, залга «Мыкты үй-бүлөлөрдү» чакырат. Сахнада аларга атайын кооз жасалгаланган, килем төшөлүп, көргөзмө жайгашкан тараптан орун даярдалып коюлган.

Алып баруучу отургандарга конкурстун жобосун, маанисин түшүндүрүп, область, республикада гана эмес, Америкалык профессор Дейл Манн бул конкурска өтө кызыгып, оригиналдуу деп баа бергенин, Республиканын 50 эң мыкты мектебинин директорлору, КББ институту кызыгып, колдогондугу «Мыкты үй-бүлө» конкурсу жөнүндөгү материал Бишкектен чыккан «Инновационные школы Кыргызстана» (1996-ж.) китебинде белгиленгендиги тууралуу айтып өтөт. Конкурска катышкан талапкер үй-бүлөлөр жөнүндө маалымат берилип, сынактын жүрүшү жогоруда көрсөтүлгөн жобонун негизинде

жүргүзүлөт. Акырында жалпы балл эсептелип жыйынтык чыгарылат да, жеңүүчүлөргө белек-бечкек, Ардак грамота тапшырылат.

## ҮЛГҮЛҮҮ ҮЙ-БҮЛӨ

Лейлек районундагы үлгүлүү эне, үй-бүлө ээси Фазилет Уламова 1948-жылы Лейлек районуна караштуу Ак-Булак айылында туулган. 1966-жылы Токтогул орто мектебин бүтүргөн.

1967-жылы Ош мамлекеттик институтунун педагогикалык факультетине тапшырып, аны 1971-жылы ийгиликтүү аяктаган.

1979–1984-жылдары Ак-Булак орто мектебинде директор болуп иштейт. 1984-жылы Исфана айылдык Кеңешинин төрайымы болуп дайындалат.

Ал эми 1985–87-жылдары Лейлек райондук аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары, 1988–90-жылдары Лейлек райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген.

1990-жылы Лейлек райондук Кеңешинин төрагасынын орун басары болуп дайындалган. 1992-жылы Исфана айылдык Кеңешинин төрайымы, 1996-жылы Исфана айыл өкмөтүнүн башчысы болуп дайындалып ал жерде эмгектенип жүрүп 1998-жылы ардактуу эс алууга чыгат.

Эли-жерине өтөгөн кызматы адилет бааланып, эжебиз 1998-жылы «Данк» медалы менен сыйланган.

Фазилет Уламова үй-бүлөдө бала тарбиясы жөнүндө сураганымда төмөнкүлөрдү айтып берди:

«Кайненем, Токтогулдун ырларын, «Акмырза менен Кулмырза» дастанын жатка билээр эле, ар дайым бизге айтып берчү. Айылдагылар Байбиче, мама деп сыймык менен чакырышчу. Ошондуктан мен ушул кишинин көңүлүн тапсам деп аракет кылар элем. Атам да, үйгө барып калсам, «бир күндөн ашык турба, кеткин, барып кайненеңе кызмат кылгын» – дечү. Мен кайненеме ыраазымын, ошол кишинин адамгерчилиги мага көп таасир берди.

Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоо, айрыкча мектепке чейинки тарбия эң негизги ролду ойнойт. Балдарымдын атасы көп жомок билет. Анан да жомок китептерди көп сатып берер элек. Жомокту балдарыбыз көңүл коюп угуп, өздөрү да жомок ойлоп табышчу.

Бирөөгө, же бир-бирибизге жасаган мамилебиздин өзү тарбия. Чоңдорду урматтоо, кичүүлөрдү сыйлоо дегендей. Биз кандай гана иш болбосун ортодо кеңешебиз. Балдардын да оюн угабыз. Балдардын сабак даярдоосуна алгач жардамдашып, анан режим түзүп беребиз. Балдарым оюнга аз алаксышчу, себеби биз иштегенибизге байланыштуу алар жумуштары менен көп алек болушчу.

Үй-бүлөлүк китепканабыз китептерге өтө бай. Балдарыбыз ошол китептерден көп таасирлерди алышты. Мындайча айтканда орусча китептерди көп окушту. Ошондуктан балдарымдын жарымы орус класстарын окуп бүтүштү.

Үй-бүлөбүздүн жакшы көргөн чыгармалары «Кыргыз эл жомоктору», «СССР эл жомоктору» эле.

Азыр «Ак-Булак» орто мектебинин китепканасына 1000 сомдон ашык акчага бааланган китептерди өткөрүп бердим.

Фазилет менен Тайир аванын балдары:

Жороев Каныбек – КМУну артыкчылык дипломy менен бүтүргөн. Эмгек жолун орто мектептен, мугалимдиктен баштап мамлекеттик кызматтын жогорку баскычтарында эмгектенген. Ал эми 2005–2010-жылдары Президенттик аппараттын орун басары, андан кийин Президенттик аппараттын жетекчиси кызматтарын аркалаган. Мамлекеттик кызматтын 2 класстагы мамлекеттик кеңешчиси, КР Ардак Грамотасы менен сыйланган.

Жороев Кабылбек – 1970-жылы туулган. Медициналык Академияны бүтүргөн, Ахунбаев атындагы клиникада врач болуп иштеген, учурда Эл аралык Кызыл Крест коомунун кызматкери, көп жылдан бери Лейлек күрөшү боюнча турнирлердин алып баруучусу.

Жороев Эркинбек – 1973-жылы туулган. Ак-Булак орто мектебин бүтүргөн. Республикалык олимпиаданын жеңүүчүсү. Турциядагы Анкара университетинин менеджмент-экономист факультетин бүтүргөн. Кыргыз-түрк жаштарынын «Булак» газетасын уюштурган. Кыргызстандыктардын «Эгемендик» коомдук бирикмесинин жетекчиси, жеке ишкер, англис тилинде эркин сүйлөйт.

Жороев Эмилбек – 1979-жылы туулган. «Ак-Булак» орто мектебин бүтүргөн. Республикалык олимпиадага англис тили боюнча катышкан. Кыргызстандагы Америкалык университетти артыкчылык менен аяктап, билимин АКШ да уланткан, 2012-жылы Индиана университетинде саясий илимдердин доктору наамын жактаган, АУЦА да иштейт.

Жороев Шайырбек – 1981-жылы туулган. Кыргызстандагы Америкалык университетти артыкчылык менен аяктап, андан соң дүйнөгө белгилүү болгон Лондондогу Жогорку Экономикалык Мектепти да аяктаган. Бүгүнкү күндө Кыргызстандагы ОБСЕнин Академиясынын башчысынын орун басары.

**Лейлек районунда мындай үй-бүлөлөр бир топ экендиги кубанычтуу. Алардын айрымдарын атап кетели:**

Каландаров Кабылбай, Касагүл (Көк-Таш).
Ташбалтаев Карим, Орозгүл (Кулунду).
Шамсинов Абдиллат, Разия (Ак-Суу).
Пирманова Назакат, (Мин-Жыгач).
Өсөрөв Маматкул (Айбике).
Канатов Төлөгөн, Тойчиев Шакир.
Төрөкулов Махмадамин.
Сатаркулов Баба, Гүлсүн (Көк-Таш).
Осмонов Бавакул, Шербет (Чимген).
Арипов Турдали агай, Айгаз (Кара-Булак).
Шадиев Алимбай, Айсана (Голбо).
Исаев Карим, Райхан (Исфана).
Рустамов Абдисаттар, Разия.
Ашурбаев Саиткул, Тотуниса.
Анаркулов Газбек, Тоту.
Жээналиев Ниймат, Шаархан.
Турдиев Бава, Айимсаат.
Айбашов Искандар, Гүлдар.
Масейтов Жолдош, Мархамат.
Максутов Бөрүкул, Бүүниса.
Арзыбаев Сапар, Тургунай ж.б.

**Сүлүктү шаарындагы үлгүлүү үй-бүлөлөр:**

Ибрагимов Арзыбай, Анипа.
Шеров Каарбай, Бүүрахия.
Абдиназаров Рахманберди, Гүлжан.
Пусурманов Ташмат, Шарапат.
Кушматов Наби, Айсара.
Ибрагимов Тургун, Фарида.

Жураев Нишанбай, Роза
Ашыралиев Абдырахман, Калыс
Жуманов Ганы, Аккыз
Калыкулов Таир, Айша
Жолдошов Мадымар, Айтбүбү
Бакыбеков Салимбек, Галбүбү
Маматкул, Курсанай
Төрөкулов Тургунбай, Бүүзейнеп
Жумабаев Эркинбек, Токтокан
Сапаркулов Эркин, Айсулуу ж.б. үлгүлүү ата-эне болуп саналат.

Бул үй-бүлөлөрдүн ар биринин балдары билимдүү, тарбиялуу болуп өнүп-өсүп, элге кызмат кылып келүүдө. Башка жаш үй-бүлөлөр жогорудагы ата-энелердин бала тарбиялоодогу тажрыйбасын үйрөнүп, үлгү алса болот деген максатта бул тизмени бердим.

## МЕНИН ҮЙ-БҮЛӨМ

Биздин үй-бүлө: атам – Токтоназаров Абдижапар, апам – Мурзабекова Азизбүбү, мен – Токтоназарова Чынара, иним – Абдишүкүр, синдим – Динара, иним – Данияр. Үй-бүлөмдө мен бир жагынан апама, экинчи жагынан атама окшош болгум келет.

Апама окшош болгум келгени апам чебер, иштин көзүн билген аял. Атама окшош болгум келгени бир нерсени тез түшүнөт жана көңүлү ачык. Үй-бүлөмдө мага эң жакын адам бул – апам. Себеби эне үчүн бала, бала үчүн эне ыйык жана бала энеге жакын. Атам да жакын. Мен апам жана атам, таежелерим менен ой бөлүшөм, акылдашам.

Үй-бүлөлүк китепкана бар. Анда 20–25 китеп бар. Мен алардын ичинен 4–5ин эле тандап окугам. Мага апам 2-3 аңгемелерди айтып берген. Менде сабак даярдоочу бөлмөм бар. Анда стол, отургуч, шкаф, календарь сөзсүз болот, окуу куралдар сакталуучу тумбочка ж. б. бар.

Мен үйгө «5» алып барсам атам менен апам албетте сүйүнөт, бирок мага билгизишпейт, же мени сынайбы. Ал эми «2» алып барганымда атам катуу мамиле жасайт.

Биздин үй-бүлө Союздун убагында бардык газета-журналдарды алып турчу. Азыр заманга байланыштуу алалбай калдык.

Биздин үй-бүлөбүздөгү бааланган адамдык сапаттар булар: адамгерчилик, меймандостук, убадага бек туруу, элпектик, эмгекчилдик Үй-бүлө сыйлаган инсан – Ч. Айтматов. Ч. Айтматовдун чыгармаларын урмат-сый менен окуп жүрөбүз.

ТОКТОНАЗАРОВА Чынара, 9-кл.
(Азыркы кезде 3-гимназиянын орус тили мугалими)

*ЗБМИС-эксперимент.*

## «МЫКТЫ ЭНЕ» КОНКУРСУНУН ЖОБОСУ

*Максаты:*

*а) Үй-бүлөдө балдарын тарбиялоодо билим маданиятына кызыктырууга жетишкен энелердин тажрыйбасын үйрөнүп, башка энелер арасында жайылтуу.*

*б) Энелик милдетти сезип, ошого татыктуу болууга багыт берүү.*

*в) Энелердин педагогикалык билим маданиятын өстүрүү.*

***1. Конкурска атаандаштарды тандоо тартиби.***

*– Мына ушул жобо негизинде балдары жакшы окуп, тарбиялаган энелердин тизмеси ар бир класстан чогултулат.*

*– Класс жетекчиси тарабынан мүнөздөмө жазылат.*

*– Эгер талапкер көп болсо ар бир класс ичинде өткөрүлөт.*

*– Класстардан тандалган энелер уюштуруу тобу тарабынан үйрөнүлүп 2 (4) эне тандалып алынат.*

*– Алар жобо менен тааныштырылып, даярдануу мөөнөтү берилет.*

*– Конкурска катышуу жөнүндө арыз жазылат.*

***2. «Мыкты эне» конкурсун өткөрүүнүн тартиби.***

*– Атайын уюштуруу тобу, класс жетекчилер тарабынан даярдалып өткөрүлөт.*

*– Конкурс күнү атайын калыстар тобу түзүлөт.*

*– Талапкер эне менен алдын ала аңгеме өткөрүлөт.*

*– Үй-бүлө шарты, тарбия системасы үйрөнүлөт.*

***3. «Мыкты эне» конкурсунун жеңүүчүсүн аныктоо критерийлери.***

*– Балдарынын жакшы билим, тарбиясы.*

*– Сабактарга катышуусу.*

*– Мектеп менен байланышы.*

*– Эне тарбиясы жөнүндө өз көз карашына, ой-пикир, сунуштарына ээлиги.*

*– Үй-бүлөдө эне тарбиясынын өзгөчөлүгү жана анын натыйжасы –Үлгүлүү энелердин (дүйнөлүк, кыргызстандык, айылдык) тарбия системасын билүүсү жана пайдалануусу.*

*– Эне милдетин билүүсү, аткаруусу.*

*– Тарбия жөнүндө окуп чыккан китептери.*

*– Элдик педагогиканы билүүсү, пайдалануусу.*

*– Тазалык, сарамжалдуулук, чебердик ж.б. энелик (аялдык) зарыл сапаттардын болуусу.*

*– Насаат айтуу, кызыктыруу, түшүндүрүү, ынандыруу жөндөмү.*

*– Эксперименттин үй-бүлө жөнүндө программасына катышуусу.*

*– «Мыкты үй-бүлө», «Маданияттуу үй-бүлө», «Ата-энелер, сиздер үчүн» аттуу усулдук сунуштарды билүүсү, турмушта пайдалануусу.*

*– Класстын, гимназиянын коомдук турмушуна активдүү катышуусу.*

***4. «Мыкты эне» конкурсунун жеңүүчүсүн аныктоо тартиби.***

*Жыйынтык чыгарууда мына ушул критерийлер боюнча суроо-тапшырмалар берилет.*

*– Анкета тест алынат.*

*– Көргөзмө уюштурулат.*

*– Роль аткартуу.*

*– «Менин бала тарбиялоодогу тажрыйбам» аттуу билдирүү жасоо.*

*– Көркөм номер аткаруу.*

*– Суроо-жоопко катышуу.*

*– Өзүн презентациялоо (бирөө жасаса да болот).*

*– Практикалык иш.*

*– Конкурстун катышуучусунун балдарына тапшырма.*

*– Жыйынтыгын чыгаруу, сыйлоо.*

*– Конкурстун жыйынтыгы ата-энелер катышкан чоң залда чыгарылат.*

*– Жеңүүчүлөргө «Билим» фондунан сыйлык, ардак грамоталар тапшырылат.*

Г. МАДАМИНОВ. 1997-ж.

## «МЫКТЫ ЭНЕ» КОНКУРСУНУН ЖҮРҮШҮ

Жакында №3-гимназияда ЗБМИС-экспериментинин алкагында «Мыкты эне» конкурсу болуп өттү. Конкурсту адаттагыдай эле, мындан мурда да ар түрдүү сынактарды өткөрүп келген гимназия директору Г. Мадаминов уюштуруп анын жол жобосун иштеп чыккан. Бул сынак биринчи жолу өткөрүлүп жаткандыктанбы, айтор күйөрмандар өзгөчө көп чогулушту.

Конкурстун максаты үй-бүлөдө тарбиялоо, билим берүү, маданиятка кызыктырууда жетишкен энелердин тажрыйбасын үйрөнүп, аны башка энелер арасына жайылтуу, энелик милдетти сезе билүүгө, татыктуу болууга багыт берүү, энелердин педагогикалык билим-маданиятын өстүрүү эле. Конкурска катышуучу 6 талапкердин баарынын энелик тарбиясы үйрөнүлүп, тажрыйбасы жайылтылып, залда көрүүгө мүмкүн болгон жерге илинип коюлган. Талапкерлердин тарбия таалимин чагылдырган көгөзмөлөр, эне тарбиясы тууралуу даанышман сөздөр бажырайып жазылып турат.

Зал ичи толо эл. Алты эне сахнада. Алар: Ормонова Мукарам, Алимбаева Санталат, Казакбаева Зейнеп, Бердиева Жумагүл, Нишанова Гүлсана, Турдуева Зулайка.

Көркөм номер кезегинде талапкер энелер бала жөнүндө мукам кайрык ырлар менен залды жаңыртып турушту. Андан кийин энелерге эксперименталдык суроолор үстүндө баш катырууга туура келди. Анда ондон суроо, гимназия, айылдан тартып бүтүндөй республиканын алкагындагы маалыматтардын топтомун кучагына алган.

Талапкерлер улам бир сыноонун тоскоолунан өтүп кийинки бөгөткө алып бара жатышты. Тапшырмалар ушунчалык кызыктуу түзүлгөндүктөн, эч кимди кайдыгер калтырган жок.

Көптөн күттүргөн жыйынтык да жете келди. Конкурста 194 упай топтогон Ормонова Мукарам эне маарага биринчи болуп жетип, жеңүүчү деп табылды. «Мыкты эне» наамын ага Жаңы-Жер айыл өкмөтүнүн төрагасынын орун басары Фарида Баетовна тапшырып, I даражадагы диплом, гимназиянын соопчулук билим фондунан саат берди. Бир упай гана артта калган Казакбаева Зейнеп II даражадагы дипломго ээ болду. Калган энелерге да алкыш баракчасы тапшырылды.

### Конкурска болгон ой-пикирлер

Баетова Ф.: – Гапыр агайдын кандай гана демилгеси болбосун эл көп тартылат. Бул анын иштеринин таасирдүүлүгүнөн болсо керек деп ойлойм. Көптөгөн кызыктуу конкурс иш чаралардан кийин эми минтип «Мыкты эне» сынагын алып чыгыптыр. Бул болсо биздин аялдардын активдүүлүгүн арттырып, алардын турмушун жандантпай койбойт. Айыл өкмөтүнүн жана өзүмдүн атымдан чоң ыраазычылыгымды билдирип кетем.

Тагаев М.: – Хожент мамлекеттик университетинин мугалими: «Мыкты эне» ар жагынан мага жакты. Анда жакшы таалимге үгүттөгөн тарбиялык жагы бар экен. Ушундай сынактар көбүрөөк болуп турса, элдин бир кыйла турмушун ойготуп, келечек энелерге тарбия берүүдөгү таасири күчөйт эле.

Асатов И.: – Конкурска катышкан энелер көрүүчүлөргө бардык жагынан чоң таасир калтырды.

Нишанова Гүлсана.: – Менин конкурска катышышым биздин үй-бүлө үчүн өтө пайдалуу болду. Мага абдан жакты. Себеби үйдө отурган аялдардын чоң ой өрүшүн өстүрүүсүнө түрткү берип, энелердин билимге, өз балдарынын тарбиясына болгон кызыгуусун арттырат экен. Башка жактан келгендер «силерде

жакшы, ушундай конкурс, жарыштар өткөрүлүп турат» – деп бизге суктанышат. Энелер үчүн, ушундай оюн-зоок, уюштуруп берген Г. Мадаминов агайга өтө ыраазылыгымды билдирем.

Г. ЖУМАГУЛОВА

## №3 ГИМНАЗИЯНДАГЫ «МЫКТЫ ЭНЕ» КОНКУРСУНУН ЖЕҢҮҮЧҮСҮ КАЗАКБАЕВА ЗЕЙНЕПТИН ТАЖРЫЙБАСЫ

*Үй-бүлө башчысы – Казакбаев Өктөм;*
*Аялы – Казакбаева Зейнеп;*
*Балдары – Казакбаев Өмүрзак, Казакбаев Алмаз, Казакбаев Акыл, Казакбаев Каныбек.*

*Энесиз – дүйнө караңгы,*
*Энеден – эл журт таралды.*

«Башталат турмуш майдадан, байкабайт аны майда адам», – дегендей, үй-бүлө да өзүнчө бир кичинекей мамлекет. Анын өзүнүн закону, үрп-адаты, каада салты бар.

Үйдө балдарды тарбиялоодо негизги ролду эне ойнойт, же үйдөгү тарбия эненин кандайлыгына көз каранды. Мисалы: эненин билими, акыл эси, рухий байлыгы, паам-парасаты, жүрүш-турушу ж.б. кирет. Биз «Энелер мектебинде минтип окудук: «Дүйнөдө эң кичине, эң күчтүү мектеп бир – ал үй-бүлө». Ошондуктан мен балдарымды тарбиялоодо сылык, кичи пейил, жайдары, чынчыл, билимге кызыгуусуна көп көңүл бурамын. Күндөлүктөрүн текшерип, сабактарына барып, мугалимдери менен тыгыз байланыштамын.

Үй-бүлөдө китепкана уюштурганбыз. Анда 50–60ка жакын китеп бар. Ар жума күнү китеп окуп беремин. Макал-лакап, табышмак, жомокторду айтып кызыктырамын. Телеберүүдөн атайын балдар үчүн жана «Поле чудес», «Забавные животные», «Угадай мелодию», «Время» берүүлөрүн көрүп, талкуулайбыз. Айылыбыздагы маданияттуу, үлгүлүү үй-бүлөлөрдө болууга аракеттенебиз.

Мен көбүнчө балдарымдын китеп окуусуна, туура, так, маданияттуу сүйлөөсүнө көңүл бурамын, ар бир сөздүн туура сүйлөнүшүн талап кыламын. «Окуп, окуп аалым бол, сүйлөп-сүйлөп чечен бол» – деген макалдай.

КАЗАКБАЕВА Зейнеп

## №3-ГИМНАЗИЯНЫН «МЫКТЫ ЭНЕ» КОНКУРСУНУН ЖЕҢҮҮЧҮСҮ ПОЛОТОВА АЙХАНДЫН ТАЖРЫЙБАСЫ

*Үй-бүлө башчысы – Полотов Абдиманнан;*
*Аялы – Полотова Айхан;*
*Балдары – Полотова Нургул, Полотов Кубат, Абдиманнан уулу Дастан*

*«Эне аман – бала аман, эл аман»*

«Тарбия башаты – үй-бүлө» – дегендей баланы тарбиялоодо негизги ролду үй-бүлө же ата-эне аткарат. Ошондуктан мен дагы балдарды туура тарбиялоо, билим сересине жеткирүү ар бир эненин милдети деп ойлоймун. Мен балдарымдын туура тарбиялоого аракеттенемин. Алардын жаш өзгөчөлүгүнө карап мамиле жасап, сөз байлыгына да көп көңүл бөлүп, туура сүйлөтүп, маданияттуу өсүүсүнө, бекем ден-соолукта болушуна көп көз саламын. Үйдө тазалыкты баары бирдей сактоосун үйрөткөнмүн. Балдарга жоопкерчилик жөнүндө көп айтамын. Сылыктык, кичи-пейил, боорукерлик жөнүндө мисал келтирип, жомоктордон айтып берип башка бирөөлөрдүн аткарган, же кылган боорукерлиги, сылыктыгы жөнүндө айтып көрсөтөмүн. Ошолордой болууга ынандырамын.

«Башталат турмуш майдадан, байкабайт аны майда адам» – же «Сөз – чакырат, үлгү – көрсөтөт» – дегендей үйдө балдардын сөз байлыгын өстүрүш керек. Сөзгө бай бала, акыл-эске бай бала болоору педагогикада маалым. Мен ар бир балама режим түздүрөм, ошол боюнча окуп, ойнойт.

Менин бала тарбиялоо жөнүндөгү ойлорум 1997-жылы июнь айында Мадаминов тарабынан уюштурулган «Энелер мектебинде» окуганымдан бери башкача, жаныча болуп өзгөрдү. Себеби агай түзгөн «Ата-энелер» үчүн усулдук сунушу, «Билим баалуулугу», «Жалпы адам заттык баалуулуктар» деген окуулары мени өзгөрттүрдү жана «үй-бүлөдө окуучулардын сабак даярдоосу эмнеден көз каранды» – деген усулдук сунушун угуп, практикадан колдонуп жакшы жыйынтыктарга жетише баштадым. Телеберүүлөрдүн да баланы тарбиялоодо мааниси чоң. Үй-бүлө китепканасы, сабак даярдоочу бөлмө, анын ичинде настольная лампа чоң роль ойнойт.

Ошондой эле китеп эң назик, эң ыйык экендигин айтамын. Ошондуктан туулган күнгө китеп белек кылабыз, ки-

тепти көп окуса ой жүгүртүүсү, акыл-эси өсөт. Китепти үн чыгарып окутуп түшүнгөнүн айттырып көрөмүн, суроого жооп таптырамын. Булардын баарын Гапыр агайдын «Китеп менен иштөө» деген усулдук сунушунан алып, үйрөнүп жатамын. Күндөлүк аркылуу же сабактарына катышуу менен класс жетекчилер менен тыгыз байланыштамын. Үйгө 50дөн ашык китеп топтоп аны окуй баштадым.

ПОЛОТОВА Айхан

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАР МЕНЕН «АКЫЛДУУ» КИТЕПТЕРДИ» ОКУУ, ТАЛКУУЛОО ЖӨНҮНДӨ

Үй-бүлөдө балдар менен чогуу бийик ойлорду жазган китептерди ар убакта, бирок системалуу окуу, талкуулоо өзүнүн эң жакшы жемишин берет.

Мисалы: «Ой гүлдөрү» китеби ар бир үй-бүлөдө болсо максатка ылайыктуу.

«Даанышмандар адамдын мына бул он төрт сапатка эгедер болуусун» айтышкан экен:

1. Сабырдуулуктун ээси бол: ашыкча өлчөмдө жеп-ичпегин. Ушундай кылсан гана өз пикирине эгедер болосун, жакшыраак, терениреэк ойлоносуң.

2. Унчукпоо: өзүнө жана башкаларга пайдасы тийбей турган сөздөрдү сүйлөбөгүн, эзмелик кылбагын.

3. Тартиптүүлүк: тартиптүү, тыкан бол: ар бир нерсенин өз орду жана ар бир иштин өз убакыты-сааты болсун.

4. Бийик сапаттын ээси бол: жасай турган ишиңди оболу жакшы ойлонуп бир чечимге келгин. Андан соң ал ишти эч бир кемчиликсиз аткаргын.

5. Үнөмдүү болгун, ысырапкерчиликтен сактангын.

6. Аракетчил, тырышчаактыктын эгеси бол: убактыңды бекерге өткөрбөгүн. Пайдалуу иштер менен алек болгун. Керексиз иштерден колуңду тарткын.

7. Калыстыкты, тууралыкты туу туткун: ар дайым туура сүйлөгүн, туура иштегин, арам ниеттен өзүңдү сактагын. Дилиң таза болсун. Акыйкатчыл болгун, чындык, ак сөздү айкын сүйлөгүн.

8. Токтоолукту сактагын: ар кандай нерседе орто абалды кармагын. Чийинден чыгып кетпегин. Бир адамдын ак эместигин эң жакшы билип турганында дагы андан өч алууга умтулбагын, өзүңдү кармай билгин.

9. Адал мүнөздүү болгун: азат боюнду, кийим кечек, үй жана башка нерселеринди ыпылас кылбай таза кармап, тазалыкка дыкат койгун.

10. Жүрөк көтөрүмдүүлүгүнө эгедер болгун: ар кандай арзыбаган майда-чүйдө нерселерге кайгырып, ден-соолугунду бузбагын.

11. Назик болгун: жеке өзүн түгүл башкалардын тынчтыгын дагы кандайдыр бир кооптуу коркунуч алдында калтырбагын. Ар дайым намыстуу болгун маанисиз жолго түшпөгүн.

12. Адептүү болгун: тарбиялуу аалымдар менен билимдүүлөрдөн өрнөк алган, көңүл жубатаар, кайрымдуу, жумшак сөздүү болгун. Өзүндү өзгөлөрдөн өйдө тутпагын. Жөнөкөйлүк эң жакшы сапат экендигин эсинден чыгарбагын.

Кен пейилдик өзүнчө эле бир улуу күч кудурет. Бул кубатка эгедер болгон адам байлыкка, адамдардын мактоолоруна же кемсинтүүлөрүнө эч качан маани бербейт. Турмуштун өзгөрүп туруусуна деле эч качан кайгырбайт. Ошондой эле дүнүйө-мүлкү көп болсо ага манчыркап кетпейт, текеберсинип дагы кетпейт, калайык-журттун мактоосуна түк да сүйүнбөйт. Ар дайым бир абалдан өзгөрбөй, өз нугунда өз даражасын жана кадырын сактайт.

13. Кайраттуулуктун ээси бол: Түрдүү кооптуу коркунучтарга кабылганда, адамдын өзүн-өзү эч нерседен коркпой кармай билүүсү – каармандык болуп саналат. Бул асыл сапат адамды ар түрдүү коркунуч учурунда ылайыксыз иштерди жасап коюудан сактайт.

14. Жумшактыкты туу туткун: Ачууланган чагында өзүндү кармай билгин. Жумшактык эң жакшы сапаттардын бири. Каары келген кезде өзүн кармап, тынч отуруп калуу ар кандай адамды өтө көп коркунучтуу, кооптуу жамандыктардан сактайт. Назик, кичи пейил, элпек, жумшак көңүл адамдарды ким болсо да жакшы көрөт.

Бир падышанын жанында өзүнүн уулу менен кызматчысынын уулу жанаша отурган эле.

Падыша өз уулунан сурап калды:

– Уулум чынын айтчы, сен бул дүйнөдө эмнелерди арзуу кыласын?

Көнүлүң эмнелерди каалайт?

– Дүнүйө мүлкүмдүн көптүгү менен атагымды жайылтуунү анан дагы ар дайым шарап ичип, аңчылыкка чыгып ырахат, жыргалда жүрүүнү арзуу кыламын, деп жооп берди падышанын уулу. Андан соң падыша өз кызматчысынын уулунан сурап калды.

– Туурасын айтчы, сенин келечектеги арзуу тилегиң эмне?
Кызматчысынын уулу өтө кичи пейилдик менен:

– Абийирдүү, кайрымдуу, мээримдүү, боорукер болуп калайыкка кызмат кылууну, жамаатка пайда келтирүүнү, жамы журттун сүймөнчүлүгүнө айланып, алкышын алууга татыктуу болууну каалаймын, деп жооп берди. Падыша анын сөздөрүнө абдан муюду. Бул жоомарт уулду өз ниетине, мурат максатына, түнүк тилегине жеткин, деп алкады. Аны жакшы тарбиялоого ниет кылып койду.

## «БИЛИМ БААЛУУЛУГУ» САБАГЫНА

### Акыл – билим даанышманы

*«Билимден акыл чыгат,*
*Акылдан накыл чыгат»*

Улукман акимден:

– Даанышман сөздөрдү кимден үйрөндүңүз – деп сурап калышты.

– Даанышман сөздөрдү сокурлардан үйрөндүм. Анткени алар ар бир кадам коё турган жерлерин сезмейинче алга баспайт – деп жооп берди.

Акылман, даана адам бардыгын көрүп жүрөт. Жакшылардын пикирин, орундуу көрсөтмөлөрүн жан дили менен кабыл алат. Ошого байланыштуу анын ар бир жасаган иши текке кетпейт. Акыры түбүндө жакшынакай натыйжаларды жаратат. Ошентип ал адам өз максат-муратына жетишет.

### Окуу менен түшүнүү бир түрдүү эмес

– Түшүнбөстөн окуган адам – окуудан пайда болуучу ийгиликтүү максатка кызмат өтөбөгөн киши.

– Тентектиктин эң зыяндуулугу – убакытты бошко кетиргендиги.

– Көп китеп окуудан жана көп дос арттыруудан майнап жок, кеп китеп менен досту тандай билүүдө.

– Билбестик айып эмес, билүүнү каалабастык айып.

– Адеп-ахлактын сулуулугу ата-тегинин атактуулугунан жогору турат.

Үч нерсе акылга күч кошот:

1. Илимдүүлөр менен маектешүү.

2. Тажрыйба жыйындысы.
3. Туруктуу мүнөз.
Үч нерсе акылга зыян келтирет:
1. Ойлонбостук.
2. Демилгесиздик.
3. Шашмалык.
Белгилүү даанышман Бузуржмерден:
– Билимди кандай нерсе безет? Токтоолуктучу, ак көңүлдүктүчү? – деп сурашты.
– Билимди – калыстык, токтоолукту – кечирим кылуу, ак көңүлдүктү жайдары маанайлуулук, ширин сөздүүлүк безейт.

ЖУСУП БАЛАСАГЫН. «КУТ АЛУУЧУ БИЛИМ»

Дастанды кунт коюп ыклас, ынтаа менен окуган инсан өзүнүн жан дүйнөсүнө жакшылыктын үрөнүн өндүрөт.

Анда:

«Улуулук – акыл-эстин натыйжасы,
А билим – улуу иштин дарбазасы.

Билим тизгин алга – көздөй сүйрөгөн,
Адымдай бер ал көрсөткөн жол менен

Билимдүү – аз, эң арбын билимсиздер,
Акмактар көп, эң эле аз илимдүүлөр»

Наадан көрбөйт, сокур анда көкүрөк,
Ач көзүңдү, билимге умтул тезирээк.

Жусуп бабабыз инсандагы асыл сапаттарды жетилдирүүнүн эң негизги каражаты окуу, билим, илим экендигине элди ынандырып, малга, пулга жардылык эмес, рухий жардылык адамды кемсинтип, жан дүйнөсүн жардылантып, наадандык касиетке ээ кылып катардан чыгараарын эскерет.

## АКЫЛМАНДУУЛУККА ТАРБИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ

Үй-бүлө тарбиясында балдарды ар тараптуу жакшы сапатка, өнөргө тарбиялоо, үйрөтүү пайдалуу. Бирок алардын ичинде өзгөчө маани берүү зарылы, менин пикиримде бул акыл тарбиясы, акылмандуулукка умтулууга тарбиялоо өзгөчө маанилүү. Себеби, эгер балдарыбыз таалим-тарбия аркылуу акылмандыкка жетишсе, анда акылы менен башка бардык жакшы сапаттарга, өмүрдө, турмушта, кызматта ийгиликке жетишет деп ойлоймун. Буга төмөнкү мисалды келтирсек, балдарга кызыктуу жана жугумдуу болот.

Доот падыша болуп турган кезде көп балдарынын ичинен Сулайманга тактысын калтырам деп убада берип, көзү өтө электе эле аны такка олтургузган экен. Сулайман такка олтурган соң, Кудай ага аян берип: «Эмнени каалайсың? Кандай тилегиңди орундатайын?» – дейт. Ошондо Сулайман «О, Жараткан эгем, мен алсыз, карапайым адаммын. Ушунча элдин үстүнөн падышачылык кылуу үчүн мага акылмандык бере көр», – деп жооп берет. Ошондо Кудайга Сулаймандын тилеги жагып: «Сен душмандарыңдан кек алууну, байлыкты, мансапты, же башка керт башыңа керек пендечилик кызыкчылыкты сурабай, акылмандыкты сурадың. Тилегиң орундалсын, байлык, атак-даңкты сага кошуп берем», – деген экен.

*«Адеп билими», 10-бет.*

Бул аңгемени айтып берип, балдарга акылмандуулукка жетүүнүн жолу акылдуу китептерди баалап окуу, акылдуу адамдардын өмүрүн, эмгектерин үйрөнүү, турмуштан сабак ала билүү ж.б. экендигин айтуу, жана акылман адамдар менен аңгемелешүү экендигин айтып, түшүндүрүү жакшы.

Бул багыттагы тарбияда төмөнкү китептерди сунуш кылса болот. «Ой гүлдөрү», «Залкар ой мурастары» ж.б. санат, насыяттар, улуу инсандар жөнүндөгү китептер.

## «АГАНЫ КӨРҮП ИНИ ӨСӨТ, ЭЖЕНИ КӨРҮП СИҢДИ ӨСӨТ»

Кээ бир үй-бүлөдө ата-энелер жогорудагы макалды медер тутуп чоң уулун же кызын жакшы тарбиялап, таалим берип, кийин ошонун жолун кичинелери жолдоосуна жетишет. Ага-ини, эже-сиңдилердин бир-биринен үлгү алуусун, тарбияла-

нуусун көзөмөлдөп, тескеп, багыт берүүсү үй-бүлө алгач мектепте туура уюштурулуп, пайдаланылса оң натыйжа берерин эске алып, сиздерге окуу-тарбия ишинде ага-ини, эже-сиңдиликти пайдалануу жөнүндө усулдук сунуштан үзүндү сунуш кылам.

## Үй-бүлө жана мектептеги окуу-тарбия иштерин жакшыртууда ага-инилик, эже-сиңдиликти пайдалануу

1. Бир үй-бүлө балдары баары жакшы окуп, үй-бүлө абийирин сакташы керектигин түшүнүү.

2. Жакшы окуган ага-эженин жолун жолдоо.

3. Чоңдору кичинелеринин билими, жетишүүсү жөнүндө класс жетекчиси, мугалимдеринен сурап, билип турат.

4. Кичинелери ага-эжесинин окуусу, бааларына кызыгып, билип турат.

5. Сабактан жетишпеген ини-сиңдисине жардам берүү жөнүндө класс жетекчи, предмет мугалими чоңдоруна билдирет, жардам сурайт.

6. Ата-энелери келе албаса чогулушка ага-эжелери катышып, кызыгып сурап, жооп берет.

7. Ар чейрек сайын журналдан иниси же сиңдисинин чейрек баалары менен кызыгып, билип турат.

8. Ага-эжесинин ийгилиги менен инилери кут[illegible]гайт (же тескерисинче).

9. Педконсилиумга туугандарын катыштыруу.

10. Класс жетекчи, жигиттер, кыздар кеңеши [illegible] кылуу чоңдору кичинелерине жооп беришерин, кичинелери чоңдорунун ийгилиги менен сыймыктанып, кемчилиги үчүн намыстанышаарын айтып, түшүндүрүп, практикалоо.

11. Бир үй-бүлөдө экиден көп балдары окугандарды атайын тизмеге киийрүү.

12. АЭМ китебин ага-эжелери окуп, үйрөнүп, кичинелерине үйрөтүү.

13. Ар бир үй-бүлөлүк окуучулардын чоңу инилеринин окуу-тарбиясын контролго алат, жооп берет.

14. Бир туугандардын конкурсу.

15. Үй-бүлөдөгү окуучу инилери окушу керек болгон адабий китептер тизмесин жазып алуу, окуусуна жардамдашуу.

16. Сабак окууга мамилеси, үй-бүлөдө үй тапшырма, бош убакытты пайдалануусу жөнүндө бир туугандардан системалуу сурап билүү, үйрөнүү, керектүү багытта таасир кылуу.

17. Үй-бүлө маданияты жөнүндө түшүнүк берүү (жобо түзүү).

18. Жалпы жыйында бир туугандарды (бардыгы отличник же ударник ж.б.) куттуктоо, даңктоо.

19. Бир туугандар үй-бүлөдө «Үй-бүлө китепканасын түзүүсү.

20. Ини-синди, ага-эжесинин тажрыйбасын үйрөнөт.

21. Ага-эжелерине инилеринин билим алуудагы, китеп окуп, түшүнүп, эсеп иштөө, сүйлөө ж.б. кемчиликтери жөнүндө так, даана айтып, түзөтүүнүн жолун көрсөтүп, жардам суроо.

22. Бир туугандардын баалуу сапаттары, традицияларын калыптандыруу, сактоо, өстүрүү (Мисалы: Баары жакшы окуйт, же баары сүрөтчү, же математик, адабиятчы, окурман ж.б.). Ушул багытта тажрыйбасын үйрөнүп, жайылтуу.

23. Ага-эжелери инилеринин:

– Өз алдынча билим алуусу,

– Кругозорун өстүрүүсү,

– Дене тарбиясы,

– Китепканадан адабий китеп окуусу,

– Маданияттуулукка үйрөнүүсү,

– Өзүн-өзү тарбиялоосуна жардам берип, уюштуруп, контролго алып ата-энеси менен, мугалимди байланыштырып турса жакшы болот.

– Булардын баарын системалуу ойлонуп, этияттык менен алып баруу зарыл.

Г. МАДАМИНОВ, 15.12.1995-ж.

## ТЕРС САПАТТАРДАН БАЛДАРДЫ САКТОО ЖӨНҮНДӨ

Ата-эне үй-бүлөдө балдарынын тарбиясын алып барууда жалаң оң сапаттарды айтып, ошого үгүттөп калбастан адамдарда учуроочу терс сапаттарды да айтып, анын маани-маңызын, зыяндуулугун түшүндүрө жүрсө жакшы болот.

Мисалы, төмөнкү сапаттар адамды жамандыкка жетелээрин, зыяндуу, уят экендигин түшүндүрүүсү зарыл:

1. Кызганыч
2. Көрө албастык
3. Ээн ооздук
4. Текебердик
5. Жалганчылык

6. Ыпыластык
7. Чагымчылдык
8. Кыянатчылык
9. Түркөйлүк
10. Жалкоолук
11. Сыйкалык
12. Пастык
13. Эки жүздүүлүк
14. Куулук
15. Кекирейгендик
16. Менменсинүү, билигине, байлыгына чиренүү.
17. Кошоматчылык ж.б.

Үй-бүлөдө ангеме, дасторкон четинде сухбат ж.б. учурларды чогуу китеп окуп, теле берүүлөрдү көргөндө мына ушул терс сапаттар, алардын терс жактары жана башкалар жөнүндө балдарга түшүндүрүп, мисал айтып берүү пайдалуу.

Китеп жана кинодогу терс каармандардын мына ушундай терс сапаттары жөнүндө ангемелешүү, талкуулоо жакшы болот.

## АТА ТАРБИЯСЫ
(атамдын осуяты мисалында)

*«Уулум, адамдар сенден береке тапсын»*
*Атам Маматкулдун осуяты*

Балдарга атанын тарбиясы, акыл насааты ыгы менен айтылса жакшы таасир берерин, өмүр бою эсте калаарын турмуштук мисалдан көрүп, сезип жүрөмүн.

Ага өзүмдүн атамдын тарбиясынан да мисал келтирсем болот. Атам Мадаминов Маматкул өзгөчө билимдүү же мансап, дөөлөт күткөн деле эмес. Ал эмес, балалыгы оор жылдарга туш келип, (20–30-жылдар) толук орто билими да болгон эмес.

Жаштыгынан турмуштун оор кыйынчылыгын көрүп, М.Горкий сыяктуу, бардык билим тажрыйбаны «турмуш» университетинен алган.

Кой баккан, армияда кызмат кылган, кийин пенсияга чыкканга чейин Сүлүктү шахты башкармасында катардагы жумушчу болуп иштеген. Ошол бир жерде, 20–30-жыл үзгүлтүксүз иштегени үчүн 1989-жылы шахта башкармасы тарабынан «Жигули» автомашинасын алууга татыктуу болгон.

Энем Курсанай 9 баланы чоңойтуп, тарбиялап үйлүү-жайлуу кылган. Анын 5и жогорку билимдүү, калгандары да атайын орто билимдүү.

Өзү да, балдары биз да эл катары эмгектенип, жашап, күн өткөргөн жөнөкөй адамдарбыз.

Бирок мен атамдын жөнөкөй, мээнеткеч адам болсо да, жеке турмуштук тажрыйбадан акылы толуп, бай тажрыйбага ээ болгон, өзүнчө даанышман адам экендигин эс тартып чоноё баштаганда анын сөздөрүнөн, адамдарга мамилеси, күндөлүк турмуш тиричиликте байкай баштадым эле. Бүгүнкү күндө бир аз окуп, элди-жерди көрүп, ар түрдүү адамдар менен баарлашып ага дагы бир жолу ишендим. (Мүмкүн ар бир балага ата ошондой болор. Ошондой болсо, эң сонун болмок...)

Атамдын бизге эң чоң тарбиясы, анын жеке эмгекчилдигинде, тынбай аракетинде эле. Ал көбүнчө тынымсыз эмгектенген чор болгон колдорун көрсөтүп балдарым, мен силерди ак эмгегим менен чоңойттум, окуттум. Силер да мээнеткеч болгула, адам болгула, ак эмгек менен нан таап жегиле деп айтар эле. Атамдын ал сөздөрү бүгүнкү күндө да кулагымда жаңырып турат. Мен көбүнчө ойлоп калам, «мен окуучуларыма, балдарыма чала билимдүү атамдай тарбия берип, из калтыра аламбы» – деп.

Атам үй-тиричилигинде эмгек тарбиясына өзгөчө көңүл бурат эле. Ким баласын жакшы көрсө, ишке (эмгекке) үйрөтсүн. Катуу тартипке үйрөтсүн деп айтар эле.

Айланайын деп, артыкча алпештеген бала бошоң болот, аталадай эзилип өзүңдү да, бирөөнү да уят кылат деп айтар эле.

Бирок, үй-тиричилик ишинде да, өкмөттүн ишинде да ойлонуп иштегиле, оолукпагыла, шашпагыла деп, өзү үлгү көрсөтөр эле. Мисалы, үй, короо жайды шыпыруу, тазалоо, чөп чабуу, жер айдоо ж.б.

Эмне ишти кылса да берилип иштер эле. Ал киши жасап жаткан ишти карап туруп, сен да жасагың келип кетер эле. Эми түшүнсөм, атам жумушту «сулуулук» эрежеси менен, адамдын сугу түшкөндөй бүтүрүүгө аракеттенген экен.

Жумушту дайыма ачык маанай менен, күлүп жайнап кылгыла дээр эле. Атам менен иш кылсак эч чарчабайт да, зерикпейт да элек. Көп күлдүрүп сүйлөшчү.

Ошол эле учурда өтө сүрдүү, катуу талапчыл эле. Эмне ишти кылсаң эмгек куралыңды даярда, күрөк, орок, балта, керки ат жабдык ж.б. баары таза, курч, ишке жарамдуу болсун. Ошондо ишиң ойдогудай болот деп айтар эле. Эмгек ку-

раларын иштен кийин тазалатып, өз ордуна ирети менен койдурчу.

Талааны, турмуш-тиричиликти, мал-чарбачылыкты, дыйканчылыкты эң жакшы көрөр эле. Биз студент кезибизде, айлыгы жетишпей, «Серпая» «Тегерек» ж.б. адыр-талаалардан чөп оруп, сатып, бизди окутчу. Ошондо мен чор баскан, жарылган атамдын колдорун көрүп ичимден аяп кетер элем. Атамдын эмгегин кантип актайм деп кудайдан ошону тилейт элем.

Ишти берилип иште, бүтүргөн ишиң өзүнө жакса анан башкаларга жагат, өзүң менен өзүң кенеш деп көп айтар эле.

Кыргыздын баласы болсоң атты, эшекти токуп, миништи бил. Жаныбарларды коргой бил деп айтар эле. Өзү ат минсе аттын жоргосун, көрктүүсүн тандап минер эле. Тоодо түздө, эңкейиште түшүп жетелеп алар эле. Эмнеге деп сурасак, малга жабыр болот дечү. Айрыкча жүк артканда өйдө-ылдыйышта жетелеп алгыла дечү эле. Ошентип, атам бизди мал-жаныбарга да мээримдүү болууга тарбиялап жүрүптүр.

Өзү гезит окуп, телевизор көргөнү менен саясатка аралашчу эмес. «Биз жөнөкөй адамбыз, өз ишибиз, милдетибизди жакшы аткарып, туура, таза жашасак болду» деп айтар эле.

Кээ бир адамдардын бардык сөзгө аралашып, баарын сындап сүйлөгөнүнө таң калып, жактырбайт эле. Ар ким өз ишин кылыш керек дейт эле.

Эгер сүйлөсөң, аралашсаң, «грамотно» аралаш дечү. Үй-бүлөдө дасторкон четинде олтуруу, чай куюу, узатуу «оомийин» кылып туруу баарыбыз үчүн закон болчу.

Сүйлөгөндө шашпай, так, даана сүйлөгүлө, майда сөз болбо, так ток этерин сүйлө деп айтар эле.

Ыплас, пас сөздөрдү оозуна да алба деп эскертер эле. Бирок бирөөдөн, радио, телевизордон акылман адамдардын сөздөрүн угуп калса, кайталап айтып, эсте сактоого аракет кылчу. Көбүнчө чөнтөгүндөгү блокнотуна чиймелеп жазып алар эле. Мисалы: А.Навоийнин **«Адамдар бар адамдардын накшыдыр, адамдар бар айбан андан жакшыдыр»** деген сөзүн жазып жаттап алып көп айтып жүрөт эле.

Атам «Равшанбек» дастанын жакшы билет эле. Атамдын атасы Мадемин да карыган учурунда ошону окутуп, ыйлап, толкундап угуп олтурганы эсимде.

Үй-бүлөбүз, илгери телевизор жок кезинде ошол дастанды чогуу окутуп угуп, жаттап айтып жүрүшкөн экен. Үй-бүлөдө балдардын рухий тарбия алуусуна, көп жакшы сапаттарына ошол дастандын ролу чоң болгон деп ойлоймун. (Менин оюм-

да, ар бир үй-бүлөнүн чогуу окуй турган мына ушундай сүйүктүү чыгармасы болсо, муундан муунга өтсө жакшы болор эле).

Атам, атамдын эжеси Ташбүбү, энем да, атамдын атасы да «Равшанбек» дастанынын көп бөлүгүн жаттап айтышып, суктанышып, ой бөлүшүп, бизге кичине кезибизде айтып беришер эле. (Азыр ал дастандын көп саптары менин да эсимде).

Атам өзү окуй албаганы үчүнбү, мени «уулум, сен жакшы оку» деп эскертип турар эле. Сабагыңды даярда, бош болсоң орусча китеп, гезит оку деп айтып, кээде, окутуп укчу. Атамдан уялып, туура, так окууга тырышар элем.

«Күндөлүгүңдү алып кел, мен бир көрөйүн» дечү. «5» көп болсо сүйүнүп кол коюп берчү эле.

Мугалимдерди өтө сыйлачу. Айрыкча Шамке Рысалиевич, Мойдун агайды урматтачу. Ш.Рысалиевди «сөзү курч», өктөм, кесип сүйлөйт, билимдүү деп баалаган.

Ата-эненин мугалимдерге болгон урматы балдарына да өтөөрүн, алардын жакшы окуусуна өбөлгө болоорун мен ошондо сезгем. Атам көбүнчө «Устаз, атаңдан улук» деп, айтар эле.

Сабак даярдоо үчүн атайын үй (кичине), стол, стул, китеп койчу текче жасап берген эле. Биз, атам, апам ал үйдү «Мектепкана» дечүбүз. Ошол үйдө сабак даярдачубуз.

Атам билим-тарбияны көптү көргөн, билген, өмүрү өрнөк адамдардан да алууну көп айтар эле. «Уулум, көптү көргөн, өткүр, бийик адамдар менен бирге бол. Сөзүн ук, жүрүш-турушун, мамилесин үйрөн» дечү.

«Адамды тааны, инсан тааны, эл тааны, жер тааны. Сени дагы эл таанысын деп кулагыма куйчу. (Гимназияда экспериментталдык «Инсан таануу» сабагын киргизүүмө да атамдын ушул сөздөрү себеп, түрткү болсо керек.)

Өзү да тажик, кыргыз, өзбек элинин арасынан тааныш-тамырлары көп эле. Эл ичинде, эл сыйлаган көп адамдарды таанийт эле жана аларга жакшы урмат, сый менен мамиле жасачу.

Ал адамдар чоң кызматтагы адамдар эмес, атам айтмакчы «карачапан» адамдар эле, бирок элдин ажатын ачкан «эл адамы» дечү аларды.

Атам, ар бир ишти, өнөрдү керек эмес убагында сурап, көрүп, үйрөнүп ал, керек болгондо билбей, таппай каласың деп айтчу. «Жигитке жетимиш өнөр аз», баардык ишти үйрөнгүлө дечү. Ат-эшекти да, мотоциклди да, машинаны да айдоону үйрөн, мүмкүн болсо самолётту да айдап үйрөн деп тамашалап айтып калчу.

Тиричиликте жөнөкөй ишти жасоодон уялба (мисалы мал кароо, шыпыруу ж.б.), пас иш кылуудан, элге уят иш жасоодон этият бол деп айткан.

Ар бир иштин өз кийими, жарак-жабдыгы болушу керек. Ошондо иш жакшы болот дечү. Качан көрбө атамдын жумуш кийими даяр турчу. Жумуш кийиминди кийип жүрүүдөн уялба деп айтар эле.

Бирок ошол жумуш кийимдерди да таза кийчү, далбыратып кийбе, баары жарашыктуу болсун дечү.

Атам бизди шаарга, тоого, жайлоого ар убакта саякатка алып барат эле. Тоону, арчаларды, сууларды көрсөтүп суктанып, табиятты сактагыла дечү.

Кооз жерлерде, шибер-чөптүн үстүндө олтуруп, уламыш-легендаларды айтып берчү. Ар жылы үй-бүлөбүздү чоң машинага салып Төө жайлоосуна алып барып, эс алдырып келчү. Ошонун баары бизди табийгатка таазим кылууга, кооздукту байкап, баалоого үйрөттү.

Атам менен эл аралап жүргөнүмдө айрыкча тойлордо, чайханада ар түрдүү адамдар менен тааныштырчу. Көптү көргөн, билерман адамдар болсо, сөзүн ук деп жанына олтургузчу.

Окууну, эс алууну, иштөөнү, кийинүүнү, сүйлөөнү таза, сулуу адеп менен жаса деп айтып, өздөрү үлгү көрсөтчү. Мисалы: Өзү ылайда, талаада, ЖКОдо иштесе да кийимин, өтүгүн таза кармачу. Атам иштеп келгенде кийиминен темир, май, отун, жыгачтын жытын, талаадан келсе талаа чөптүн жагымдуу жытын колуна суу куюп жатып сезчүмүн. Атам кандай жасаса, кандай иштесе жарашып калчу. Көбүнчө чөнтөгүнө жыттуу чөп (кийик от, шыбак, жалбыз, коён томук ж.б.) салып коёр эле. Эгер салбаса да ошолордун жыты келип турар эле. Кээде ошолордон бизге алып келип, жыттагыла, бул тоонун чөбү деп айтат эле.

Атам таарынчаак, кекчил, эки жүздүү, жалкоо адамдарды жаман көрчү, бизди да андай жаман касиеттерден алыс болгула дечү.

Үй-бүлөдө кыз бала мейман, бирөөнүн перзенти, аларды эркелетип, көңүлүн көтөрүп жүргүлө дечү.

Көчө, той-тамаша, жолдо, иште каерде болбосун адамдардын айрыкча жаштардын, кары кемпир-чалдардын көңүлүн көтөрүп сүйлөчү.

Азыр билсем, ал сөздөр адамга дем берип, зоболосун көтөрүп, жакшылыкка, марттыкка шыктандырат экен.

Окусаң да, иштесең да астейдил, чын көңүлүңдөн бүтүр, үстүртөн бүтүрбө, бул жакшы адамдын белгиси дечү.

Атайлап коомдоп, жылма сүйлөгөндөрдү жактырбай жек көрчү. Кол учунан, эптеп иштеген адамдарды жактырбай, бизди андай болбогула деп эскертчү.

Убакытты бош өткөргөндү, бекерчини жаман көрчү.

## МУГАЛИМ, МЕКТЕП, КИТЕП, БИЛИМ ЖӨНҮНДӨ БАЛДАР МЕНЕН ҮЙ-БҮЛӨДӨ АҢГЕМЕЛЕШҮҮ

Кымбаттуу ата-энелер, сиздер өзүңүздөрдүн балдарыңыз үчүн эң биринчи үлгү, насаатчы, кеңешчи, ишенген, жол көрсөткөн адам болосуздар. Сиздердин насаат сөздөрүңүздөр алар үчүн өтө маанилүү.

Ошол себептен үй-бүлөдө дасторкон айланасында, коноктор менен олтурганда же өзүңүздөр да балдарыңыз менен олтурганда мугалим, мектеп, китеп (адабий китеп да), билим жөнүндө сиздердин оозуңуздардан угуп барса, анын өтө чоң тарбиялык мааниси бар. Аны эки жол менен өткөрсө болот.

1. Үй-бүлөдө балдарды атайын чогултуп же дасторкон үстүндө (мугалим, мектеп, билим) сүйлөшүү, мисал айтып берүү, окуучулардын сөзүн угуп, алардын оюн, көз карашын керектүү багытка буруп баруу зарыл. Мында сиздерге башта айтылган 1, 2, 3 темаларды пайдаланып, турмуштук өзүңүздүн билген мисалдарыңызды кошуп сүйлөсөңүз өтө таасирдүү болот.

2. Мында сиз түздөн-түз балдарыңызга эмес, өмүр жолдошуңуз же келген коноктор менен билим, мектеп, маданият жөнүндө сүйлөшүңүз бул аңгемелешүүгө балдарыңызга мүмкүндүк берсеңиз, анда мунун пайдасы өтө жогору болот. Анткени бул сезилбестен, бирок жугумдуу таасир берет.

Сиздер бул сүйлөшүүлөрдү чын ыкластан, билим, мектеп, мугалимге урмат менен алып барсаңыздар, уккан, көргөн, билген же китептен окугандарыңыздан таалим тарбиялык мааниси бар жерлеринен айтып берсеңиз бул да өтө пайдалуу. Кээде И. Раззаков, Карим Сүйүн, Шайдилла Акжолов, Абдиравим Шама, Курбаналы Сабыров, Б. Төлубаев, Атакозу Азизов, Закир Эралиев, Мархамат Исабекова жана башкалар жөнүндө алардын илим-билимге, маданиятка ынтызарлыгын, кошкон салымын өмүрүнүн үлгүлүү учурлары жөнүндө билгендериңизди айтып берсеңиз, алардын балдарыңызга таалим-тарбиялык мааниси чоң.

Айрыкча өзүбүз жашаган айылдагы илим билимдүү адамдар, ал эмес өзүбүздүн мектепке окуп, жакшы бүтүрүп азыр Ош, Бишкек ж.б. шаарларда окуп жатышкан уул-кыздар. Мис: Базарбаева Абдирасул, Жумагулова Арзы, Аширматова Гүлзат, Миңдибаева Гулина, Мамытова Асел жана жакшы жумушчу, дыйкандар, ак ниет инсандар жөнүндө айтып берсеңиз болот. Ошондой эле кыргызстан-америкалык университетинин студенткасы Мурадова Насиба, БГУнун студенткасы Токтоназарова Чынарлар жөнүндө да айтып берсеңиздер эң жакшы үлгү болот. Ошондой эле ушуларды окутуп, тарбиялаган мугалимдер, алардын эмгегинин мааниси жөнүндө аңгеме куруңуздар. Кээ бир ата-энелер окуучу балдары үчүн атайын Бишкекте, Ошто окуп жүрүшкөн студенттерди бир пияла чайга чакырып, аларга ызат-урмат көрсөтүп, балдары менен аңгемелештирип бирге олтурушат экен. Ал студенттер окуунун жүрүшү ж.б. жөнүндө кызыктуу айтып берсе, балдарга өтө таасирлүү болот.

Кээде үйгө илим-билимдүү, көптү көргөн, урматтуу коноктор келсе, алардын кымбат сөз, аңгемелерин уксун деп, ата-энелер керек учурунда балдарын чакырып, Булардын таберик, кымбаттуу сөздөрүн угуп калгыла деп шарт түзөт экен.

Бирок булардын баарын этияттык менен, ар убакта балдарды тажатып жибербестен, ошол эле учурда системалуу, жөнөкөй алып баруу керек. Өтө эле ашыкча насаат айта берүү, мажбурлоо, коркутуу, таңуулоо зыяндуу. Баары табигый – жөнөкөй болушу керек.

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ АДАБИЙ КИТЕП ЖӨНҮНДӨ АҢГЕМЕЛЕШҮҮ, БАЛДАРДЫ КИТЕПКӨЙЛҮККӨ ТАРБИЯЛОО

«Мен өзүмдөгү бардык жакшы сапаттар үчүн китепке милдеттүүмүн» деп айткан экен М. Горкий.

Балдарыбызды адамгерчиликтүү, ыймандуу, акыл-эстүү, боорукер кылып тарбиялоонун бир чоң каражаты – бул адабий китеп. Ал биз, ата-энелер, акылыбыз, тажрыйбабыз жетишип айталбагандын көбүн көркөмдөп, кызыктуу кылып айтып берет, түшүндүрөт.

Адабий китептерди окуу менен балдар жашоонун терең мазмунун, бийик максаттарды, ага жетүүдөгү карама-каршылык, кыйынчылык ж.б. түшүнүп билет, ошого ак ниеттүүлүк менен жетүүгө аракет кылат.

Бирок өкүнүчтүүсү азыркы учурда биздин балдарыбыз телевизор, радио, магнитафон, видео деп дээрлик адабий китеп окубай койууда. Буга маани берип, аларды багыттаган да адам аз. Мектепте мугалимдердин айтканы таасирсиз болууда. Бул жерде көп маселе үй-бүлөдө ата-эненин, мектепте китепканачынын аракетинен да көз каранды. Бирок азыр биз үй-бүлөдө балдарды китепти сүйүүгө тарбиялоо жөнүндө сөз кылмакчыбыз.

Эң биринчи китептин маанисин ата-энелер өздөрү туура жана терең түшүнүүсү зарыл. Адабий китеп бул жөн эле бош убакта эрмек кылуу үчүн жазылган эмес, ал жаштарды мыкты сапаттарга ар тараптан тарбиялоо үчүн автор тарабынан 5–10 жыл ичинде чоң эмгектин натыйжасында жазылып чыккан.

Ата-энелер өздөрү мына ушуларды түшүнүп, китепти сүйүүнүн, ага кызыгуунун жана этият мамиле кылуунун үлгүсүн балдарына көрсөтүшү зарыл. Мүмкүн болушунча балдар үй-бүлөдө ата-энелеринин китеп окуп олтурганын көрүүсү зарыл. Эгер окуган китептериңиздин кызыктуу жерлеринен айтып берип, ой бөлүшүп жүрсөңүз, бул да өтө маанилүү. Анын мааниси өтө чоң.

«Китеп оку, болбосо таяк жейсиң» – деп айтсак болбойт. Ал үчүн мүмкүн болсо, биринчиден өзүбүз үлгү көрсөтүүбүз керек, болбосо көп окугандарды мисал келтирүүбүз керек.

Экинчиден, үй-бүлөдө атайын китепкана түзсөңүз жакшы болот. Ал үй-бүлөлүк китепкана балдардын жашына ылайык (түстүү сүрөттүү китеп, жомок, аңгеме, повесть, фантастика, роман ж.б.) китептерди атайлап, көп жылдап чогултуп, көркөмдөп жайгаштыруу керек. Бирок бул кооздук үчүн коюлган эмес, өзүңүз жана балдарыңыз этияттык менен пайдалануу каражат, Сиздердин кызматыңыздар балдардын рухий-моралдык өсүүсү үчүн күлазык болуусу керек.

Үчүнчүдөн, базарга, командировкага, алыс меймандга барганда балдарыңызга башка белек, базарлык менен бирге китеп соога кылсаңыз, аны реклама кылып, аны окууга кызыктырып анан тапшырсаңыз эң жакшы болот.

Төртүнчүдөн, мектепке чейинки (5–7 жаштан баштап) куракта сүрөттүү китептерди, жомокторду бирге көрүп, окуп берип, кийин мектеп жашында да окуган китептерди чогуу, талкуулап, ой бөлүшүп барсаңыз китептин таалим-тарбиялык мааниси артат.

Бешинчиден, үй-бүлөдө китепканасы бай, балдары көп окуган, ошонун натыйжасында жакшы билим алган, адам-

герчиликтүү, эл арасында чоң абройго жетишкен үй-бүлө, ата-эне, балдарды мисал кылып айтып берүү пайдалуу.

Алтынчыдан, телевизордон көргөн көркөм тасмалардын мультфильмдердин бардыгы китептерден алынып тартылганын, эгер китебин окуса андан да кызыктуу, толук болорун айтып берүү эң жакшы.

Жетинчиден, мезгил-мезгили менен балдарды ээрчитип айыл, район китепканаларына, китеп дүкөнүнө алып барып китеп тандап келүү.

Сегизинчиден, айылдагы китеби көп үй-бүлөлөр менен китеп алмашышып туруу.

Элибиз байыркы заманадардан бери эле көркөм адабият аркылуу балдарды рухий жактан байытып, ар тараптуу тарбиялоого маани берген. Ошол үчүн «Манас» эпосу, «Курманбек», «Эр Төштүк» ж.б. жомок, уламыш, легендаларды пайдаланган. Балдар кыштын узун түнүндө чоң эне, чоң аталарынан жомокторду угушкан. Дээрлик ар бир үй-бүлөдө кемпир чал, ата-эне балдарына жомок айтып келген. Бул ошол кезде китептин ордун баскан.

Ар бир үй-бүлөдө балдар «Жомок айтып бериңиз», «табышмак айтып бериңиз» деп ынтызарлануучу эле. Өкүнүчтүүсү азыр андайлар аз. Азыркы балдар сурабайт, ата энелери жомок, уламыштарды билбейт. Мына ошентип ата бабалардан мурас болуп келаткан бай мурас, тарбия каражаты болгон жомоктор унутулуп баратат. Мүмкүн ошол себептүү биздин балдарыбыз таш боор, мээримсиз, кайрымсыз болуп бараткандыр.

## БАЛДАРЫҢЫЗ СИЗДИН КЕЛЕЧЕГИҢИЗ

*Жакшы наам калтыруу кааласаң эгер,*
*уулуңа акыл бер, үйрөт өнөр!*
*Уулду эркелетип өстүрүү катаа,*
*андайлар турмушта көрөт көп жапаа.*
*Чыдам бер татысын турмуш көп азын,*
*жаныңдай сүйсөң да көтөрбө назын.*
*Жашынан адеп, илим-өнөр бер,*
*Жакшылыкка үйрөт, жамандан кайтар.*

*Саьдий ШЕРОЗИЙ*

Бардык ата-энелердин тилеги балдары эсен болуп, жакшы билим-тарбия алып, карыганыбызда арка-жөлөк болсун

элге кызмат кылсын деп тилешет. Чындыгында азыр 30–35 жаштагы ата-энелердин 20–30 жылдан кийинки келечеги бүгүнкү мектепте окуп жаткан балдарына көз каранды. Алар дени-соо, билими бышык, боорукер, адамгерчиликтүү болсо, мектепти жакшы бүтүрүп, жогорку билимдүү адис (ал эми келечек бул – билимдүүлөрдүн заманы) болсо, эч болбосо мектептен алган билими менен ак ниет, чынчыл, эмгекчил, күш пейил адам болсо – бул сиздин бактылуу, үзүрлүү карылыгыңыз.

Биз балдарыбыздын келечегин материалдык жактан камсыз кылууга кайсы даражада аракет кылсак (үй куруп, килем токуп, мал багып ж.б.) да аларды, таалим, тарбия жагынан камсыз кылууга ага караганада 4–5 эсе көп аракет кылуубуз керек. Себеби «байлык – бул колдун кири» деп айтылат элибизде. (Албетте азыркы заманда байлык да керек). Атадан бай мурас алып кийин анын кадырын билбей, ысырап кылып, кембагалдашып калган, же мал дүйнөгө берилип, адамгерчиликти унутуп, акча-пул деп ошону эле ойлоп калган адамдар да болушу мүмкүн.

Ошон үчүн урматтуу ата-энелер, мейли балдарыңызда акча, пул да болсун, бирок эң башкысы эгер сиздер алар үчүн бактылуу келечек, өзүңүз үчүн үзүрлүү карылыкка аракет кылып, тилек кылсаңыз анда алардын мектептен жакшы билим-тарбия алуусуна, асыл сапаттуу адам болушуна кам көрүңүз.

«Эң кымбат, соолгус байлык, мурас бул – жакшы тарбиялагандыкы» – деп айтат акылман карыяларыбыз, элибиз.

## АТА-ЭНЕ БОЛУУ БУЛ ЧОҢ ЖООПКЕРЧИЛИК

Атанын да, эненин да балдар алдында өз милдеттери жоопкерчилиги бар. Ата балдарынын тышкы дүйнөгө ишенимдүүлүгүн, ийкемдигин, байланышын калыптандырат. Бекеринен кыргыз эли «Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны» деген эмес. Ал эми эне балдарыны мээримдүүлүккө, сүйүүгө болгон керектөөсүн толуктап, ички дүйнөсүнүн тынчтыгы жана тең салмактуулугун камсыздайт.

Көбүнчө ата-эне жумуш, турмуш-тиричиликтен балдарды тарбиялоого колум бошободу деп өзүн актайт. Бирок балдарынын жанында болуп машыгууга колу бошобосо да алардын руханий керектөөсүн байкоосу зарыл, мына ушул эң маанилүү. Жумушка байланыштуу үй-бүлөдөн алыста болсо да телефон, кат аркылуу үй-бүлө менен байланышып окуусу, жашоосу жана

жан дүйнөсүнүн абалы менен кызыгып, руханий керектөөсүн билип турса бул балага дем, күч болот. Алар ата-энем алыста же жумуштан колу бошобосо да менин окуум, жашоомо кызыгат, кам көрөт деп сезип, өзүнүн керектигин, баалуулугун түшүнөт. Ал эми бул түшүнүк бала үчүн өтө маанилүү. Бул түшүнүк аркылуу ата-эне балдарынын жан дүйнөсүнө жакындай алат.

Көпчүлүк ата-энелер Россияда, Казакстанда ж.б. чет өлкөлөрдө ал эмес айылдан алыс Бишкекте балдарды багуу үчүн иштеп жүргөн азыркы күндөрдө мындай өздөрү алыс болсо да жан дүйнөсү жакын болууну түшүнүүсү өзгөчө маанилүү.

Турмуш-тиричилик, акча байлык деп өз балдарына кайдыгер, кош көңүл мамиледе болуп же балдарга зордук-зомбулук менен тарбия берген, сүйүү, мээрим жетишпеген үй-бүлөлөрдө эки түрдүү балдар өсүп чыгат. Биринчиси эч кимге жана эч нерсеге кызыкпаган, окугусу келбеген, көздөрүндө балалык учкун байкалбаган түнт балдар. Экинчиси эркелетүү, сүйүү, мээримге тойбогон, башкаларга да аны бере албаган ачуулуу, агрессивдүү балдар. Мындай балдар келечекте өзүнө, жакындарына өздөрү жашаган коомго зыян келтириши мүмкүн.

Ошол үчүн бир дагы ата-эне бала тарбиясына жоопкерчиликсиз мамиле кылууга укугу жок. Башкача айтканда бала тарбиясына астейдил, чын дилден көңүл буруп, ал үчүн атайын китептерди окуп, билерман адамдардан консультация алып бала тарбиясына өз алдынча изденип, даярданып, көңүл бөлүп толук арнаса гана келечекте коомго да, ата-эненин өзүнө да пайдалуу, бактылуу балдар өсүп чыгат. Демек бала тарбиясы эптеп төрөп, кийинтирип, тойгузуп, айтканынын баарын алып берүү менен боло турган өзүнөн өзү жүрө турган маселе эмес. Бул балдардын алдында, коомдун алдында, Кудайдын алдында олуттуу, жоопкерчиликтүү маселе. Аны биз ата-энелер ар дайым эсте тутуубуз зарыл.

## ТУУРА ТАРБИЯ

Бир айылда бир кадырлуу, акылман карыя жашай турган. Ал балдарды өтө жакшы көргөндүктөн дайым алар менен ойноп, аларга ар кандай белектерди бере турган. Бирок ал берген оюнчуктар дайыма жука жана өтө назик боло турган. Балдар алар менен көпкө ойной алышчу эмес, себеби бат эле сындырып алышчу. Ыйлап келген балдарга карыя андан дагы назик оюнчуктар берчү. Канчалык аракет кылышпасын, балдар аларды көп өтпөй эле сындырып алышчу. Бир күнү

балдардын ата-энелери карыяга мындай дешет: «Биз сизди абдан сыйлайбыз. Сиз биздин балдарыбызды абдан жакшы көрөсүз, бирок дайыма аларга назик оюнчуктарды бересиз. Балдар аларды бат эле сындырып алышкандыктан, ызаланып ыйлап жатышат. Сиз берген оюнчуктар аябай сонун болгондуктан, ойногулары келсе дагы коркуп, ойной албай жатышат», – дешет. Ошондо карыя: «Бир аз убакыт өткөндө балдар чоңоюшат. Ошондо бирөө аларга жүрөгүн тартуулай турган учур келет. А мен балдарыңар андай назик, кымбат нерсени сындырбай уруна билүүгө азыртан үйрөнүп, кийин жашоодо кыйналышпасын деп жатам», – деп жооп кайтарат.

(Турмуш сабактары-3, 72-бет)

Балага туура тарбия берүү – аны тентектиги үчүн жазалоо жана жакшы болгону үчүн сыйлоо гана эмес ... Бала мүнөт сайын жаңы нерсени үйрөнүп, аны ошол боюнча кабыл алат, акыл-эси да, түшүнүгү да ошол көз карашына жараша калыптанат. Ошондуктан аларга кичинесинен баштап чоң турмушка карай туура багыт берүү абдан маанилүү. Себеби алар – биздин эртеңки келечегибиз.

Кээ бир ата-энелер балдары чоң ката кылганда же коомго, адамдарга коркунуч алып келген кылмышка жакындаганда катуу өкүнүп калат. Учурунда бала тарбиясынын жоопкерчилигин сезбегенин түшүнөт. Ошол үчүн мындай абалдын алдын алуу, бала тарбиясына акылмандык, жоопкерчилик менен мамиле кылуу зарыл.

## БАЛДАР ҮЧҮН КЫМБАТ БААЛУУ ТЕЛЕФОН, МАШИНА ЗАРЫЛБЫ ЖЕ МЭЭРИМДҮҮ МАМИЛЕ, ТАРБИЯ ЗАРЫЛБЫ?

Мен үй-бүлөдө бала тарбиясы жөнүндө мектеп, гимназия, лицей, Ата-Түрк Ала-Тоо университети, Улуттук университет жана башка жерлерде атайын чакыруу боюнча барып көпчүлүк ата-эне, эл катышкан жыйындарда сабак, лекция өткөнүмдө мага мындай суроолор беришет:

1. Биз балдарыбызды сүйөбүз, алардан эч нерсебизди аябайбыз, бардык шартын түзгөнбүз, айткандарын толук алып бергенбиз, каалаган жеринде окутуудабыз бирок эмне үчүн алар ташбоор, кайдыгер, мээримсиз?

Мен жыйырма жылдык педагогикалык экпериментиме, турмуштан үйрөнгөн тажрыйбама негизделип жооп беремин.

Жооп: Сиздердин балдарды сүйгөнүңүз материалдык камсыздоо менен гана чектелип калыптыр, сиз ага телефон, ком-

пьютер, машина алып берип өзүнчө бөлмө, шарт түзүп бергениңиз туура. Бирок бул баары материалдык гана камсыздоо. Ушулардын баарын жасап сиз бала үчүн эң зарыл болгон ага убакыт бөлүп мээримдүү баарлашкан эмессиз. Жан дүйнөсүнө сүңгүп кирип аны түшүнүп, ой бөлүшүп эркелеткен эмессиз. Балдардын ташбоорлук, кайдыгерлигинин себеби дал мына ушунда болушу мүмкүн.

Бир жыйында хронометраж жасатып, 24 саатыңыздарды эмнеге жумшааарыңызды бөлүп чыгыңыздар деп тапшырма бергенимде, кызыктуу жооп алып зал каткыра күлүп, кол чаап таң калышты. Отургандардын бардыгы күндөлүк убакытын бөлүп чыкканда уктоо, эс алуу, тамактануу, конок күтүү, конокко баруу, эс алуу, жумуш, телевизор көрүү, телефондо сүйлөшүү бардыгына убакыт бөлүнүп балдар менен баарлашууга убакыт дээрлик жок болуп чыкты.

Мына урматтуу ата-энелер, азыркы балдарыбыздын түнт, кайдыгер, ташбоор, ачуулуу, агрессивдүү болушунун бардыгынын бир чоң себеби мына ушунда. Биз буларга анчалык маани бербестен, себепти көчөдөн, мектептен, телевизор, компьютер, замандан издейбиз. Туура аларда да бир аз болушу мүмкүн (Ал жөнүндө кийинчерээк сөз болот), бирок эң башкы себеп үй-бүлөдө, өзүбүздө. Өзүбүздүн балдар менен баарлашып, аларды тарбиялоого майда деп маани бербегенибизде. «Ташталат турмуш майдадан, байкабайт аны майда адам» деген макалды маани берип түшүнө албаганыбызда. Тарбияга маани бербегенибиз бир себеп болсо, баарлашуу, тарбиялоонун жолун билбегенибиз экинчи себеп.

Мында « Тарбиячы өзү тарбияланган болуш керек» деген учкул сөз эске түшөт. Суроонузду түшүндүм ата-эне. Анда бакчадагы, мектептеги тарбиячы эмне иш кылат дейсизда.

Жооп: Балдар үчүн эң алгачкы жана улуу тарбиячы бул ата-эне, үй-бүлө. Андан кийин мугалим, коом. Ошол үчүн «Тарбия башаты үй-бүлөдөн» деп айтсак туура болот. Тарбиянын фундаменти үй-бүлөдөн. Бирок биз буга жетиштүү маани бербейбиз. Ошон үчүн да жаштар тарбиясында азыркы проблемалар чыгып жатса керек. Айтылгандардан көрүтүнду ата-эне өз алдынча окуп, өзүн-өзү тарбиялап, ат-энелер мектебинен окуп, бала тарбиясына алдын ала, төрөлө электе баштоосу керек.

Мен бир китеп, журналда окудум эле. Бир жапон аялына «Сиз жакында эле ЖОЖду бүтүп, инженердик кесипке ээ болдуңуз эле, эмне үчүн дагы педагогикалык окуу жайга кирдиңиз» - деп сураганда «Мен үй-бүлө куруп, эне болууга ниет-

тендим, ошон үчүн балдарымды тарбиялоо максатында кирдим», – деп жооп берген экен.

Келиниздер урматтуу ата-энелер, биз атайын окуу жайга кирбесек да ата-эне, тарбиячы болууга өз алдынча окуп даярданалы. Кийинки тема ушул тууралуу болмокчу.

## АТА-ЭНЕ, ТАРБИЯЧЫ БОЛУУГА ДАЯРДАНУУ

Ата-эне болуу бул демек табиячы болуу. Ошол үчүн жоопкерчиликтүү үй-бүлөдө ата-эне болууга бала төрөлгөнгө чейин даярдыкты баштагандай эле балдарды тарбиялоого да алдын ала даярдануу зарыл. Ал үчүн алгач балдардын келечеги, тарбиясы үчүн:

1. Жоопкерчиликти терең сезүү зарыл

2. Ошол жоопкерчиликти сезип, бала тарбиясы жөнүндө китеп, журнал ж.б. тиешелүү адабияттарды окуп, педагог, дарыгерлерден, тажрыйбалуу ата-энелерден кеп-кеңеш, консультация алуу.

3. Балдарды туура тамактандырып, гигиенаны сактап, дени сак болуп өсүүсү жөнүндө кам көрүү өзү да эң негизги тарбия. Аны туура тамактандыруу, дене боюну чыңдоо ж.б. жасай билүү керек.

4. Балдар төрөлгөндөн баштап алардын физиологиялык, психологиялык өсүү закон ченемдүүлүктөрүн билүү, үйрөнүү жана аны тарбияда пайдалануу. Мисалы: мектепке чейинки жаш, кенже мектеп жашы, өспүрүм кез, жигит чакта ж.б. тарбиялоо ыкма, методдору ар түрдүү, өзгөчө болот. Буларды атайын адабияттардан окуп чыгып, үйрөнүү зарыл.

Жогоруда айтылган маселелер, балдар тарбиясы жөнүндө бир топ илимий популярдуу китептер жазылган. Ошолорду издеп табуу жана көңүл бөлүп үйрөнүүгө, тарбияда аларды пайдаланууга сиздерди чакырмакчымын. Албетте сиз ата-бабаларыбыз китеп окубай эле тарбиялаган дешиниз мүмкүн. Бирок биринчиден, ал заман башка болгон. Азыр информациялык коом, тездетилген заман. Сиз окуп, үйрөнүп тарбиялабасаңыз балаңыз эртең коомдо өз жолун, ордун таба албай кыйналат.

Экинчиден, ошол ата-бабаларыбыз деле китеп окубаса да элдик педагогикадан, макал-лакап, дастандардан пайдаланып эң сонун тарбиялап келишкен.

Үчүнчүдөн, бала тарбиясына даярдыктын эң маанилүүсү ата-эне өзүн-өзү тарбиялап, үй-бүлөдө жүрүш-турушу, мамилеси, үй ичиндеги тартип, тазалык, МПК, атмосфераны да балага жагымдуу, анын өнүгүүсүнө жардам бере турган кылып даярдоо зарыл. Ата-эненин өзүн-өзү тарбиялоосунда кулк-

мүнөзү, пейили, өз ара ымала маданиятыны жакшы жолго салуусу өтө маанлүү. Анткени «Сөз чакырат, үлгү ээрчитет» – демекчи балдар эң алгач тарбияны ата-эненин жүрүш-турушу, пейили, мамилеси, ишиден алат. Төмөндө сиздерге бала тарбиясы үчүн зарыл кээ бир китептерди сунуштап кетемин:

1. Г. Мадаминов «Ата-энелер сиздер үчүн», Бишкек, 2000-ж.
2. Ф. Гүлен «Чырпыктан чынарга».
3. С. Давлатов «Менин гениалдуу балам».
4. Колуңуздагы китеп (Ата-энелер сиздер үчүн 2-китеп, 2014-ж.).

### БАЛДАР ТАРБИЯСЫНДАГЫ, МҮНӨЗҮНДӨГҮ КАТААЛЫКТАР ЖАНА АЛАРДЫН СЕБЕПТЕРИ

| Катаалар, четтөө | Үй-бүлөдө болуусу мүмкүн себептери: |
|---|---|
| 1 | 2 |
| 1. Инфантелизм (көз каранды, өзүнө ишенбөө). Акыл-эс, сезимдин артта калуусу. | Ата-эненин ашыкча баланы бөполөп, камкордук көрсөтүүсү. Ашыкча чектөө. Буйрук, зордук менен башкаруу. Гиперопека. |
| 2. Түнттүк. Маанайы чөгүп жүрүү. | Ата-эненин көңүл бөлүп баарлашуусуна, чеги менен, эркелетүүсүнө, мээримине, сүйүүсүнө тойбогондук. |
| 3. Ачуулуу, агрессия элементтери бар. Чыр бала, зыкым. | Үй-бүлөдө зордук-зомбулук, ачуу, токмок менен тарбиялоо, жемелөө, кемсинтүү ж.б. ушул сыяктуулар болуусу мүмкүн. |
| 4. Көчөдө терс таасирлүү топко ыктоо. | Алкоголь, наркотикке ыктоо. Балдарына, тарбияга кайдыгер, өтө жеңил, туура эмес «тарбиячы». Көңүл бөлүү, сүйүү, баалоо, ишенүү жакшы мамиленин жетишсиздиги. Бала өзү менен өзү, эч ким ага кызыкпайт. |
| 5. Окуу, билим алууга кызыкпастык, тырышчаактыктын жоктугу. | Үй-бүлөдө билим баалуулугу, сезими, климаты жетишпейт. Ата-эне илим-билимге кызыгып, ал жөнүндө сүйлөп үлгү көрсөтүп, балдарыны кызыктырбайт. |
| 6. Сөз байлыгы аз, кругозору тар, адабий китеп окубайт. Сезүү, кабылдоо, ойлоо жөндөмү төмөн. | Үй-бүлөдө балдар 3–4 жашынан балдар менен баарлашуу, суроо-жооп, чогуу сейилдөө, саякат, адабий китеп окуу ж.б. маданий-тарбиялык иштер алып барылбаган. |

| 1 | 2 |
|---|---|
| 7. Демилгесиз, тартуу. Өз алдынчалык жок. | Ата-эне балдардың өз алдынчалыгын чектеп, үстөмдүк, өтө катуу тартип, көзөмөл менен тарбиялайт. Балдардын ой-пикирини, каалоо, сунушуну туура болсо да такыр укпайт. Чоңдор дайым туура айтат деп ишенет. |
| 8. Калп сүйлөө, алдоо, эки жүздүүлүктүн элементтери болот. (куулук, митаамдык) | Үй-бүлөдө чынчыл, адилеттүү, түз бир багыттагы тарбия ала алган эмес. Ата-эне эки түрдүү тарбия, таасир берген. Үй-бүлөдө өз ара ишеним, бир сырдуулук, түшүнүү, сыйлоо жетишсиз. |
| 9. Адамдарга, жакшылыкка, сөзгө ишенбейт. Шектенүү, адамдардан оолактоо, эч кимге өз ой-пикирин ачык айтпоо. «Ичимден тап...» | Ата-энелер коомдогу айрым терс таасир, кооптуу адамдардан коргоо үчүн, эч кимге ишенбегиле,баары алдамчы өз пайдасын ойлойт... ж.б. деп балдарыны ишендирип, өздөрү да үлгү көсөтөт. Жакшы сөз, иш, арулук, адамгерчилик, достук, сүйүү ж.б. ишенишбейт. Тымпыйып, сыр сактоо, артыкча жашыруун болуу. Эң башкы принцип жакшылык кылуу эмес, алдабоо. Эч кимди таң калып сыйлабайт. |
| 10. Ата-энени, чоңдорду сыйлабоо | Үй-бүлө тарбиясында бир калыпта, бирдей мамиле жок. Тарбия эрежелери, таасир берүү кескин, тез-тез өзгөрүп турат. Ыгы жок эмоциялуу бакыр-чакыр, ызы-чуу, тилдөөдөн кийин эркелетип, бөйпөңдөп элжирөө, маскарапоздук ж.б. Ата-энелерден, чоңдордон бирдей калып, акылдуу, олуттуу ж.б. адамдык сапаттарды сезе албайт. |
| 11. Байлыкка эсирип, кымбат баалуу кийим, буюмдарга маңчыркоо. Тентуштарына да байлык, кийимине карап мамиле кылуу. | Үй-бүлөдө байлыкка сыйынуу, бардык нерсенин акча, байлык менен өлчөнүшү. Ата-энелердин өздөрү башкаларга байлык, кызматына карап мамиле кылуусу. Материалдык байлыкка кызыгуу артыкча өсүп, рухий байлык, адамгерчилик калып калган. |

| 1 | 2 |
| --- | --- |
| 12. Эгоист, зыкым, ичи тар, жан дүйнөсүнүн марттыгы, берешендиги жетишпейт. Башкалардын жакшылыгын көрүп, баалап, өзү таасир албайт. | Ата-эне бардыгыны балдары каалагандай жасап, өзүңө бекем, өзүңө бышык бол деп, өзүнө гана кам көрүүгө үйрөткөн. «Бирөөгө берип койбо, жемиңди жедирбе» сыяктуу сөздөр көп айтылган. Берекени бирөө менен бөлүшүү, жакшылыкты көрүп ыраазы болуу, баалоо, жакшылык жасоо ырахатын сезген эмес. Үй-бүлөдө ошонун үлгүсүнү (берешендик, марттык, айкөлдүк) көргөн эмес. |
| 13. Шөмтүрөп өзүнү тыкан алып жүрө албайт. | Ата-эне үй тиричилигинде тазалык, тыкандыкка маани берип, үлгү көрсөтүп, ыпластыктан уялууга тарбиялаган эмес. Үй-эмеректери, кийим-кече ж.б. өз ордунда, ирээти менен жайгашкан эмес. |
| 14. Текеберлик, кыйынсынуу, бой көтөрүү. | Үй-бүлөдө болгонундай көрүн деген сөзгө амал кылбастан, жакшы, билерман, кыйын болуп көрүнүү, менменсинүү, бой көтөрүү көп болот. Өз катасын, кемчилигин мойунга алууга тарбияланбаган. |
| 15. Жалкоолук, жалактык. | Эмгекке, тырышчаактыкка, сүйүү тарбияланган эмес. Үй-бүлөдө балдар эмгек ырахатыны сезбеген. |

Түзгөн Г. МАДАМИНОВ

Бул таблицадан төмөнкү корутунду келип чыгат. Балдардын тарбия, мүнөзүндөгү бардык кемчиликтердин тамыры үй-бүлө, ата-эне тарбиясынын кемчилигине барып такалат. Ошол үй-бүлөдөгү кош көңүлдүк, аша чабуу, тарбиянын баалуулугун жана зарылдыгын түшүнбөө, тарбиялоону билбегендик, жөндөмсүздүктөн, кайдыгерликтен ж.б. келип чыгат. Албетте балдар тарбиясындагы жакшылыктар да үй-бүлөдө башталып, алардын да тамыры үй-бүлөдө.

Туура, балдар тарбиясындагы проблема, кемчиликтердин себептери үй-бүлөдөн тышкары мектеп, көчө, теле берүү, компьютер, ММК, социумдун терс таасири да болушу мүмкүн. Бирок ошондо да түпкү себепчи үй-бүлө болуп калат. Себеби бала кезден уул-кыздарда кийинчерээк боло турган терс таасирлерге өзгөрбөй турган бекем иммунитет, туруктуулук, ишеним, туура багыт тарбияланышы зарыл эле. Ошондо ал балдардын тарбия, мүнөз, көз карашыны кийинки терс таасирлер өзгөртө албайт.

Буларды айтуудан максат үй-бүлө, ата-энени күнөөлөө эмес, алардын кадыр-баркынын маанилүүлүгүн жогорулатуу, «Эне мектебинин», «Үй-бүлө мектебинин» балдарды тарбиялоо маданиятынын маанилүүлүгүнө, орчундуулугуна ата-эне, коомчулуктун көңүлүн буруу.

Бул таблицаны, маселени билгенден кийин эмне кылуу керек?

Жооп: Ата-энелерге да, балдарга да өз-өзүнчө үй-бүлө тарбиясындагы проблемалардын, кемчиликтердин себептерин түшүндүрүп, эчтен көрө кеч болсо да абалды түзөтүүгө чакыруу. Үй-бүлөдөгү моралдык-психологиялык климатты, атмосфераны, тарбияга болгон мамилени өзгөртүүгө чакыруу жана жардам берүү зарыл. Ал эми жаш ата-энелерге эгерде үй-бүлөдө бала тарбиясын билбесе, маани берилбесе, туура жолго коюлбаса балдардын мүнөзүндө, тарбиясында ушундай кемчиликтерге кабылып, окууда, жашоодо, келечекте өздөрү кыйналып, ата-эне, жакындарын кыйнап, коомчулукка зыян алып келүүсүн эскертүү. Чындыгында тарбия, мүнөздөгү мындай кемчиликтер менен чындап бактылуу болуу жана бирөөнү бактылуу кылуу кыйын.

Буларды мен 20 жылдык педагогикалык экспериментимди анализдеп, окуучу, үй-бүлө, ата-энелерди үйрөнүп, ошолордун негизинде жаңылап жазып чыктым. Биздин ата-энелердин көп материалды окуп чыгууга убакты, каалоосу, мүмкүнчүлүгү чектелүү экенин билип кыскача (лаконично) жаздым. Бир сүйлөм, бир абзацка көп беттерди, текстти баткызууга аракет кылдым. Ошол үчүн таблицадагы ар бир сөз, сүйлөмдү түшүнүп, чечмелөө, толуктоо ата-энелердин өздөрүнө калтырылды.

# ТАРБИЯ БААЛУУЛУГУ





Энелер мектебинин угуучулары



Гапыр Мадаминов Сүлүктү шаарында Энелер мектеби боюнча семинар өтүүдө



Балдар бакчасынын директорлору энелер мектеби
боюнча семинарда



Ош облусундагы Чон-Алай ББ башчысы Имарбай Бакировдун
демилгеси менен өткөрүлгөн семинардагы
энелер мектебинин угуучулары




Вице-премьер-министр Камила Талиева, Билим берүү министринин орун басары Догдургүл Кендирбаева жана Баткен облусунун губернатору Жеңиш Раззаков №3 гимназияда Конфуций каанасын ачып, энелер мектеби менен таанышып чыкты.



Үлгүлүү үй-бүлө Турсунбек Жалилов




Энелер мектебинин угуучусу Зиада, уулу Камчыбек менен

## ТАРБИЯЛУУ АДАМ




Түзгөн Г. Мадаминов

## ТАРБИЯ БААЛУУЛУГУ
(Тарбия баалуулугу таблицасына түшүндүрмө)

Тарбия сөзү бир нече мааниге ээ. (Контекстине жараша)

1. Белгилүү бир жакшы сапаттарга ээ инсанды калыптандыруу үчүн жасалган иш аракеттердин, берилген таасирлердин жыйындысы. Бул маанидe тарбия – багытталган кыймыл, иш-аракет катары алынат.

2. Тарбия, тарбиялангандык, тарбиялуу түшүнүктөрүндө өзүнө көп кырдуу мазмунду, сапатты, касиетти камтыган педагогикалык, философиялык түшүнүк, ой катары берилет.

Тарбиялангандык бул:

Ак ниеттүү, адилет
Асылзаада
Мээримдүү, кайрымдуу
Эмгекчил, тырышчаак
Эрктүү, чечкиндүү
Айкөл, март
Ар намыстуу, дымактуу
Ыймандуу
Бир сырдуу, көп кырдуу
Билимдүү, өнөрлүү, маданияттуу
Мекенчил атуул
Зирек, паам-парасаттуу
Дос-душманды, калп-чынды, жасалмалуулукту айырмалай билген
Максаттуу, багыттуу
Жакшы табиттүү, сымбаттуу
Көп тилдүү, жылуу дилдүү
Үй-бүлөлүү, бала жандуу ж.б.

Тарбия баалуулугу дегенде биз мына ушул жогорудагы асыл (нак) түшүнүктөрдүн баалуулуктары деп билишибиз зарыл.

Демек, тарбия баалуулугу бул адамды адам кылып турган бардык адамгерчилик, асыл сапаттардын, касиеттердин баалуулугу. Эми элестетип көрөлүчү мына ушул кең мазмундуу, асыл-нарк сапаттарды камтыбаган, тарбиясыз адамзат бар болуп, сакталып, жашап өнүгүүсү мүмкүнбү? Албетте жок дейсиз. Мына ошентип биз тарбиянын тагдыр чечүүчү баасын жана маанисин бир жолу түшүндүк деп ойлоймун.

Тээ атам заманда жер каймактап Адам ата Обо эне пайда болгондон баштап адамзат коомунун өнүгүүсүнүн бардык бас-

кычтарында жана шарттарында эң жөнөкөй примитивдүү айтып, ымдап, көрсөтүп тарбиялоодон баштап бүгүнкү жогорку технологиялык тарбияга чейин өнүгүп, өсүп келатат. Мына ошол тынымсыз тарбия жараяны болгону үчүн дагы адамзат айбандардан айырмаланып, өздүгүн сактап маңкурт болуп калбастан келатат.

***Таблицанын биринчи бөлүгүндө тарбиянын таасири астында адам, адамзат, коом эле эмес биринчи кезекте аалам деп берилди.*** Бул бир жактан таң калыштуу сезилиши мүмкүн. Бирок мен Дүйнө тарыхы, улуу китептер, улуу ойчулдарды учкай үйрөнүп өзүмчө төмөнкү корутундуга келдим:

1. Акыйкат, мээримдүү, ыймандуу, акылдуу, паам-парасаттуу ж.б. камтыган көп мазмундуу, жакшы тарбия таасиринде болгон адамзат өзүнөн жакшы ауралы (энергияны) бөлүп чыгат, чыр-чатак, согушсуз жашайт.

2. Бири-бирини, бир эл башка элди ал эмес жан-жаныбар, табиятты, жер-суу, ай-асманды абайлап сактайт. Ушул кеңири өңүттөн алып караганда тарбиянын баалуулугу, жакшы тарбия дүйнөнү, ааламды сактайт десек туура болчудай.

Таблицада тарбиянын эл, мамлекет, шаар, айыл, үй-бүлөгө таасири берилген. Бул демек, кайсы элдин, мамлекеттин, аймак, шаар, айылдын, үй-бүлөнүн адамдары жакшы тарбияланган болсо тынч, туруктуу, туура өнүгүүдө болот. Ал эми тарбияга маани берилбей же тарбияда чоң каталыктарга жол берилсе ал аймак, элдин ынтымагы кетип, саясий-экономикалык кризистерге, митинг, революцияларга кабылып, өнүгүү токтоп калат. Демек тарбиянын саясатка дагы, мамлекеттин өнүгүүсүнө дагы түз же кыйыр чечүүчү таасири болот.

Кайсы айылда, көчө, үй-бүлөдө тарбияга маани берилип туура жолго коюлса, ынтымак, ырыскы жаңыланып, өсүү байкалып турат. Ал эми тарбияга маани берилбесе зордук-зомбулук, тонол кетүү, аялдама, мамыча, суу куурларын, олтургучтарды сындырып, талкалап кетүү байкалып турат. Ар бир үй-бүлө, көчө, айыл, шаарга киргенде эле ал элдин тарбиясы кайсы деңгээлде экендиги алгач байкала баштайт. Мындан бардык аймакта, жерде, деңгээлде тарбияга чоң маани берүү керек экен деген корутунду келип чыгат.

Таблицанын экинчи бөлүгүндө тарбиянын инсандын өсүүсүнө таасири схема түрүндө берилген.

Эгер үй-бүлөдө балдарга тарбия туура берилсе анда алардын кулк-мүнөзү, адеп-ахлагы, көз-караш пейили туура калыптанып, өмүр бою айныгыс, адашкыс болуп туура өсөт. А анын натыйжасында окууда, жумушта, коомдо, жакшы ийгиликтерге жетип, кадыр-барктуу, ыйман-ынсаптуу адам болот.

Жакшы тарбия жакшы пейилге алып келет, жакшы пейил ден-соолукка, ыйман-ынсаптуулукка алып келет.

Жакшы тарбияланган адам ак иштеп, таза жашап, башкаларды бактылуу кылып, өзү да бактылуу боло алат. Тарбиялуу адам эмгекчил, тырышчаак болуп билим, маданият, өнөрдү мыкты өздөштүрүп, ак-эмгек менен байлык, мүлк табууга жетишет, бардар жашайт. Тарбиялуу адам ата-энесини, жакын адамдарыны эле бактылуу кылып калбастан, келечектеги уулкыздарын да жакшы тарбиялап, үлгү болуп бактылуулукка алып келет.

***Таблицанын III, IV бөлүктөрү, жакшы тарбияга жетүүнүн каражаттары жана жолдоруна арналган.***

Жакшы тарбияга жетүү өзүнөн-өзү болушу кыйын. Ал үчүн үй-бүлөдө ата эненин тарбиясы, устат мугалим, тарбиячы, көптү көргөн даанышман акылзаада адамдардын тарбиясы, жакшы чөйрө (социум) тен-туш достор, адабий китептер, сабак лекциялар ж.б. лардын, тарбиянын үрөөнүн тынбай терип, термечтеп, угуп тыңшап, аткарып жасап, тер төгүп эмгектенип алып өздөштүрүү зарыл.

Биз мыкты билим, өнөр алууга, чет тилин үйрөнүүгө, компьютер техника, технологияларды, жакшы акча табууга жардам берет деп кандай чымырканып, тырышып, эмгектенип үйрөнсөк, жакшы тарбияны кулк-мүнөз, пейилди да ошондой тынбай чымырканып, эмгектенип алуубуз, жетишүүбүз зарыл. Өкүнүчтүүсү билим, өнөр алууга беш, он жыл убактыбызды акчабызды аябай арнайбыз, ал эми жакшы тарбия алууга, асылзаада сапаттарды өздөштүрүүгө, тарбиялуу инсан болууга убакытта да, акча да, эмгек да сарптап үйрөнгөн эмеспиз. Эгер чындап ойлоп көрсөк билим, өнөр кандай пайда алып келсе, жакшы тарбиялангандык андан жүз эсе көп пайда, акча-байлык менен өлчөө кыйын болгон бакытты, кадыр баркты алып келет!

Биздин бардыгыбыздын катабыз билим, өнөрдөн айырмаланып тарбия-турмуш процессинде айтып, көрүп койсо, өзүнөн-өзү болот деп ойлойбуз. Мүмкүн мында да чындыктын үлүшү бардыр. Ошол үчүн азыр үй-бүлө, мектеп, ЖОЖдордо тарбия маселеси экинчи, үчүнчү, ал эмес акыркы орундарды ээлеп келүүдө. Ошонун натыйжасы катары жаштарыбыздын, коомубуздун азыркы татаал абалына келип олтурабыз. Ушуларды эске алып, биз тарбияга болгон мамилебизди түптөн өзгөртүүбүз зарыл. Бул өзгөрүү үй-бүлө, бала-бакчадан башталып, мектеп, ЖОЖ, эң жогорку мамлекеттик мекемелерге чейин жетүүсү зарыл.

Биз эмнегедир тарбия жөнүндө сүйлөгөндө жаштардын тарбиясыны гана айтабыз. Мүмкүн ата-энелердин, чоңдордун баардык деңгээлдеги жетекчилердин тарбиясы жөнүндө сөз козгоого убакыт келди. Мүмкүн чоңдор тарбиялуу болгондо гана жаштар жакшы тарбиялуу боло алат. Себеби сөз чакырат, үлгү ээрчитет эмеспи? Чындыгында тарбиянын эң жакшы методу бул үлгү көрсөтүү. Туура, чоңдорду тарбиялоо, өзгөртүү кыйын, ошондой болсо да, ойлонуп, изденип көрүү учур талабы. Биздин жаштар эл-жерди унутуп, бийликке, ошол кызматка азгырылып, элди оор абалга алып келип койгон кээ бир жетекчилерибизди көрүп (куулуп да кеткен), жакшы тарбияланышы кыйын го деп ойлоймун.

Ошентсе да жакшыларыбызга Ж. Абдрахманов, А. Орозбеков, И. Раззаков ж.б. сыяктуу чыныгы эл адамдары болгондугун айтып, ошолордун мисалында тарбиялоо да зарыл бир багыт.

## ТАРБИЯНЫ БУЗУУЧУ, АЛЫСТАТУУЧУ ТААСИРЛЕР

Таблицанын V бөлүгүндө тарбияны бузуучу таасирлер жөнүндө маалымат берилген. Биз таблицанын илгерки бөлүктөрүндө тарбиянын жеке адамдан баштап, адамзат, коомго чейинки таасири жана жакшы тарбияга жетүүнүн  жолдору жөнүндө учкай сөз айтылган. Таблицанын V бөлүгүндө Кудайдан, табигаттан берилген тарбия деп аталган бул сыйкырдуу күчтөн эмнелер алыстатып, адаштыруучу таасирлер болот ошолор жөнүндө сөз болот. Тарбия адам баласына ошончолук кымбат, асыл сапаттарды берсе да, тарбиянын таасирин жокко чыгаруучу, андан алыстатуучу күчтөр бар экен жана чындыгында булар оңой, жеңил күчтөр эмес. Ойлоп көрсөк эзелтеден эле наадандык, түркөйлүк, таалим-тарбияны баалабас-

тык жана ага шылдыңдап кароо адамзат коомунун башатынан бери келаткандай. Наадандык, түркөйлүк, байлык-бийлик, кызматка эсирүү, ал эмес күч, сулуулук, жасалма билимге эсирүү бул өзү бир жагынан чыныгы тарбиянын гүл азыгынан куру калгандыктын акыбети болсо, экинчи жагынан таалим-тарбияга, асылзаадалыкка терс мамиленин, тосколдуктун, баалабастыктын натыйжасы.

Коомдо адилетүүлүк, акыйкат, ыймандуулук, туурулук канчалык аз болсо, тарбияны баалабастык, түркөйлүк ошончолук күч алат экендигин карт тарых далилдеп келүүдө.

Айныкса бардык нерсе акча-пул жана байлык пайда менен өлчөнүп калган доордо, тарбиянын баркы түшүп, чыныгы тарбияланган асыл инсандар көмүскөдө калып, куугунтукталып коом, адамзат оор абалга келип калат. Мына ошондо оор абалга кабылган адамдар бул абалдын себебин ар жактан издешет:

Бийликтен, саясаттан.
Замандан,
Тышкы душмандардан ж.б.

Бирок кээ бир гана тунук акылдуу даанышман адамдар коомдогу бул оор абалдын себепчиси көп жылдардан бери тарбиянын бааланбай бузулгандыгы, тарбия бузулушунун, пейилдин бузулушу келип чыгып, адамдардын пейилинин бузулушунан коом оор абалга келип калгандыгын айтышат. Бирок бул даанышман адамдардын үнү угулбайт. Анткени тарбиянын бузулушу адамдарды маң кылып, кулагын дүлөй кылып, көздөрүн сокур кылып койгон. Булар жеке адам мисалында деле ушу сыяктуу. Кээ бирөөлөр турмуштун жагдайына, кокустукка байланыштуу таалим-тарбиясыз эле байлыкка, атак-даңкка жеткен учурлар болот, гүлдүрөп өнүгүп өсөт, катар-катар хан сарайларды курат ж.б. Муну көргөн карапайым эл, жолуң болсо таалим-тарбиясыз эле байлык, атак-даңк, бийликке жетсе болот экен деп ошол жолго түшүшөт. Бул эң өкүнүчтүү жана кооптуу. Өкүнүчтүүсү көпчүлүк адамдар, бул ийгилик, атак-даңк, самындын көбүгүндөй убактыңдын чектелген экендигин билишпейт. Бир күн эле көрсөң ошол чоң бийликтеги адамдар куулуп, байлык мүлкү өрттөлүп таланат, атак-даңкы суу сепкендей жоголуп кетет. Бул да тарых далилдеп келаткан акыйкат. Эгер акыл калчап өткөн тарыхка, бүгүнкү күнгө турмушка көз салсак чыныгы байлык кылымдар аша жашаган кадыр-барк, урмат-сый таза тарбияланган адамдарга гана берилүүсүн сезебиз. Мисалы: Жусуп Баласагын, Алишер Навои, Чыңгыз Айтматов, Исхак Раззаков ж.б.

Булардай атактуу болбосо да, жакшы тарбиясы менен өнүп-өсүп бала-чакалуу болуп, аларды да жакшы тарбиялап, ошолор менен түбөлүктүүлүккө жол салып, өз айылы, район, шаарында жөнөкөй иштеп, жашап жүргөн миллиондогон, миллиарддаган адамдар бар. Мүмкүн Кудайдын чындап сүйгөн пенделери, асылзаада инсандары, чыныгы тарбияны алып жүрүүчүлөрү жана тарых жаратуучулары ушул адамдар болот.

Келиңиз урматтуу ата-энелер, эл-журт ошондой адамдарды сыйлайлы, урматтап данктайлы жана ошондой адамдарды тарбиялап өстүрөлү.

12.07.2014 ж. Орозо айы.

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООНУН ПРИНЦИПТЕРИ ЖАНА МЕТОДДОРУ

Биз өткөн бөлүмдөрдө тарбия бул олуттуу иш экендигин, тарбиядан адамдын тагдыры жараларын кыскача мисалдар, таблицалар түрүндө айтып өттүк. Тарбия олуттуу, татаал, көп кырдуу болгондугу үчүн, дагы анын өзүнүн принциптери, методдору, эрежелери болот. Эгер биз буларды үйрөнүп, амал кылбасак анда тарбиябыз чабал, жеткиликтүү болбой калат. Мен сиздерге бул китепчеде ошол принцип, метод, эрежелерге илимий китептерден жөнөкөйлөтүп, кыскартып мүмкүн болсо мисалдар менен элдик тил менен айтып өтөмүн.

### ТАРБИЯЛООНУН ПРИНЦИПТЕРИ

Бул бала тарбиясынын максаты, мыйзам ченемдүүлүктөрүнүн келип чыгуучу эң негизги талаптар. Алардын айрым эң негизгилерине токтолуп кетели.

**1. Тарбиянын максатка багытталгандыгы.**

Бул демек кимди кайсы максатта, кайсы сапаттарга тарбиялайбыз дегендерди ата-эне алдын ала билүүсү керек. Көбүнчө мындай максат болуусу мүмкүн: ак ниетүү, ыйманмээримдүү, инсаптуу, ар таралтуу жөндөмдүү, келечекте атаэнени, элини үй-бүлөсүнү бактылуу кыла ала турган жетик инсанды тарбиялоо.

**2. Тарбиялоодо адамгерчиликтүү, мээримдүү, адилеттүү мамиледе болуу принциби.**

Башкача айтканда, тарбиялап жаткан балдарга мээримдүү, адилеттүү мамиле кылып, чыдам сабырдуулук менен тарбиялоо.

**3. Тарбиянын турмуш, жашоо тиричилик менен байланышы.** Тарбия берүүдө көпчүлүк тарбиячы ата-энелер атайын отургузуп насаат айтуу, маалымат берүү, тилдеп, эскертип айтууну түшүнөт. Ал эми туура тарбия турмуштун процесси менен бирге тарбиялоо. Турмуш-тиричиликтен ажырагыс байланышта тарбиялоо. Турмуш-тиричиликтен мисал келтирип, үлгү көрсөтүп тарбиялоо.

**4. Баланын жаш өзгөчөлүктөрүнү, табигатыны эске алып, табигатка ылайык тарбиялоо.** Башкача айтканда, баланын жашы, мүнөзү, табигатына ылайык ыкма, метод менен тарбиялоо. Мисалы: мектеп жашына чейин жаш кенже балдарга көрсөтмөлөрдүн, айлананын табигаттын, мисалдар жана китеп, сүрөттөр менен образдуу, көркөм айтып тарбияласа жакшы болот.

**5. Эмгек процессинде, ишмердүүлүктө чогуу эмгектенип, жасап, айтып жасатып тарбиялоо.** Эмгек ырахатын сездирип тарбиялоо. Мисалы: Чогуу үй, короо тазалоо, жер айдап эгин эгүү ж.б.

**6. Балдардын өз алдынчалыгын, демилгесин, аң-сезимдерин, иш-аракетин колдоп баалап тарбиялоо.** Мында «Сен эмне деп ойлойсуң?», «Жумушту кантип бүтүрөбүз?», «Сенин сунушуң, демилгең туура» деген иш аракеттер болуп турса, балада өз алданчалык демилгелүүлүк өсөт. «Мен айттым! Менин айтканым болот!» деген принцип өтө зыяндуу.

**7. Үлгү көрсөтүү, үлгүлүү мисалдарга таянуу, ата-эненин жеке өздөрүнүн үлгү болуу принциби.** Мында балдарда кайсы сапатты, жөндөмдү тарбиялагыбыз келсе ошого ээ болгон адамдарды. Ошол иш ыкмасыны көрсөтүү зарыл.

Айныкса ата-эненин өзүнүн жүрүм-туруму, пейили, сөзү, иши, жөндөмү мисал болсо эң сонун, таасирлүү болот.

**8. Үй-бүлө коллективинде, бир туугандар, коллектив, дос-жолдоштордун арасында тарбиялоо принциби.** Бул аларды эгоизмден алыстатып, башкалар менен мамиле түзүүгө үйрөтүп, жакшы социумдашууга жардам берет.

Урматтуу ата-энелер эми ойлонуп көрөлүчү ушул принциптердин кайсынысыны биз билебиз жана аткарып келебиз? Чындыгында көпчүлүктүн көңүлүнөн четте калган. Айрымдарын такыр билбейбиз. Эгер жакшы уул-кыз тарбиялоону каалайсак, мындан ары ушуларды билип амал кылуу зарыл.

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООНУН КЭЭ БИР МЕТОДДОРУ

Ата-эне балдарды туура тарбиялоо үчүн жөнөкөй деңгээлде болсо да тарбиянын принциптери менен биргеликте методдорун да билүүсү зарыл.

Тарбиялоо методу – бул кыскача, жөнөкөйлөттүрүп айтсак балдардын аң сезими, адеп-ахлагы, жүрүм-турумуна таасир кылуунун жолдору, ыкмалары.

Башкача айтканда ата-эне бала тарбиясында алдыга койгон максатына жетүү үчүн пайдалануучу жол-жобо, ыкмалар.

Балдарды тарбиялоодо бир түрдүү насаат айтуу менен чектелбестен, түрдүү жаштагы, мүнөздөгү балдарды ар түрдүү ыкма метод менен тарбияласа жакшы болот. Ошол методдорго кыскача түшүндүрмө менен токтолуп кетели:

1. Аңгеме.
2. Түшүндүрүү.
3. Суроо-жооп.
4. Ынандыруу.
5. Үйрөтүү.
6. Көнүктүрүү, машыктыруу.
7. Үлгү, мисал көрсөтүү.
8. Тапшырма берүү жана аны текшерүү.
9. Талап коюу.
10. Турмуштук, проблемалык кырдаалдарды тарбиялык таасир берүүдө пайдалануу.
11. Кызыктыруу.
12. Оюн, жарыш, мелдеш, атаандаштык (жакшы мааниде).
13. Эскертүү, жазалоо (эң акыркы чара катары, кээде этияттык менен пайдаланса болот).
14. Сыйлоо, дем берүү.
15. Жекече мамиле кылуу.

Педагогикалык илимий китептерде булардын ар биринин терең илимий аныктамалары бар. Алар атайын адис педагогтор үчүн окутулат. Ал эми үй-бүлөдө ата энелер бул методдорду адабияттардан окуп, адистерден сурап үйрөнүп, жөнөкөйлөтүп пайдаланса жакшы натыйжа берет.

Булардын көпчүлүгү турмуштук билим, тажрыйбасы бар адамдарга түшүнүктүү эле. Бирок айрымдарына комментарий берип кетсек болот. Мисалы: насаат, аңгеме түшүндүрүү ж.б. түрдө көп эле ата-энелерде пайдаланып жүрөт. Буларды адеп-

ахлактык, ыймандык сапаттарды (ак ниеттүүлүк, чынчылдык, адилеттүүлүк ж.б.) түшүндүрүүдө, ошолор жөнүндө маалымат берүүдө пайдаланса болот. Ал эми үлгү, мисал көрсөтүү, үйрөтүү, көнүктүрүү жана машыктырууда кээ бир ж үрүм-турум эрежелерин калыптандырууда пайдаланса боло'. Мисалы: өзүн-өзү тейлөө. Үй жумуштарын аткаруу, бөлмө, короону тазалоо, мал короо ж.б. иштеринде. Анда ата-энелер ошол жумуштарды суктанчудай кылып жакшына аткарып, балдарды «силер карап тургула» деп үйрөтүп, машыктырса болот. Мисалы, идиш-аяк жубуу, гүл-бактарга суу куюуу, кой-эчкинин жүнүн алуу ж.б. Ынандыруу бир топ татаал болуп, китеп, турмуштан мисал келтирип, балдар өзү ишенип, ынануусуна жетишүүнү талап кылат.

Турмуштук, проблемалык кырдаалдарды тарбиялык таасир берүүдө пайдалануу бул – бир топ чеберчиликти талап кылат.

Алгач ал кырдаалдар жөнүндө:

Үйгө жакшы, билимдүү, тарбиялуу конок келди. Ал тарбиялык мааниси бар аңгеме айтып олтурат. Балдарды чакырып, чай куйдуруп, сөзүнү угуп отуруусуну уюштурсак жакшы болот.

Кошунасына отун же чөп келип түштү. Ага барып жардам бергенде «мына балам бирөөгө жакшылык кылсаң кандай жакшы болот, өзүң да сүйүнөсүң» деп пайдалануу ж.б.

Балдарды тарбиялоодогу эң жакшы методдордун бири, аларды өзүн-өзү тарбиялоого айтып үйрөтүү. (Бул жөнүндө Акыл эмгегинин маданияты китебинде «Өзүн-өзү тарбиялоо, өстүрүү жөнүндө» тема бар (59-б.)).

Жазалоо жана сыйлоо эң назик, билгичтикти талап кылган метод. Эгер тарбия башынан туура жүргүзүлсө жазалоонун зарылчылдыгы болбойт. Ошентсе да кээде жазалоого туура келсе, анын төмөнкү түрлөрүнү этияттык менен пайдаланса болот.

Эскертүү.

Уялтыруу.

Тыюу салуу.

Бир аз сүйлөбөй коюу бала түшүнүп жеткиче көз караш-ты, мамилени салкын кылып өзгөртүү ж.б.

Ата-бабаларыбыз «баланын акылы желкесинде» деп опузалап, түртүп, кулагын чоюп, чыбык менен сабап да турушкан. Бирок гумандуу педагогикага, азыркы заманга туура келбейт.

Эскертип айтмакчымын эң акылдуу тарбия бул – жазалоосуз тарбия. Өтө зарыл болуп калса жогоруда айтылгандай жа-

залоонун жеңил түрлөрү: эскертүү, сүйлөбөй, аткарбай коюуну пайдаланса болот. Окумуштуулардын айтуусу боюнча сүйлөбөй, аткарган ишин аткарбай коюу, эң катуу таасир берет экен. Бирок бул да бала түшүнүп, кечирим суроосу менен тезинен токтотулуусу зарыл. Жазалоонун максаты баланы оорутуп, кыйноо эмес, катасын түшүндүрүп туура жолго салуу.

Мүмкүн болушунча жазалоо да, сыйлоо да өтө сейрек, ар убакта болуусу, тез токтотулганы, кайрадан адаттагы мамилеге түшкөнү жакшы.

Кызыктыруу, жактыруу, сыйлоо дагы, чеберчиликти талап кылган тарбия методу. Кызыктыруу материалдык жана моралдык болот. Материалдык түшүнүктүү. Бир жактырган буюмуну же кийимини алып берүү, сюрприз кылуу, саякатка алып баруу. Ал эми моралдык жакшы иштерини, өзгөрүүсүнү жактыруу, айтып сыймыктануу, сүйүнүү ж.б. Кээде эркелетип жактыруу эң жакшы натыйжа берет. Мисалы: Азаматсың! Менин алтын кызым, уулум! Акылдуу кызым. Эмгекчил, март, чынчыл уулум! Силер менен сыймыктанамын, силерден көптү күтөм.

Буларды билгичтик менен пайдаланса балдарга жакшы таалим-тарбия алып, ата-энесин сүйүндүрүүгө, жакшы иштерди аткарууга аракет кылышат. Бул өзү эң жакшы башталыш.

Эң башкысы жазалоо жана сыйлоо методу да, жалпы эле тарбиялоодо ата-эне токтоолук менен,чен өлчөмдү билип, акылмандык менен иш алып баруусу зарыл. Мында аша чабуу өтө зыяндуу.

Жыйынтыктап айтканда ата-эне биз жогоруда тарбиялоонун 15 негизги методун көрүп чыктык. А турмушта көбүнчө бир, эки методду пайдаланып, калганын билбей же маани бербей балдарды тажатып жиберебиз. Чындыгында булар бардыгы билгичтик менен, учур талабы жана кезектештирилип, комплектүү пайдаланылса жакшы натыйжа берет.

Сиздерге балдар тарбиясында ийгилик каалап,

Г. МАДАМИНОВ, 18.07.2014-ж.

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ БАЛДАР ТАРБИЯСЫНДА АМАЛ КЫЛУУ ЗАРЫЛ БОЛГОН 17 ЭРЕЖЕ

1. Үй-бүлөдө жылуу мамиле, өз ара урматка негизделген, жакшы моралдык-психологиялык климат болуусу зарыл.

Салыштырып айтсак мөмө-бак жакшы өсүүсү үчүн жылуу климат талап кылынат. Ошондо бактар гүлдөп мөмө-жемиш берет.

2. Үй-бүлөдө ар бир бала ата-энелер тарабынан сүйүүгө, кам кордукка бөлөнүп, ошол эле учурда талап дагы болушу керек.

Өзүгө мээрим, кам кордукту сезген баланын акыл-эси психикасы жакшы өсүп, алар да башкаларды сүйүп, камкордук менен жашайт. Мындай балдар ата-энесин да, бир тууганларын да, Мекенин да сүйүп, кам көрө билет.

3. Балдар чынчылдык, тууралык, калыстык атмосферасында чоңойсо жакшы болот.

4. Балдар эркин ойлоого, өз ой пикирин айтууга, өз көз карашын жакшы сөз менен түшүндүрүп, коргоого укуктуу болуусу. Эркин ойлоп, сүйлөй алган балдар өз алдынча болуп өсөт, өзүнүн пикири, көз карашына ээ болот. Башкалардын да сөзүн, пикирин сыйлап уга билет.

Сүйлөшүүдө (аңгеме, баарлашуу) сөз мазмундуу, бир аз эмоционалдык боёгу бар болсо башкаларга таасирдүү болот. Балдарды сөздөрдү айта билүү менен бирге ар бир сөздү уга билүүгө, мазмунун талдап, сүңгүп кирип түшүнүп, аткарууга же жооп бере билүүгө үйрөтүү зарыл. Сүйлөшүүдө үндүн тону, темпи туура, жөнөкөй ошол эле убакта жайдары, иштиктүү, олуттуу болуусу зарыл. Эң башкысы сүйлөшүү балдардын ой-кыялын ойготуп, жоопкерчилик сезимин пайда кылса жакшы болот.

5. Үй-бүлөдөгү мамиледе ач кыйкырык, истерика, урупсогуу жемелөө, какшыктоо, жемелөө ж.б. мүмкүн болсо такыр жок болушу керек.

6. Балдар «мүмкүн», «керек», «мүмкүн эмес», «уят», «болбойт», «болот» ж.б. каалоолорду зарыл учурда чектеген, багыттаган сөздөрдү түшүнүп, аткара билиши. Керек болсо тыюу сала билүү, балдардын обу жок каалоосун чектөө тарбиянын эң маанилүү методдорунун бири, – деп айткан В. А. Сухомлинский.

Чындыгында балдардын каалоосу чексиз. Аны чектеп үйрөтпөсөк, эртен каалоосунун баарын аткаруучу эгоист адам

болуп чоңоёт. Бирок балдарды мында чектөө же айтып, бир аз мажбурлап болсо да аткартуу анын укугун бузуу эмес, адилеттүү зарылдыктан келип чыгып, өзүнө жана башкаларга пайдалуу экенин билүүсү керек. Мында ынандыруунун мааниси чоң.

7. Үй-бүлөдөгү традиция, каада-салттар жакшы эмоциялык сезимдер менен коштолуусу керек. Мисалы: туулган күн, дем алыш, майрам мейман күтүү ж.б. жакшы эмоциялык климатта өз-ара түшүнүү, колдоо, сүйүнүү, капалык-кубанычты бөлүшүү, кыйынчылыкты чогуу жеңип, жакшылыкка чогуу жетишүү жана ошол үчүн чогуу сүйүнүп, бирин-бири кучактап куттуктоо балдарда жакшы сезимталдыкты тарбиялайт.

8. Балдарда кайсыл сапаттарды тарбиялагысы келсе, ата-эне ошонун үлгүсү өздөрүндө көрсөтүүсү зарыл. Мисалы: өздөрү чынчыл болуусу, өздөрү билим, маданиятты, эмгекти сүйүүсү ж.б.

Эң башкысы иштермандык, эмгекчилдик үлгүсүн ата-энеден көрүүсү керек. Үй-бүлөдө бардыгы пайдалуу эмгек менен убаралангандыгын көргөн бала бекерчиликтен, жалкоочулуктан алыс болот.

9. Үй-бүлөдө жаман адаттардан алыс болуу, жакшы адаттарга көнүгүү. Мисалы: «Сигарет чекпе», «ичимдик ичпе» деп коюп ата-энеси өзү ичимдик ичсе болбойт. Ошондой эле артыкча шаан-шөкөт, артыкча жасануу, үй-жайды жасалгалоо, төрөпейилдикке жол бербөө керек. Балдар үй-бүлөдө жөнөкөй, жарашыктуу, жупуну адатты, жашоо образыны сезүүсү туура болот.

10. Үй-бүлөдө балдарды келечекке багыттап тарбиялоо. Мында «Сен болочок студент, өмүр жолдош, күйөө, келин, ата-эне, атуулсуң» деп ошого келечектин талаптарын эске алып, өзүңдү-өзү даярда деп айтып туруу керек. Алысты, келечекти айтып тарбиялоо өтө маанилүү, ал балдарды алга сүрөйт.

11. Үй-бүлөдө ата-эненин өз ара мамилеси урмат-сыйга, ишенимге негизделип, балдарга үлгү болуусу зарыл. Аларга өз ара мамиленин тазалыгын, сулуулугуну, эмгекке жана ишенимге негизделген үлгүсүнү көрсөтүү керек.

12. Үй-бүлөдө бардык иш-чараларда, жашоодо төмөнкү терс көрүнүштөрдөн: жасалмалуулук, көз боёмочулук, эки жүздүүлүк, куйтулук, шылуундук, ачкөздүк, көрө албастык, ашыкча шаңдануу, төрөпейилдик, калпычылык ж.б. оолак болуп, сактануу. Булар вирустай, балдардын психикасына, жан дүйнөсүнө таасир кылып, адаптырып тескери жакка буруп жиберет.

13. Үй-бүлөдө тез-тез келчү коногу ыйман-ынсаптуу, ак ниет, илим-билимдүү, маданияттуу, эмгекчил жөнөкөй адамдар болуп турушу керек. Аларды сыйлап чакыруу. Балдарды маектешүүгө тартуу, ошол сүйлөшүүдөн таасир алуу, аларды ыраазы кылуу үй-бүлөнүн салтына айлан ышы зарыл.

14. Үй-бүлөдө убакытка аяр мамиле кылуу. Бардык ишти өз убагы менен чогуу пландаштырып, эмгек, эс алуу, окуу, саякат, баарлашуу бардыгы өз убагы менен болуп туруусу керек.

15. Үй-бүлө мүчөлөрү чогуу окуп, талкуулоочу китеп, чогуу көрүп талкуулоочу телеберүүсү болуу зарыл.

Системалуу бардыгы чогуу отуруп, адабий чыгарманы чогу окуп, угуп талкуулоо эң сонун таасир берет.

16. Эзелтен чыгышта дасторкон айланасында сүйлөшүү эң баалуу болгон. Ошол үчүн дасторкон четинде маектешүүдө күндө тарбиялык бир багытыны же бир чыгарма же улуу инсанды сөз кылып, таасирлүү чеги менен сүйлөшүп отуруу эң сонун тарбиялык таасир берет.

17. Балдар үй-бүлөдө тарбиялык аңгеме, насааттар менен эле тарбия албайт, күндөлүк турмуштан өзүнөн да тарбия алат. Ошол үчүн үй-бүлөдө тумуш, тиричилик, өз ара мамиле, жалпы эле жашоо образы табигый, ыймандуу, келечекке багыт берүүчү жагымдуу болуп үй-бүлөнүн өзүнүн жашоосу менен баланы тарбиялоо.

## МЕКТЕП, МУГАЛИМ МЕНЕН СИЗДИН БАЙЛАНЫШЫҢЫЗДЫН МААНИСИ

Ата-энелер бардыгыңыз өз балдарыңыздын мыкты билимдүү, адеп-ахлактуу болушун каалайбыз, ошону өмүрү менен бирге тилейбиз.

Бирок көпчүлүгүбүз балдарыбыз билим тарбия алуучу эң ыйык жер мектеп менен байланышууга, барып кабар алууга тиричилик, иш деп убакыт таппайбыз, же кээ бирибиз такыр эле кызыкпайбыз. Биздин балдарыбыздын окууга кызыкпагандыгын, тартибинин начардыгынын бир себеби дал мына ушунда болушу мүмкүн.

Анткени, Сиз ата-энелер мектеп, билим алуунун абалына кызыкпасаңыз, маани бербесеңиз, мектепке келбесеңиз, анда силерди көрүп балдарыңыз «Мектептен, билим алуунун анчалык эле зарылчылыгы жок экен, ошон үчүн ата-энем кы-

зыкпайт, сурабайт, барбайт дагы» деп ойлоп, мектепке, окууга урмат, кызыгууну жоготот же төмөндөтүп жиберет.

Сиздер билесиздер, балдар ар дайым улууларга карап, корголуп жасашат.

Демек, Сиздин мектеп, мугалим менен байланышыңыз эң биринчи балаңыздын таалим-тарбиясына, өзүңүзгө керек. Анан ошол таалим-тарбияны жакшы ишке ашыруу үчүн мугалимге керек. Ал – мугалимге кубат, дем берет. Сиздердин активдүү колдооңуз, кызыгууңуз менен гана мектепте билим-тарбия берүү толук болуп, максатына жетет.

Ансыз баары жарым болуп кала берет, б.а. эптеп сабакка барат, эптеп окуйт, эптеп күн өтөт.

Жыйынтыктап айтсак, сиздин мектеп, мугалим менен байланышыңыз эмне берет?

1. Мектеп, билимге, балаңыздын келечегине кызыгууңуздун үлгүсүн көрсөтөт.

2. Мектепти урматтоо белгиси болот.

3. Мугалимдин эмгегине ызаат-урмат болот.

4. Сабактарга даярдануу, катышуу, жакшы окууда балаңыздын жоопкерчилигин жогорулатат, кызыгуусун өстүрөт.

5. Мектеп турмушун жакындан билесиз, кемчилигин оңдоого сунуш айтасыз.

6. Өтүлүп жаткан сабактардын сапатын, класста башка балдарга салыштырмалуу балаңыздын билимин, тарбиясын өз көзүңүз менен көрөсүз.

7. Үйгө барып балаңыз менен мектеп, билим жөнүндө сүйлөшүүгө даяр болосуз.

8. Мектептин, мугалимдин абийири.

9. Өзүңүздүн абийириңиз, урматыңыз мектеп, мугалимдер, өз балаңыз алдында өсөт.

10. Келечекте балаңыздын бир кесип тандап алуусуна, анын жөндөмүн, кызыгуусун көрүп багыт бересиз, даярданасыздар.

11. Балаңыздын дос-жоролору ким экенин мектепте болуп билесиз.

12. Балаңызды окутуп, тарбиялоодо мугалимге жардам бересиз.

13. Балаңыздын билим алуудагы, тарбиялануудагы кемчилигинин себептерин билип, оңдоого мүмкүнчүлүк аласыз. Ийгилигин бекемдеп өстүрүүгө болот.

14. Класста жана класстан тышкары эмнелерди үйрөнүп жүргөнүн билесиз (кружок, секция, кече, конкурс, кошумча сабак).

6*

15. Балаңыз сизден бекитип же айтпай жүргөн, анын келечегине зыяндуу кемчиликтерди мугалимден билесиз.

16. Үй-бүлөдө билим алуусуна шарт түзүү, жардам берүү, контролдоо ж.б. кыскасы туура тарбиялоо боюнча педагогдордон усулдук-педагогикалык, психологиялык кеп-кеңеш, консультация аласыз.

17. Балаңыздын мугалим билбеген мүнөздөрү, адаты, оорусу, кызыгуусу ж.б. айтып, мугалим аны ар тараптан билип, туура тарбиялоосуна жардам бересиз.

## ТАЛАНТТУУ ОКУУЧУЛАРДЫН АТА-ЭНЕЛЕРИ ҮЧҮН КЫСКАЧА УСУЛДУК СУНУШ

Урматтуу биздин таланттуу окуучуларыбыздын ата-энелери! Сиздердин балдарыңызга табигат башкалардан өзгөчө бөлүү жөндөм жана талант бериптир. Бул талант табигый, кудайдан берилбесе, аны сурап, издеп табуу кыйын. Ошон үчүн таланттын кадырын билүү керек.

Бул албетте анын мугалимдеринин жана сиздердин эмгегиңиздердин да натыйжасы. Анткени «Күлүктү саяпкер таптайт» - демекчи, мугалимдер менен сиздердин биргелешкен аракеттериңиздер балаңыздын талантын, жөндөмүн өстүрөт.

Өткүр, зээндүү, талант түү, келечектен көптү үмүттөндүргөн балдардын ата-энеси болуу бул – эң чоң бакыт!

Бирок, бул али толук бакыт боло албайт. Анткени талант алгачтан сактап, токтоосуз өстүргөндө гана толук жүзүн ачып, ата-энеси, сиздерге, эл-журтуна жемиштүү кызмат кылып, атак-даңк жана урмат алып келет.

Ал эми айрыкча, балаңыздын мына ошол талантын өчүрбөй сактап, изденип, өстүрүү керек.

Ошон үчүн сиздерге төмөнкүлөрдү сунуш кыламын:

1. Үй-бүлөдө балаңыздын талантын билип, баалоо, көңүл бөлүү.

2. Балаңыздын талантты ар тараптан өсүүсү үчүн үйдө шарт түзүү:

а) Атайын сабак даярдоочу ж.б. бөлмө

б) Өз үстүнөн иштөөсү үчүн атайын сабактан тышкары кошумча убакыт бөлүп берүү.

в) Кызыккан сабагы, таланты боюнча үй-бүлө китепканасын түзүү. Зарыл каражаттарды таап берүү. (Музыкага аккордеон, комуз ж.б. сүрөткө кызыкса сүрөтчүлөр үчүн зарыл каражаттар, көркөм өнөргө кызыкса керектүү аспаптар ж.б.)

3. Талантын өстүрүү боюнча атайын китеп, адабияттар-энциклопедия, сөздүк, сурама-көрсөтмө адабияттар ж.б. менен камсыз кылуу.

4. Мектеп, айыл, райондун китепканларынан системалуу китеп алуусуна багыт берүү, көзөмөлдөө. Китепканалар менен байланышып туруу.

5. Балаңыздын таланты менен сыймыктанарыңызды билдирип, бул тармактык таланттар өзү, үй-бүлө, келечек, эли үчүн мааниси жөнүндө аңгемелешип, кызыктырып, колдоо зарыл. Булар жөнүндө башкалар менен аңгемелешүүсүн уюштуруу.

6. Балаңыздын кызыккан, таланты бар предметтерден, сабактан ошол окуу китебинде теманын акырында сунуш кылынган же предмет мугалими айткан адабияттарды окуп чыгуусуна, үйрөнүүсүнө жетишүү.

7. Телевизор, радиодон балаңыздын кызыгуусу, талантына ылайык атайын берүүлөрдү көрүүсүнө жетишүү.

8. Балаңыздын талантынын өсүшү үчүн үй-бүлө, андан тышкары жагымдуу шарт, ыңгай, микро-психологиялык климат түзүү, жоро-жолдошторунун туура тандалышына көз салуу. Көчө, чөйрөдө болуучу терс таасирден сактоо.

9. Уул-кызыңыздын таланты, кызыгуусуна ылайык ошол сабактардын мугалимдери менен байланышып, талантын өстүрүү жөнүндө жалпы, биргелешип иштөө. Кабарлашып, кеңеш алып туруу.

10. Балаңыздын кызыгуусуна жараша, билимин тереңдетүү, ЖОЖдорго өтүүгө даярдоо үчүн репетитор (үйдө же мектепте кошумча терендетилген сабак өтүүчү атайын мугалим Бул сабак жалаң сиздин балаңыз үчүн өтүлөт) жалдоо.

11. Балаңыздын кат аркылуу ЖОЖдор менен байланышына кам көрүп, көмөктөшүү. Институттардын алдындагы окуучулар үчүн сырттан окуу бөлүмүнө кирсе жакшы болот.

12. Уул-кызыңыздын режим, план менен иштөөсүнө көз салыңыз. Айрыкча өз талантын өстүрүү боюнча планынын аткарылышына көмөктөшүңүз.

13. Мектептеги конкурс, КВН, олимпиада, конференция ж.б. катышуусуна көңүл буруп, бул жөнүндө өзүнөн жана мугалиминен сурап турсаңыз жакшы болот.

14. Мектепте системалуу болуп, ата-энелер чогулушуна, сабактарга катышып, класс жетекчиси, предмет мугалимдери менен баарлашып туруу зарыл. Бул иштер балдарыңыздын жоопкерчилигин көтөрүү, кызыгуусун арттыруу үчүн мааниси чоң.

15. Уул-кызыныздын таланттуу, чыгармачыл адамдар менен баарлашып, байланышып, алардын кызыктуу, пайдалуу сөздөрүн суктанып угуп туруусуна кам көрсөңүз, андай кишилер үйүңүздө болуп турса эң жакшы болот.

16. Балаңыздын акыл, билимин, кругозорун өстүрүү үчүн маданий иш-чараларды уюштуруп, көңүл бөлүп, кам көрүңүз.

17. Балаңыздын оюн билиниз. Ал үчүн идеал болгон адамдар менен үй шартында жекече аңгеме, жолугушуу, уюштуруңуз, суроолоруна жооп табуусуна жардам бериңиз.

## АТА-ЭНЕЛЕРДИН БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫНДАГЫ УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Урматтуу ата-энелер! Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү мыйзамына» ылайык Сиздердин ар бириңиздин укук жана милдеттериңиздер белгиленген.

Алар: (22-статья).

– Жашы жете элек балдардын ата-энелери (алардын мыйзамдуу өкүлдөрү) окутуунун түрүн жана билим берүү мекемелеринин типтерин тандап алууга, ошондой эле балага үй-бүлөдө билим берүүгө;

– Окууну улантуу үчүн баланы окутуунун кандай гана болбосун этабында билим берүү мекемесине жиберүү;

– Окуп жаткандардын Мамлекеттик стандарттын чектеринде билим алууга болгон укугунун сакталышын талап кылууга укуктуу болушат.

Милдеттери:

– Балдардын ден-соолугун, алардын рухий жана дене-бой жагынан өнүгүшүн, үй-бүлөдө адеп-ахлактык жагынан калыптанышын камсыз кылууга, турмуштук жана окуу шарттарын балдарга түзүп берүүгө;

– Балдарды билим берүү мекемелерине жиберүүгө жана алардын негизги билим алышынын милдетин алууга;

– Баланын укуктары жөнүндө конвенциянын принциптерин сактоого;

– Билим берүү мекемелери менен кызматташып турууга милдеттүү.

Баланын билим алуусуна тоскоолдук кылган ата-энелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык юридикалык жоопкерчиликке тартылышат. Мындан тышкары ата-энелер өз балдарынын мектеп имараты, окуу каражаттары

ж.б. мектеп мүлкүн жараксыз кылгандыгы, бузгандыгы, жоготкондугу үчүн мүлктүк жооп берет.

Булар ата-энелердин бүгүнкү күндө закон белгилеген, Кыргыз Республикасы, мамлекет алдындагы милдеттери, ошол себептүү бул милдеттердин аткарылышын мамлекет тиешелүү органдар аркылуу контролдукка алат. (Райондук акимчилик, айылдык совет, жалпы жетекчилер менен жашы жетпеген балдар менен иштөө боюнча атайын милиция кызматкерлери, инспектор ж.б. алардын бардык чаралар менен камсыз кылат.)

Бирок, биздин элибизде, мусулман динибизде бул закондорго чейин, азыр деле «баланын сабатын жоюу, татыктуу билим берүү, жакшы адеп-ахлакка, адамгерчилик, ыймандуулукка тарбиялоо, ар бир ата-эненин милдети, парзы»: – деп айтылып, ыйык китептерде жазылып жүрөт.

Кылымдар бою бул талап элдик педагогика, коомдук пикирде да айтылып, сакталып келинген.

## БАЛДАРДЫ МЕКТЕПКЕ ДАЯРДОО

*1. Ден соолук жагынан:*

– Врач кабылдоосунда болуп, консультация алуу.

– Көз, кулак, тил ж.б. органдарда оору, кемчилик болсо мүмкүн болушунча дарылануу.

– Туура, калориялуу (жашына ылайык) тамактандыруу, жашылчаны көбүрөөк берүү.

– Окуу процесси жүрүп турганда үй-бүлөдө чарбалык иштерге өтө көп аралаштырбоо. (Сабакка даярданалбай калат).

– Денесин чыңдап, машыгып, чуркап, таза абада жүрүшү.

– Гигиеналык жактан туура, түз олтуруп, ыңгайлуу сабак даярдоосу.

– Ашыкча көп окуп, башып, көзүн оорутуп алуусуна жол бербөө.

*2. Моралдык даярдоо.*

– Балдарыңызга өз убагында жакшы, толук билим алуу ата-эне, эл, мамлекет, коом алдындагы жоопту милдет экендигин түшүндүрүү.

– Билим-тарбия алуу – өзүнүн келечеги, үй-бүлөсүнүн, келечектеги балдарынын жакшы – бактылуу жашоосу үчүн зарыл, милдет экендигин түшүндүрүү.

– Коом, мамлекет, район тарабынан балдардын билим алышы үчүн көп каражат сарпталышы, ошолорду бекер короттоо.

– Мугалимдин эмгек-аракетин сыйлоо зарылдыгы.

– Мектепте жалаң математика, физика, тарых ж.б. сабактардан терең билим гана албастан тарбияланып, өсүп, адам болуп жетише тургандыгын түшүндүрүү.

– Мектеп мүлкү, окуу каражаттары, айрыкча китептерге этияттык менен мамиле кылууга даярдоо.

– Окуучулар коллективинде өзүн татыктуу, жакшы алып жүрүүгө багыт берүү.

– Мектепке барып билим алуусуна көп адамдардын эмгеги жумшалган, ошолорду актоо зарылдыгын түшүндүрүү.

– Жакшы билим-тарбия алуу – абийир иши деп билүүсүнө жетишүү.

*3. Психологиялык жактан даярдоо.*

– Насаат, аңгемелешүү ж.б. жолдору менен окууга, билим алууга кызыгууну, ички керектөөнү калыптандыруу жана ар дайым мына ушуну сактап, өстүрүп баруу.

– Балдарыңыз жетишпей же «отличник» болууга жете албай жүргөндө анда өзүнө болгон ишенимин, жөндөмдүүлүгүн сактоо боюнча аракет.

– Мектепке ар дайым ачык маанай, көтөрүңкү рух менен баруусуна жетишүү.

– Сабак, экзамен, зачет ж.б. ачык көңүл, өз ыктыяры, кызыгуусу менен даярдануусуна көңүл буруу.

– Эч качан «Сен жөндөмсүз», «Элдин баласындай окуй албайсың», «Жалкоосуң», «Түшүнбөйсүң» же «Мектеп, билимдин эмне кереги бар, ташта китебиңди, ишти кыл» ж.б. көңүлдү калтырып чөктүрө турган сөздөрдү айтып, капа кылбаңыз. Чындыгында бардык эле балдарда жакшы окууга жөндөмдүүлүк бар. Көп анын аракетинде, мектеп, үй-бүлөдөгү даярдоодо.

– Сезүү, кабылдоо, ойлоо ж.б. билим алуунун психологиялык негиздерин өстүрүү, көмөктөшүү.

## ҮЙ-БҮЛӨДӨ ОКУУЧУЛАРДЫН САБАККА ДАЯРДАНУУСУН КОНТРОЛДОО ЖӨНҮНДӨ

1. Өз убагында сабак даярдоого киришүүсү.
2. Теле-радиого алагды болбой даярдануусу.
3. Дептер-китептеринин толуктугу.

4. Күндөлүгүндө үй-тапшырмасынын болушу.
5. Ошолордун аткарылышы.
6. Математикадан иштөөсү.
7. Кыргыз тил, орус тил ж.б. жазуусу.
8. Китепти үн чыгарып окуусу.
9. Түшүнүүсүн контролдоо.
10. Күндөлүктөгү бааларын текшерүү.
11. Мугалим, класс жетекчиси жазган ой-пикир, сунушун үйрөнүү. Жооп жазуу.
12. Үй тапшырмасын аткаруу мөөнөтүн текшерүү. (Убакыт тиркелет) Көпчүлүгү 10–15 минут эле даярдайт.
13. Окутуп көрүү.
14. Сурап көрүү (түшүнүктөр системасы)
15. Жаздырып көрүү.
16. Сүйлөтүп угуу. Ыр, декламация айттыруу.
17. Таблица, схема, картадан суроо.
18. Китеп, тема акырында суроо берилет, ошол аркылуу суроо.
19. Эреже, формула, закон ж.б. суроо.
20. Дептер, Текшерүү иштеринин баасын текшерүү

## АТА-ЭНЕЛЕР ГИМНАЗИЯДА (МЕКТЕПТЕ)

Ата-эненин мектепте болуусунун окуучу, мугалим үчүн мааниси чоң. Окуучуга жакшы окууга жардам берсе, мугалимге жоопкерчиликти сезип, өз ишине кызыгып иштөөсүнө түрткү болот.

Ошол үчүн Сиз, урматтуу ата-эне! Албетте убакыт таап, мектепке келип, катышып туруңуз.

### Мектепке келгенде төмөндөгүлөргө маани берүү зарыл!

1. Класс жетекчиси менен жолугушуу.
2. Журнал менен таанышуу.
3. Предмет мугалимдери менен жолугуу.
4. Гимназия уставы менен таанышуу (ата-эне милдети, укугу).
5. Гимназия баалуулуктары менен таанышуу.
6. Сабактарга катышуу.

Мүмкүн болсо 4–5 сабакка катышуу.

а) Сабактын өтүлүшү.

б) Окуучунун сабактагы мамилеси.

в) Класстагы башка окуучуларга салыштырмалуу билими.

г) Жообун угуу.

д) Дептер, текшерүү иштери менен таанышуу.

е) Сабакты угуусу, катышуусу.

ж) Ордунда, мугалимдин алдында жооп берүүсү

7. Библиотекадан китеп алып окуусун текшерүү.

8. Класском менен сүйлөшүү.

9. Тарбиячы менен сүйлөшүү.

10. Мугалим, окуучулар менен мамилеси ж.б. сурап, билип көрүп, үйрөнүү.

а) Сабакка жетишүү, катышуусу.

б) Тартиби.

в) Тырышчаактыгы.

г) Жекече даярдануусу.

11. Завуч менен сүйлөшүү.

12. Директорго жолугуу.

## МАДАНИЯТТУУ ҮЙ-БҮЛӨНҮН БЕЛГИСИ

1. Үй-бүлөнүн ынтымактуулугу.

2. Тазалык-тартиби.

3. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз-ара түшүнүү, колдоо жана сыйлоосу.

4. Ата-энелер балдарынын жакшы окуусу, тарбиялануусу, ден-соолугу, эс алуусу, интеллектуалдык, маданий өсүүсүнө, кругозорунун кенейишине зарыл шарт түзөт, кам көрөт, кызыгат.

5. Үй-бүлөдө ар дайым интеллектуалдык, рухий өсүп, өркүндөөгө, изденүүгө умтулуу болуп турат.

6. Балдарыата-энесинин камкордугуна жакшы окуп, үлгүлүү жүрүш-турушу менен жооп берет.

7. Үй-бүлөдө өз ара сыйлашуу, сырдашуу, талап коюу, жардамдашуу иштеринин болушу.

8. Үй-бүлөнүн ийгилиги, абийири даңкы үчүн баары (ата эне, балдары) бирдей кам көрөт, жооп берет.

9. Адал эмгек, акыйкат, адамгерчилик. Билим, маданият, материалдык байлык менен бирге рухий байлыкка умтулуу, ыймандуулук ж.б. үй-бүлөнүн башкы баалуулуктары болуп эсептелет. Мындан тышкары бардык нерсе өз ордунда болот.

10. Телевизор жана радио иштеп турат жана алар максаттуу пайдаланылат.

11. Үй-бүлөлүк китепкана (адабий китептер) түзүлөт.

12. Системалуу гезит-журнал алып окулат.

13. Атайын сабак даярдоочу бөлмө болот. Анда стол, стул ж.б. зарыл каражаттар китеп койчу текче, шкаф ж.б. болот.

14. Уул-кыздары «эң жакшы», «жакшы» окуйт.

15. Ата-эне балдарынын класс жетекчисин, предмет мугалимдерин жакшы таанып, системалуу байланышта болот.

16. Ата-эне ар чейректе балдарынын сабагына кеминде 2 саат катышып, мектепке келип турат.

17. Ата-энелер чогулушуна катышып ой-сунуштарын айтып турат.

18. Ата-эне балдар тарбиясы жөнүндө педагогикалык китептерди окуп турат.

19. Китеп, гезит окуп өз көз карашын (кругозорун) кеңейтип, балдарына үлгү болот.

20. Балдарынын мугалимдерине урмат менен мамиле жасап, уул-кыздарына үлгү көрсөтөт.

21. Колдон келсе мектепке материалдык жана моралдык колдоо көрсөтүп турат.

22. Илим-билимдүү, маданияттуу адамдар (туугандар, таанышатар) тез-тез үй-бүлөнүн коногу болуп турат.

23. Өз кезегинде ата-эне балдары менен бирге тез-тез ошондой адамдардын коногу болуп турушат.

24. Дасторкон четинде, бош убакытта илим-билим, маданият жөнүндө аңгеме, дискуссия болуп турат.

25. Тез-тез кызыктуу китептерди балдарына белек кылып берип турат.

26. Эл сыйлаган адамгерчиликтүү, илим-билимдүү адамдар үй-бүлөдө сыйланат. Алар жөнүндө атайын системалуу сөз болуп турат.

27. Ата-эне элдик жомок, макал-лакап, санжыраларды жакшы билип, тарбиялоодо пайдаланышат.

Урматтуу ата-энелер! Сиздерде булардын кайсылары бар? Анализдеп, жокторун толуктасаңыз жакшы болот.

Г. МАДАМИНОВ

## СИЗДЕР ҮЧҮН ПАЙДАЛУУ ЦИФРАЛАР

***– Америкалык изилдөөчүлөр китеп окуунун төмөнкү нормасын сунуш кылышат.***

1. Башталгыч класста – 80–150 сөз минутасына
2. 5–8-класстар – 175–204 сөз минутасына
3. 9–11-класстар – 214–250 сөз минутасына
4. Студенттик куракта 250–280 сөз минутасына

(НОТ учителя. Москва. 1989 г. с. 97)

Сиз, урматтуу ата-эне, мына ушул илимий нормага негизденип, өз балаңыздын китеп окуу жөндөмүн текшерсеңиз болот. Эгер нормага жооп бербесе өркүндөтүү керек.

***– Үйдө сабакка даярданууга төмөнкүдөй мөөнөт ажыратылса жакшы болот:***

1-класс – 1 саатка чейин
2-класс – 1,5 саат,
3-класс – 2 саатка чейин,
5–6-класс – 2–2,5 саат,
8–класс – 3 саат,
9–11-класс – 4 саатка чейин.

35 минутада танапис, тыныгуу жасоо зарыл. Ал 5–10 минутка созулса туура болот.

## ОКУМУШТУУЛАРДЫН ИЗИЛДӨӨСҮ ТӨМӨНКҮ ЖЫЙЫНТЫКТЫ БЕРГЕН

Окуучунун өсүүсүнө, 4 нерсе күчтүү таасир берери аныкталган. Алар:

1. Үй-бүлө
2. Массалык маалымат каражаттары (теле-радио, гезит, ж.б.)
3. Тентуш, достору.
4. Мектеп.

Мына ушулардын арасынан башкаларга салыштырмалуу эң көп, күчтүү таасир кыла турганы бул – үй-бүлө экен. Анын таасири 35%. Демек, биринчиден бардыгы үй-бүлөдөн башталат. Үй-бүлөгө көз каранды.

Ошол себептүү балдардын көңүлүн илим-билимге, адепахлакка буруу, кызыктыруунун башкы очогу бул – үй-бүлө. Балдар үчүн эң кичине, бирок эң күчтүү мектеп бул – үй-бүлө.

## ҮЙ-БҮЛӨЛҮК КИТЕПКАНА ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

Максаты:

– Үй-бүлөдө балдарды китепти сүйүүгө тарбиялоо.

– Адабий китептерди чогултуу, окуу, системага салып, билим алып, көз карашты өстүрүү, кеңейтүү.

– Көптү окуп билген, жан дүйнөсү бай, адамгерчиликтүү адам болуу.

– Бул китептер чоңдор үчүн да, балдар үчүн да аба менен суудай зарыл. Алар жашоодо насаатчы, кеңешчи, жол көрсөтүүчү.

1. Үй-бүлөдө китепкана түзүү бул ата-эне менен, балдарынын биргелешкен көп жылдык ишинин натыйжасы.

2. Ата-эне жаш кезинен ар бир алган китебин чогултуп, атайын шкаф, текчеге чогултуп, абайлап сактап, окуп, карточка түзүп баруусу зарыл.

3. Китептер темасы, багыты, авторлору, жылдары ж.б. карап бөлүнөт.

4. Жеке китепканада албетте дүйнөлүк, ата-мекен адабиятынын классиктеринин чыгармалары топтоштурулат.

5. Кыргыз эл жомоктору, «Манас», «Семетей», «Сейтек» ж.б. кенже эпос, жомок, уламыштар.

6. Кыргыз эл акын-жазуучуларынын чыгармалары.

7. Илимий-фантастикалык чыгармалар.

8. Аңгеме, очерк, повесть, романдар.

9. Энциклопедия, справочник, сөздүк ж.б. сурама адабият. (М: Кыргыз Совет энциклопедиясы, Балдар энциклопедиясы, Бул ким? Ал эмне? ж.б.)

10. Гезит, журналдар (чогултуу).

Багыты боюнча;

1. Табигат
2. Мекен
3. Достук
4. Сүйүү
5. Үй-бүлө
6. Дүйнө
7. Коом
8. Саясат
9. Экономика
10. Турмуш
11. Базар экономикасы

12. Илим-билим

13. Маданият

14. Искусство

15. Ден-соолук

16. Укук (закон) ж.б. жөнүндөгү китептер болуусу зарыл.

– Айрыкча балдар кызыккан адабий, илимий-популярдуу, сурама справочник, энциклопедиялар чогултулса жакшы болот.

– Келечекте тандап алган кесип жөнүндө китептер.

– Тарбия, өзүн-өзү тарбиялоо, интеллектуалдык, акыл-эсти өстүрүүчү китептер, журнал ж.б. адабияттар.

– Атайын балдар үчүн жазылган адабий чыгармалар.

– Балдардын жашы, классына ылайык көркөм адабий китептер.

– Табышмак, макал-лакап, насыйкат сөздөр.

***Түзүү, чогултуу жолдору:***

1. Дүкөндөн сатып алуу (багыты боюнча).
2. Туулган күн жана башка маарекелерге белек.
3. Саякат-сапарга барганда белек.
4. Жазылып алуу.
5. Мураска алуу.
6. Башка бир буюмга алмаштырып алуу.
7. Кызмат кылып алуу.
8. Башкалар окуп бүтүп калган китептерди чогултуу.
9. Убактынча китепканалардан алып туруу.
10. Башкалар менен китеп алмаштырып туруу
11. Орус, өзбек ж.б. тилиндеги китептерди чогултуу.
12. Жаш өзгөчөлүгүнө ылайык сунуш кылынган китеп тизмесин алып издөө.

12. Ата-энелери балдарына, ага-эжелери, ини-сиңдилерине китеп окуп пайдаланууда үлгү болуусу керек.

– Үй-бүлөдө окуган китептерди талкуулоо, өз ара ой бөлүшүү, суроо-жооп болуп турса жакшы болот.

– Өздүк китепкана атайын журнал ачылып кимден алып, кимге берилгени ж.б. белгиленип турат.

– Үй-бүлөлүк китепкана ар дайым жаңыланып, толукталып туруусу зарыл.

– Үй-бүлөсүндө өздүк китепканасы болбогон үй-бүлө рухий жарды болот.

## АТА-ЭНЕЛЕР ҮЧҮН СУНУШ КЫЛЫНГАН КИТЕПТЕР

1. Акматалиев А. «Баба салты, эне адеби». Б. Баласагын. 1993.

2. Жусуп Баласагын. «Кутту билим». М., Ник, 1993.

3. «Залкарлар накылы». (Түзгөн Т.Молдобаев) Б., 1999.

4. «Залкар ой мурастары». (Түзгөн жана которгон А.Ашырбаев) Ф., Кыргызстан, 1969.

5. Кыргыз макал-лакаптары. (Түзгөн Ш.Усупбеков) Ф., Кыргызстан, 1982.

6. Кыргыз эл жомоктору. (Түзгөн А.Токомбаев) Ф., 1985.

7. Ой гүлдөрү (Которгон Т.Ташмаматов) Б., Адабият, 1991.

8. «Сулаймандын накыл сөздөрү». (Түзгөн жана которгон Аскар Мамбеталиев) Б., Аль-Салам. 1999.

9. Хусейн Карасаев. «Накыл сөздөр» Б., Шам. 1995.

10. Элдик педагогиканын берметтери. (Түзгөн Ж.Койчуманов) Б., 1998.

11. Этика боюнча сөздүк. (Которгон Р.Умралин, Т.Иязалиев) Ф., Кыргызстан, 1983.

12. А.С. Макаренко «Ата-энелер китеби» М.,1965.

13. Абай (Ибрагим Куананбаев) «Слова назидания». (Пер. Сказ. С. Санбаева., А-Ата, Жалын., 1983)

14. Этика: словарь афоризмов и изречений сост. Э.,90 В.Н.Назаров.

15. Е.Д.Мелешко, М., АО «Аспект Пресс» 1995.

16. «Мудрость воспитания», Книга для родителей. М., 1989.

17. «Как вырастить здорового ребёнка». В.П. Алферова. Ленинградского отд. 1991.

18. Иптаров С., Кулматов Н. «Адеп билими». Усулдук колдонмо. Б., Аль Салам. 2000

19. «Менин алгачкы энциклопедиям», Э.Ленгли. (Которгон Т.Абдиев В. 1998).

20. Г. Мадаминов, «Ата-энелер, сиздер үчүн». Б. 2014.

21. «Хадистер».

## БАЛДАРДЫН ЖАШ КУРАГЫН ЭСКЕ АЛЫП, СУНУШ КЫЛЫНУУЧУ АЙРЫМ КӨРКӨМ АДАБИЙ КИТЕПТЕРДИН ТИЗМЕСИ

Көпчүлүк окуучулар эрте жашынан өзүнө ылайык эмес «оор» китептерди окуп алып, китеп окуудан тажап калуусун

тажрыйба көрсөтүүдө. Мис: башталгыч класстын окуучусу повесть, романдарды окумакчы болот, түшүнбөй таштап коёт. Ошентип китеп окуудан көңүлү калат.

Биз, ата-энелер жана мугалимдер окуучуларга өз жашына ылайык китеп тандап окуусуна жардам берүүбүз керек.

Мис: Мектепке чейинки (4–5–6 жаштагы) балдарга жеңил жомок, уламыш, дастандардан үзүндү окуп, образдуу айтып берүү пайдалуу.

Мис: «Чокчолой баатыр»

«Ийнелик менен кумурска»

«Шалгам жөнүндө жомок»

«Көмөч», «Кызыл шапочка»

**Башталгыч класстар үчүн төмөнкү жомокторду сунуштайбыз.**

«Түлкү менен карга»

«Сур коён»

«Алтын балык тууралуу жомок»

«Капастагы булбул»

«Кызыл таок»

«Баарынан ким күчтүү»

«Беш улак»

### 5-класс

Сюжети, композициясы татаал эмес, каармандары азыраак жомоктор: Мис: «Акыл карачач», «Акылдуу дыйкан»,

Орус эл жомогу «Золушка»

Казак эл жомогу «Каракушбай»

Сент Экзаюпери «Кичинекей ханзада»

Окуялары татаалдана баштаган фантастикалык чыгармалар: Мис: К. Эсенкожоев «Үчүнчү шар», Б. Сартов. «Роботтун туулган күнү».

### 6-класс

Көлөмдүүрөк, композициясы татаалдана баштаган энгемелер:

Мис: М.Элебаев «Бороондуу күнү», «Акылмандын жообу»

Ыр түрүнде жазылган, көлөмү чакан поэмалар:

Мис: А.Осмонов «Толубай сынчы»

А. Токтомушев «Какшаалдан кат».

Анчалык деңгээлде татаалданбаган повесть, романдардан үзүндүлөр: Мис: Т. Касымбеков «Дарга асуу» («Келкел» роман, үзүндү) Т.Сыдыкбекова «Таш күмбөздөр сүйлөйт» («Кок асаба» ром.үз.)

Элдик эпостордон үзүндүлөр:
Мис: «Эр Төштүк», «Манас», «Жаныш-Байыш» ж.б.

### 7-класс

Кенже эпостор: Мис: «Кожожаш», «Эр Табылды» ж.б.
Көлөмдүү повесттер: Мис: А. Токомбаев «Жараланган жүрөк», Ч. Айтматов «Эрте келген турналар».
Аңгемелер: Мис: А.П.Чехов «Хамелеон».
М.Ауэзов «Бүркүтчү» ж.б.
Чакан жеңил драмалар: Мис: Ж. Садыков «Манастын уулу Семетей», Б.Жакиев «Атанын тагдыры» ж.б.

### 8-класс

Аңгемелер: Мис: А.П.Чехов «Каштанка»
Повестер: Мис: О. Орозов «Күдөр»
С. Рыскулов «Кара шумкар»
Поэмалар: Мис: Т. Үмөталиев «Айсулуу»
А.Осмонов «Көл боюнда»
Эпостор: «Манас», «Махабхарата»
Таталдашкан эпостор: Мис: «Олжобай менен Кишимжан»
«Аксаткын менен Кулмурза»
«Кедейкан» ж.б.

### 9-класс

Повестер: Мис: О.Олжобаев «Кыл көпүрө»
К.Каимов «Атай» ж.б.
Романдар: Мис: Т. Сыдыкбеков «Тоо балдары»
Драмалар: Мис: К. Жантөшев «Каныбек», «Карачач» ж.б.
Эпостор: Мис: «Манас», «Курманбек», «Семетей», «Сейтек».
Романдар: Мис: Э.Турсунов «Ата Журт»
Ч. Айтматов «Кыямат»
О. Ланикеев «Көкөй кести»
К. Акматов «Мезгил» ж.б.
Пьесалар: Мис: Р. Шүкүрбеков «Мен да бирөөнүн баласымын».

### 10–11-класстар

Романдар: Мис: К. Баялинов «Боордоштор»
Т. Сыдыкбеков «Темир»

Л. Толстой «Согуш жана тынчтык»
О. Бальзак «Адамдардын тамашасы»
М. Ауэзов «Абай»
Повесттер: Мис: Ч. Айтматов «Гүлсарат»
Н. Байтемиров «Санта»
К. Маликов «Азаматтар»
Эпостор: Мис: «Манас», «Семетей», «Сейтек», Гомер «Одисея ж.б. Поэмалар: Мис: С.Эралиев «Ак Мөөр»
Т. Үмөталиев «Айсулуу»
С. Эралиев «Жылдыздарга саякат» ж.б.

## ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТТАН БАЛДАРГА ЭҢ БЕЛГИЛҮҮ 10 КИТЕП

Ганс-Христиан Андерсон: «Сказки» (в том числе «Новое платье короля»).
Дж.М. Барри: «Питер Пэн».
Льюис Кэрролл: «Приключения Алисы в стране чудес».
Клайв Кинг: «Стиг-мусорщик».
Редьярд Киплинг: «Книга Джунглей».
Клайв С.Льюис: «Лев, колдунья» и платяной шкаф».
А.А.Милн: «Винни-Пух и все остальные».
Р.Л.Стивенсон: «Остров сокровищ»
Марк Твен: «Приключения Гекльберри Финна».
Роалд Дал: «БФГ»

## БАЛДАР ҮЧҮН ЧЫГАРМАЛАРЫ КЫЗЫКТУУ БОЛГОН 10 БЕЛГИЛҮҮ ЖАЗУУЧУ ЖАНА АЛАРДЫН ЧЫГАРМАЛАРЫ

Дж. Остин: «Гордость и предубеждение»
Шарлотта Бронте: «Джен Эйр»
Эмили Бронте: «Грозовой перевал»
Мигель де Сервантес: «Дон Кихот»
Джеффи Чосер: «Кентерберийские рассказы»
Данте: «Божественная комедия»
Чарльз Диккенс: «Большие ожидания»
Достоевский: «Преступление и наказание»
Джонатан Свифт: «Странствия Гулливера»
Лев Толстой: «Война и мир».
(5000 Вопросов и ответов о нашем мире. Стр. 140.) Москва, 1995)

**Ата-энелердин үй-бүлөдө балдары менен алып баруучу тарбиялык аңгеме, сабак иш-чараларынын болжолдуу программасы**

| № | Тема, иш чара | Саат | Амалият, күн |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| 1. | Киришүү | 1–2 | 1күн, жума ай, жыл |
| 2. | Өзүнү-өзү тейлөө жөнүндө<br>А.Дене боюну таза сактоо<br>Б.Жарашыктуу кийинүү<br>В.Туура тамактануу ж.б.<br>Г) Дене тарбиясы спорт ж-дө | | |
| 3. | Үй чарба жумуштарына катышуу, кол кабыш кылуу жөнүндө ж.б.<br>А. Бөлмө, короолорду жыйноо, таза сактоо<br>Б. Эгин эгип, жемиш бактарды, гүл өстүрүп, кам көрүү.<br>В. Мал жаныбарларды багуу, өстүрүү.<br>Г. Үйдөгү кызмат көрсөтүүчү техникаларды пайдалануу, тейлөө<br>Д. Бул иштерди аткарууда коопсуздук эрежеси (өрт, суу, ток) жөнүндө.<br>Ж. Үй-бүлөгө киреше алып келүүчү башка иштер жөнүндө. | | |
| 4. | Конокту күтүү, коноко баруу адеби жөнүндө.<br>А. Коноктун ыйыктыгы<br>Б. Жакшы күтүп алуу, дасторкон салуу, чай тамак менен тейлөө<br>В. Конокко барганда өзүн алып жүрүү | | |
| 5. | Үй-бүлө мүчөлөрү<br><br>А. Ата-эне, бир тууган, жакын туугандары менен туура, мээримдүү мамиледе болуу.<br>Б. Алыс, жакын тууган уруулары, коңшулары менен жакшы карым-катнашта болуу<br>В. Туугандарды сыйлоо, жардам берүү, кам көрүү жөнүндө | | |

| 1 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| 6. | Ыйман, адеп тарбиясы<br>А. Кудайга ишенүү, Ислам дини, мусулманчылык адеби, ынсап, тазалык, адамгерчилик, уят, ар-намыс, ак ниеттүүлүк, калыстык ж.б. | | |
| 7. | Ата-бабаларынын баяны, үй-бүлө тарыхы, салты<br>А. Теги, ата-бабаларынын алгылыктуу иштери, жактары. Алар менен сыймыктануу жана татыктуу болуу жөнүндө.<br>Б. Жети атасы жана жети энеси жөнүндө билдирүү. Санжыра. | | |
| 8. | Билим, тарбия баалуулугу.<br>А.Билим, тарбиянын турмуштагы зарылдыгы жана пайдасы<br>Б. Билим, тарбия алуунун жана пайдалануунун жолдору, АЭМди пайдалануу | | |
| 9. | Өнөр үйрөнүү жөнүндө<br>А. Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат сөзүнүн мааниси<br>Б. Өнөр үйрөнүүнүн жолдору, устат-шакирттик маселеси жөнүндө | | |
| 10. | Билим, өнөр үйрөнүүдө мектеп, окуу жайлардын туура тандалуусу жана мугалим устаттар жөнүндө<br>А. Мектеп, окуу жайдын ыйыктыгы<br>Б. Мугалим, устаттын эмгегинин улуулугу<br>В. Алардан чын дилден үйрөнүүнүн жана ыраазы болуп, ыраазы кылуунун жолдору жөнүндө | | |
| 11. | Кесип тандоо, ээ болуу.<br>А. Кесибим ырыс кешигим<br>Б. Туура тандоо жана чын дилден үйрөнүү.<br>В. Кесипти чын дилден үйрөнүп ата-энеге, эл журтка кызмат кылып балдарын багуу жөнүндө | | |

| 1 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| 12. | Билим, өнөр, тарбия, кесипке ээ болууда китептин ролу, мааниси<br><br>А. Китепти тандоо, аянбай сатып алуу, чогултуу жөнүндө.<br>Б. Үй-бүлөлүк китепканаларды түзүү.<br>В. Китептен үйрөнүп, турмушта пайдалануу жөнүндө.<br>Г. Турмуш китебини, табият китебини окуй билүү жөнүндө.<br>Д. Тарыхый адабий китептер турмуш китебинин миңден бир чагылышы, табигый математикалык китептер табият китебинин миңден бир чагылышы.<br>Ж. Адабий китептерди тандап, окуй билүү жөнүндө. | | |
| 13. | Эл-журтка, Мекенге кызмат кылуу жөнүндө<br><br>А. Билим, өнөр менен кызмат кылып, эл баласы боло билүү.<br>Б. Айылы, району, Мекенини сүйүп, сактап, кызмат кылуу. | | |
| 14. | Адамдар менен туура мамиледе боло билүү<br><br>А. Жоро-жолдош күтө билүү.<br>Б. Эл менен, түрдүү даражадагы адамдар менен туура мамиледе болуу.<br>В. Дос, душманды сезе билүү.<br>Г. Жакшылыкка жакшылык, жамандыкка жакшылык кылып жашай билүү. | | |
| 15. | Урмат сыйды, амал кызматты көтөрө билүү жөнүндө. | | |
| 16. | Уул-кызды үй-бүлөлүү болууга тарбиялоо, даярдоо жөнүндө<br><br>А. Татыктуу күйөө, күйөө бала, ата болууга тарбиялоо.<br>Б. Ыймандуу, мээримдүү келинчек, келин, эне, жубай болууга тарбиялоо.<br>В. Үй-бүлөнүн ыйыктыгын сактоо, жубайлардын өз ара мамилеси жана жоопкерчилиги жөнүндө. | | |

| 1 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| 17. | Айкөлдүк, марттык, берешендик жөнүндө<br>А. Жан дүйнөнүн марттыгы, берешендик мааниси жөнүндө.<br>Муктаждарга бирди берсең, Кудай сага миңди берет.<br>Б. Милдетсиз марттык.<br>В. Жакшылык, берешендикти айттырбай жасоо. | | |
| 18. | Ак эмгек, бешене-тер, туура жол менен мал, дүйнө табуу жана сарамжалдуу жашоо<br>А. Байлыкты ак эмгек менен табуу жолдору.<br>Б. Байлыкты башкаларга көргөзүү үчүн эмес татыктуу жашоо үчүн чогултуу.<br>В. Артыкча шаан-шөкөт, байлык менен жашоонун өзүн токтотуу жөнүндө.<br>Г. Сарамжалдуулук байлык топтоонун жана көз каранды болбостуктун эң мыкты жолу.<br>Д. Тапканыга жараша сарптоо принциби. | | |
| 19. | Ишкердик, акча табуу жолдору жөнүндө<br>А. Ишкердиктин мааниси, түрлөрү.<br>Б. Учурга, заманга,талапка ылайык ишкердиктин түрлөрү.<br>В. Ишкердикти үйрөнүү, жүргүзүү жолдору.<br>Г. Соода, акча, эсепти туура жүргүзүү.<br>Д. Цивилизациялуу, ыймандуу ишкердикке жетишүү. | | |
| 20. | Өз аймагындагы, өлкөдөгү үлгүлүү, белгилүү инсандарды таанып билүү жана алардан үйрөнүү.<br>А. Инсандык асыл сапаттарды үйрөнүү.<br>Б. Улуу иштерини үйрөнүү.<br>В. Мүмкүн болсо байланыш орнотуп, кызматташуу. | | |
| 21. | Жашоонун максаты, мазмуну, мааниси жөнүндө. | | |

| 1 | 2 | 3 | 4 |
|---|---|---|---|
| 22. | Үй-бүлөдө балдар өздөрү каалаган темада, алардын сураныччы боюнча аңгеме, сабак өткөрүү. | | |
| 23. | Балдар менен дүйнөгө белгилүү улуу, асылзаада инсандардын мисалында өзүн-өзү тарбиялоо, өстүрүү, өзүн-өзү сындоо, сыйлоо жөнүндө аңгеме, сабак өтүү. | | |

Түзгөн Г.Мадаминов

*Эскертүү:*

*1. Урматтуу ата-энелер, окурмандар бул темалар жөнөкөй, турмушта айтып, жасалып жүргөн дешиңиз мүмкүн. Бирок мына ушул жөнөкөй темаларда келечектин улуу иштеринин тамыры жатат. Мисалы: Ыймандуу, билимдүү, өнөрлүү болбосо эртең жакшы адам да боло албайт, үй-бүлөсүнү багып мамлекетке кызмат да кыла албайт.*

*2. Билгенибиз да бул 23 теманын бардыгы жөнүндө иш алып барбайбыз. Ар жериден бир, үстүртөн айтып, чөп чабы (башаламан) кылып таштайбыз. Көпчүлүк темалар дээрлик эскерилип айтылбай да калат. Себеби ата-энелер өзүбүз да билбейбиз.*

*3. Бул программа кол астында болсо, системалуу тарбия иши жүргүзүлөт. Багыт, компас болот.*

*4. Балдарга үйрөтөм, айтам деп ата-эне өзү да окуйт, изденет, даярданат. Бул эң кымбаттусу.*

*5. Тарбия сабак өтүү жөнүндө. Балдардын жашына ылайык тема тандалып алынышы мүмкүн. Мектеп сабагынан айырмаланып эркин, үй-бүлө шартында суроо-жооп иретинде өтүлүүсү мүмкүн. Аңгеме, сабак, көнүгүү, машыгуу менен, үлгү көрсөтүп, жасоо менен коштолсо болот.*

*6. Кээ бир темалар 1–2 саат өтүлүп, эртеси бир күн амалияттык тапшырма берилет. Кээ бирине бир жума, бир айлык тапшырма, сыноо бериш мүмкүн. Кийинки сүйлөшүүдө айтылгандар менен жасалгандар талкууланып баа берилет. Кээ бир темаларга балдар ата-энелерине жардам бериши мүмкүн.*

*7. Программанын негизини алып, айрым темаларды кошуп, өзгөртүү мүмкүн.*

*8. Жок дегенде ушул программанын 70%ы өтүлсө үй-бүлөдө ата-эне менен балдардын баарлашуусу тарбиялык багытта кызматташуусу болот. Курғак сөз, насаат болбостон, пландуу, алдын -ала ойлонулган, тарбияда ийгиликке алып келүүчү иш-чара болот.*

*9. Бул программа менен таанышкан ата-эне жана балдар өздөрүнүн канчалык жоопкерчиликтүү экендигин сезет. Бул да эң башкысы.*

*10. Эң башкысы үй-бүлөдөгү тарбия эптеп-септеп болбостон, системалуу болуп балдар турмушка даярдыктын үй-бүлөлүк мектебинин образдуу айтсак «алиппе, арифметикасын» алып, бир кыйла даяр болуп бышып чыгат.*

## №3-ГИМНАЗИЯДА 2 ЖАНА АНДАН КӨП БАЛДАРЫ ЖАКШЫ БИЛИМ-ТАРБИЯ АЛЫП БҮТҮРГӨН АТА-ЭНЕЛЕР

| № | Аты-жөнү | № | Балдары | Жогорку окуу жай (бюджеттик бөлүм-ү) |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Токтоназаров Абдижапар, Азизбүбү | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | Чынара<br>Абдишүкүр<br>Динара<br>Данияр | БГУ<br>КГУСТА<br>КУУ<br>КУАА (Аграр. Акад.) |
| 2. | Галжигитов Абдрахман, Сулуу | 1.<br>2. | Салия<br>Токтокан | Манас университети<br>Манас университети |
| 3. | Алимбаев Абдимомун, Салтанат | 1.<br>2.<br>3.<br>4.<br>5.<br>6. | Жыпара<br>Дамира<br>Динара<br>Арстан<br>Эсен<br>Гүлбахар | Медиц. училища<br>КУУ<br>Медициналык Акад.<br>КРСУ<br>ОшМУ<br>Медициналык Акад. |
| 4. | Умаров Абдупатта, Санавар | 1.<br>2. | Аида<br>Азат | ОшМУ<br>Кыргыз Улут. Унив. |
| 5. | Турдуев Убраим, Зулайка | 1.<br>2.<br>3.<br>4.<br>5. | Айгүл<br>Мирлан<br>Бермет<br>Нурзат<br>Өмүр | БатМУ<br>Москва Мам. Физ. тех. унив.<br>КУУ<br>Манас университети<br>Ата-түрк Ала-тоо унив. |

| № | Аты-жөнү | № | Балдары | Жогорку окуу жай (бюджеттик бөлүм-ү) |
|---|---|---|---|---|
| 6. | Мурадов Омурзак, Бүүасал | 1.<br>2.<br>3. | Насиба<br>Нурлан<br>Акжол | АУЦА<br>КУУ<br>КРСУ |
| 7. | Жалилов Турсунбек, Напар | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | Айпаша<br>Гүлзада<br>Бекжан<br>Жыпара | КЭАУ (Эл ар. унив.)<br>Бишкек мед. окуу ж.<br>КУУ<br>КУУ |
| 8. | Өзбеков Эрназар, Анар | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | Жылдыз<br>Эрнист<br>Кымызай<br>Бегимай | Манас университети<br>КУАА (Аграр. Акад.)<br>И. Арабаев атын. Унив.<br>№3-гимназия |
| 9. | Боркошов Акматали, Кансулуу | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | Айымгүл<br>Айнагүл<br>Бердали<br>Айжума | Медициналык Акад.<br>ОшМУ<br>ОшМУ<br>ОшМУ |
| 10. | Досматов Султанмурат, Зияда | 1.<br>2.<br>3. | Шайыргүл<br>Камчыбек<br>Гүлжамал | ОшМУ<br>ОшМУ<br>У.Салиева атын.лицей |
| 11. | Кудайбердиев Файзулла, Убадат | 1.<br>2. | Назира<br>Токтобай | Медициналык Акад.<br>И. Арабаев атын. Унив. |
| 12. | Мурзабеков Таир, Кайры | 1.<br>2.<br>3. | Чыңгыз<br>Бегайым<br>Алманбет | КГУСТА<br>Медициналык Акад.<br>У.Асаналиев атын. Тоо- кен институту |
| 13. | Жолдошов Токтогул, Каныгүл | 1.<br>2. | Роза<br>Айнура | КУУ<br>Медициналык Акад. |
| 14. | Мадаминов Кудайкул, Жамила | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | Айнура<br>Улан<br>Айбек<br>Каттабек | ОшМУ<br>КГУСТА<br>Медициналык Акад.<br>№3-гимназия |

| № | Аты-жөнү | № | Балдары | Жогорку окуу жай бюджеттик бөлүм-ү) |
|---|---|---|---|---|
| 15. | Сыдыков Абдумалик, Дарханай | 1.<br>2.<br>3.<br>4.<br>5. | Гүлзада<br>Айзада<br>Гүлкайыр<br>Каныкей<br>Сагынбай | И. Арабаев атын. Унив.<br>И. Арабаев атын. Унив.<br>Кыргыз экон. Унив.<br>Медициналык Акад.<br>Россия, Томск политех. унив. |
| 16. | Караев Айдарали, Айсана | 1.<br>2.<br>3. | Эмилбек<br>Эрнист<br>Кызбурак | И. Арабаев атын. Унив.<br>Россия, Томск политех. Унив.<br>№3-гимназия |
| 17. | Марипов Абдилапиз, Сайда | 1.<br>2.<br>3. | Садык<br>Тотугүл<br>Тойлухан | Финансы техникуму<br>КУУ<br>КУУ |
| 18. | Ахмедов Мамытжан, Канбүбү | 1.<br>2. | Замира<br>Азамат | ОшМУ<br>ХГУ Ленинабад |
| 19. | Ибрагимов Абдыкаар, Райхан | 1.<br>2. | Гүлжамал<br>Сүйүн | БГУ<br>Манас университети |
| 20. | Бектемиров Абдукарим, Дилбар | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | Эркинай<br>Дамира<br>Данияр<br>Элияр | Кыргыз Экон. Унив.<br>КУУ<br>Юридикалык Акад.<br>АУП КР |
| 21. | Арипов Зарип, Савриниса | 1. | Адыл | КР Куралдуу күч-н Аскер институту |
| 22. | Мурзабеков Пахридин, Жээнгүл | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | Марат<br>Айзат<br>Гүлбарчын<br>Азамат | Кыргыз Экон. Унив.<br>Медициналык Акад.<br>Манас университети<br>№3-гимназия |
| 23. | Раимбердиев Исманали, Таалай | 1.<br>2. | Эмил<br>Медер | Ош медициналык инс.<br>№3-гимназия |

| № | Аты-жөнү | № | Балдары | Жогорку окуу жай (бюджеттик бөлүм-ү) |
|---|---|---|---|---|
| 24. | Бостонов Конурбай, Гүлмира | 1.<br>2.<br>3. | Асел<br>Мадина<br>Айбек | Медициналык Акад.<br>Юридикалык Акад.<br>№3-гимназия |
| 25. | Аширов Абдилазиз, Рабия | 1.<br>2. | Зейнеп<br>Кубат | ОшМУ<br>КУУ |
| 26. | Рустамов Абдилашим, Фарида | 1.<br>2.<br>3.<br>4. | Айчүрөк<br>Нурсултан<br>Айжан<br>Элчибек | И. Арабаев атын.унив<br>Юридикалык Акад.<br>Манас университети<br>КТЛ «Себат» |
| 27. | Ибрагимов Карим, Марипат | 1.<br>2. | Малика<br>Абдурашит | БатМУ<br>КГУСТА |
| 28. | Каланов Аманбек, Алима | 1.<br>2. | Медина<br>Наргүл | КУУ<br>№3-гимназия |
| 29. | Аширов Исраил, Орозбүбү | 1.<br>2. | Максат<br>Мадина | КУУ<br>№3-гимназия |
| 30. | Жолдошов Сейдали, Урматай | 1.<br>2. | Динара<br>Калмира | И.Арабаев атын. Унив.<br>Юридикалык Акад. |
| 31. | Бекбаев Шүкүрали, Жаркынай | 1.<br>2.<br>3. | Канымай<br>Курбангүл<br>Азамат | Медициналык Акад.<br>№3-гимназия<br>№3-гимназия |
| 32. | Жалилов Салимбек, Урматай | 1.<br>2.<br>3. | Ахат<br>Саид<br>Мадина | И.Раззаков атын. КМТУ<br>№3-гимназия<br>№3-гимназия |
| 33. | Алимбеков Абдимиталип, Сапия | 1.<br>2. | Абубилла<br>Гүлмира | ОшМУ<br>Манас университети |
| 34. | Мирсаидов Акматжон, Барчынай | 1. | Гүлчырай | Медициналык Акад. |

# ЖАҢЫ ШАРТТАГЫ ЖАҢЫ ТАРБИЯЛЫК ИШТЕРДИН БАГЫТТАРЫ

- ДҮЙНӨДӨГҮ ӨЗГӨРҮҮ. ЖАҢЫЛАНУУ
- ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК
- ДЕМОКРАТИЯ
- ГУМАНДУУЛУК
- УКУКТУК МАМЛЕКЕТ ТҮЗҮҮГӨ БАГЫТ
- УЛУТТУК ИДЕОЛОГИЯ
- ЭРКИНДИК
- БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ
- ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДИН КАРАМА-КАРШЫЛЫГЫ
- ЖУМУШСУЗДУК
- ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ АБАЛ
- ЖАКЫРЧЫЛЫК
- АТА-ЭНЕ БАЗАРДА
- АКЧА-ПАЙДАДАН АТААНДАШТЫК
- КЫЛМЫШТУУЛУК
- ТЕЛЕВИЗОР, ВИДЕО
- ЭСКИ ИДЕАЛДЫН БУЗУЛГАНЫ
- ЭГОИЗМ, ТАШБООРДУК
- КАЙДЫГЕРЛИК
- НАРКОМАНИЯ

ҮЙ-БҮЛӨ
МЕКТЕП
ОКУУЧУ
ТААЛИМ
ТАРБИЯ

Тарбиянын жаңы актуалдуу зарыл багыты, темасы

Тарбиялоо форма, каражаты

- Тарбиялык саат
- Дебат
- Дискуссия
- Алдыңкы окуучунун тажрыйбасы
- Жолугушуу
- «Күзгү»
- Ролдоштуруу
- Окууч. конф-я.
- Аңгеме
- Жалпы жыйын
- Кыздар кеңеши
- Жигит. кеңеши
- Тарбиялык жумалык
- Ийрим
- Лекция

- Жалпы адамзаттык баалуулук
- Улуттук аң-сезим
- Эркин граждании
- Инсан болуу
- Укуктарды, мыйзамдарды билүү, пайдалануу
- Милдет
- Жоопкерчилик
- Эркин ойлоо, сүйлөө, иштөө
- Жакшылык жасап, баалай билүү
- Кеңири көз караш, ойлоо
- Максаттуулук
- Материалдык рухий байланышка умтулуу
- Билим тарбия баалуулугу
- Жаңы шартта жашоо, билим алуу, иштөөгө ылайыкташуу
- Жаңы доордун жаңы талабы
- Ишкердик, демилге
- Практикалык атаандашуу даярдык
- Ийкемдүүлүк, тапкычтык
- Ымала маданияты
- Өз алдынчалуулук
- Өзүн-өзү камсыз кылуу
- Өзүн-өзү коргоо, алданбоо
- Үнөмдүүлүк, берешендик
- Өзүн-өзү тарбиялоо, өстүрүү
- Аракеттин ички планы менен окуу, иштөө, жашоо
- Убакытты туура пайдалануу
- Терең-бийик адамгерчилик сапат
- Жалпы маданиятты жогорулатуу
- Көп информациялардан пайдалууларын тандап окуу

Түзгөн Г.Мадамзиов

## МАЗМУНУ


..........3
Кириш сөз ордуна..........
Үй-бүлө тарбиясында балдардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу ..........9
жөнүндө..........15
Жигиттердин анатомиялык-физиологиялык өзгөчөлүктөрү ..........16
Жаш курак картасы..........17
Үй-бүлөдө тарбиянын негизги багыттары жөнүндө..........21
Үй-бүлөдө балдарга сабак даярдоого шарт түзүү жөнүндө.......... 22
«Эң мыкты сабак даярдоочу бөлмө» конкурсунун жобосу..........
..........24
Энелер мектеби..........
Гимназияда уюшулган «Энелер мектебинин» угуучуларынын ..........26
ой-пикирлери..........27
«Энелер мектебинин» болжолдуу программасы..........29
«Мыкты үй-бүлө» конкурсунун жобосу..........30
«Мыкты үй-бүлө» конкурсун өткөрүүнүн тартиби..........31
Үлгүлүү үй-бүлө..........35
Менин үй-бүлөм..........36
«Мыкты эне» конкурсунун жобосу..........37
«Мыкты эне» конкурсунун жүрүшү..........
№3-гимназиядагы «Мыкты эне» конкурсунун жеңүүчүсү ..........39
Казакбаева Зейнептин тажрыйбасы..........
№3-гимназиянын «Мыкты эне» конкурсунун жеңүүчүсү ..........40
Полотова Айхандын тажрыйбасы..........
Үй-бүлөдө балдар менен «Акылдуу китептерди» окуу талкуулоо ..........41
жөнүндө..........43
«Билим баалуулугу» сабагына..........44
Жусуп Баласагын «Кут алчу билим»..........45
Акылмандуулукка тарбиялоо жөнүндө..........45
«Аганы көрүп ини өсөт, Эжени көрүп сиңди өсөт»..........47
Терс сапаттардан балдарды сактоо жөнүндө..........48
Ата тарбиясы..........
Мугалим, мектеп, китеп, билим жөнүндө балдар менен үй- ..........53
бүлөдө аңгемелешүү..........
Үй-бүлөдө адабий китеп жөнүндө ангемелешүү, балдарды ..........54
китепкөйлүккө тарбиялоо..........56
Балдарыңыз сиздин келечегиңиз..........57
Ата-эне болуу бул чоң жоопкерчилик..........58
Туура тарбия..........
Балдар үчүн кымбат баалуу телефон, машина зарылбы же ..........59
мээримдүү мамиле, тарбия зарылбы?..........61
Ата-эне, тарбиячы болууга тарбиялануу..........
Балдар тарбиясындагы, мүнөзүндөгү каталыктар жана алардын ..........62
себептери..........66
Тарбия баалуулугу..........67
Тарбиялуу адам..........68
Тарбия баалуулугу таблицасына түшүндүрмө..........70
Тарбиянын жеке адам, инсанга тийгизген таасири..........7
Тарбияны бузуучу, алыстатуучу таасирлер..........

Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоонун принциптери жана методдору.....73
Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоонун кээ бирметоддору.....75
Үй-бүлөдө балдар тарбиясында амал кылуу зарыл болгон 17 эреже.....78
Мектеп, мугалим менен сиздин байланышыңыздын мааниси.....80
Таланттуу окуучулардын ата-энелери үчүн кыскача усулдук сунуш.....82
Ата-энелердин билим берүү системасындагы укуктары жана милдеттери.....84
Балдарды мектепке даярдоо.....85
Үй-бүлөдө окуучулардын сабакка даярдануусун контролдоо жөнүндө.....86
Ата-энелер гимназияда (мектепте).....87
Маданияттуу үй-бүлөнүн белгиси.....88
Окуучулардын окуу техникасынын нормасы.....90
Окуучулардын үйдө сабакка даярдануу мөөнөтү.....90
Үй-бүлөлүк китепкана түзүү жөнүндө.....91
Ата-энелер үчүн сунуш кылынган китептер.....93
Балдардын жаш курагын эске алып сунуш кылынуучу адабий китептердин тизмеси.....93
Дүйнөлүк адабияттан балдарга эң белгилүү 10 китеп.....96
Балдар үчүн чыгармалары кызыктуу болгон 10 белгилүү жазуучу.....96
Ата-энелердин үй-бүлөдө балдары менен алып баруучу тарбиялык аңгеме, сабак иш-чараларынын болжолдуу программасы.....97
№3-гимназияда 2 жана андан көп балдары жакшы билим, тарбия алып бүтүргөн ата-энелер.....102
Жаңы шарттагы жаңы тарбиялык иштердин багыттары.....106

---

ГАПЫР МАДАМИНОВ МАМАТКУЛ УУЛУ

**АТА-ЭНЕЛЕР, СИЗДЕР ҮЧҮН**

(Эксперименталдык тажрыйбалардын негизинде жазылды)

Редактору *Сайрагул Дуулатова*
Корректору *Кенженазар кызы Айнура*
Дизайнери *Д. Тимур*
Техн. редактору *Валентина Крутякова*
Компьютердик калыпка салган *Канатбек Садыков*

Басууга 07.10.2014-ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 60х90.
Көлөмү 7,0 басма табак. Заказ№77. Нускасы 1000 даана.